Тургун ЖУМА




# МУРАТ САЛИХОВ

Тургун ЖУМА

# МУРАТ САЛИХОВ

Даректүү баян



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАДАНИЯТ, МААЛЫМАТ
МИНИСТРЛИГИ
БАТКЕН ОБЛУСТУК
КИТЕПКАНАСЫ
МИНИСТЕРСТВО
КУЛЬТУРЫ,
КЫРГЫЗСКОЙ
БАТКЕНСКАЯ
БАТКЕНСКАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНН
12555

Ош – 2015

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
Ж 85

**Мурат Салихов. Даректүү баян.**
– Ош: Ошбасмакана, 2015. – 172 б.

ISBN 978-9967-446-22-5

Автордун бул китебинде 2005-жылы жарык көргөн “Эл адамы” деген даректүү баяндарын толуктап, жыйырманчы кылымдын отузунчу жылдарында Сталиндик репрессиянын курмандыгы болгон мамлекеттик жана коомдук ишмер Мурат Салиховдун жана анын бир тууган агасы, Баткенден чыккан тунгуч юристтердин бири, мамлекеттик жана коомдук ишмер Дастан Салиховдун өмүрлөрү жана ишмердүүлүктөрү жөнүндө даректүү материалдардын негизинде баяндалат.

Китеп Кыргызстандын тарыхына, анын ичинде Сталиндик репрессиянын кандай болгондугуна кызыккандарга жана жалпы эле китеп окурмандарына арналып чыгарылды.


Ж 4702300100-15

ISBN 978-9967-446-22-5

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

с Тургун Жума 2015

*Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Советинин торагасы, Кыргыз ССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагасынын милдетин аткаруучу болуп иштеп жүрүп, Сталиндик репрессиянын курмандыгы болгон Мурат Салиховдун 110 жылдыгына арналып чыгарылды.*




КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА

# Тарых бүктөмүндөгү инсан

*(Баш сөз ордуна)*

Өткөн кылымда тарыхта өзгөчө из калтырган, коммунисттик коомдук түзүлүштөгү улуу Кеңеш мамлекети жашап өттү. Ал Борбордук Азиядагы бир канча элдер менен кошо кыргыз эли үчүн да илим-билимдин, маданияттын өнүгүүсүнө кеңири шарт түзүп, алардын жашоо-тиричилигин, өнүгүүсүн жаңы нукка карай багыттады.

Коммунисттик коомдун алгылыктуу жактары менен кошо кемчиликтери да болбой койгон жок. Айрыкча Сталиндик репрессия учурунда өлкөнүн миңдеген чыгаан уулдары "эл душманы" катары бейажал курмандыкка кабылган. Алардын артында калган уул-кыздары, тууган-уруктары, жада калса санаалаштары да куугунтукка кабылып,коомчулук "эл душмандарынын" атын атоодон да жүрөк заада болуп калган.

2009-жылдын август айында Бишкекте илимий-чыгармачылык изилдөөдө жүргөн учурумда дем алыш күнү атайын Ата-Бейитке карай аттандым. Учурунда кыргыздын эң көрүнүктүү инсандарынын сөөктөрүн түн ичинде, жашыруун көмгөн эски мештин орду, андан табылып, музейге коюлган буюм-тайымдар, кийим-кечектер канчалаган бейкүнөө пенделердин тагдырына балта чапкан, канчалаган азап-тозокторго, канчалаган кыйноолорго туш кылган кандуу окуядан кабар берип, жүрөк титиретип, дале болсо ар кандай адамдын үшүн алат. Мындагы маркумдардын учурунда кан-жандарын аябай, канчалаган мээнет менен өздөрү түптөгөн мамлекеттин курмандыгына биринчилерден болуп өздөрү кабылганын көрүп, тагдырдын таш боорлугуна зээниң кейип, жүрөгүң ооруйт.

Андан кийин Саясий документтердин борбордук мамлекеттик архивинен Абдыкадыр Орозбековдун, Мурат Салиховдун өздүк делолору менен тааныштым. Кыргыз элинин мындай улуу инсандарынын өз колдору менен жазган

өздүк делолору, өмүр баяндары, ишмердүүлүктөрү жана башка маанилүү маалыматтар менен таанышуу мен үчүн чоң сыймык болду жана ал документтердин көчүрмөлөрү менин жеке архивимдеги баалуу документтерден болуп калды.

Кыргыз элинин тарыхын, анын айрым атактуу уулдарынын ишмердүүлүгүн камтыган изилдөөлөр мамлекет тарабынан атайын ишке ашырылбаса да, айрым мекенчил, жүрөгү кыргыз деп соккон атуулдар тарабынан изилденип, жарыяланып келе жатат. Алардын катарына тарых иликтөөчү, колуңуздагы эмгектин автору Тургунбай Жумаевди да кошууга болот. Ал Мурат Салиховдун өмүр таржымалын, ишмердүүлүгүн, кыргыз мамлекеттүүгүнүн калыптанышына кошкон салымдарын, ак жерден "эл душманы" аталып, курмандыкка кабылганын, анын балдарынын кийинки тагдырларын иликтөөгө алып, Ата Мекен тарыхынын актай барактарын толтурууга салым кошту.

Мурат Салиховго окшогон мекенчил атуулдардын өмүр жолу, аткарган иштери келечек муундарды мекенчилдикке, чынчылдыкка, акыйкаттыкка тарбиялоодо, алардын үлгүсүндө иш жүргүзүүдө, жеке кызыкчылыктан мамлекеттик, коомдук кызыкчылыктарды жогору коё билүүдө жана анын натыйжаларын түшүнүүдө далилдүү каражат боло алат.

Мамлекеттик жана коомдук ишмер Мурат Салиховдун өмүр жолун,саясий ишмердүүлүгүн жана Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышына кошкон салымдарын комплекстүү түрдө иликтөө жана ал материалдарды окуу китептерине, мектеп, атайын жана жогорку окуу жайларынын программаларына киргизүү бүгүнкү күндүн талабы болууга тийиш.

***Абдинаби Кадыров***
***тарых илимдеринин кандидаты, Баткен мамлекеттик университетинин доценти. КР Билим берүүсүнүн мыктысы***

## ЭЛ АДАМЫН ТАРЫХ АНЫКТАЙТ

**«Арбак ыраазы болбой,**
**эл ыраазы болбойт»**
***Эл сөзү***

# Ата Мекен кайдан башталат?

Чын эле Ата Мекен кайдан башталат? Атаданбы? Энеденби? Ата Журттун ак кайың, тулаң чөбүнөнбү, же ак кар жамынган аскар тоосунанбы, көк кашка тунук булагынанбы?

Орустардын элге кеңири белгилүү "Ата Мекен кайдан башталат?" деген ырында айтылгандай, жаштардын айрымдары чындап эле Ата Мекен деген улуу сөздүн түпкү мааниси өзүнүн ата-энесинен, бир туугандарынан, айылдаштарынан, өзү туулуп, өсүп, жашап жаткан аймактан башталаарын капарга алышпайт, ошондуктан алар чокусун ак кар, көк муз баскан, учу-кыйырына көз жетпеген тоолорду ж.б. көз алдына элестетишет. Өзүнүн ата-тегин, жакын тууганларынын, жердештеринин жөн-жайын, туулган жеринин географиялык өзгөчөлүктөрүн, тарыхый таржымалын жакыныраак туруп кызыгып үйрөнүшпөгөндүктөнбү, кадыр-кымбатын да анчалык сезишпейт. Чыңгыз Айтматовдун атасынын сөөгүн урматтап коюуга чама-чаркы келбей, акылы жетпей туруп, космостон келтирип сүйлөгөн каармандары Сабитжанчасынан өзүнүн өзөк-тамырын, пайдубалын тецсинбей, абстракттуу ой жүгүртүшөт.

Анда сөз башынан болсун. Өткөн кылымдын сексенинчи жылдарынын орто чени. Кубаттуу Советтер Союзун

башкаруу Коммунисттер партиясынын лидери М.С. Горбачевдин колуна тийип, өлкөдө, анын ичинде Кыргызстанда да бүткүл саясий, коомдук, экономикалык турмушту кайра куруу компаниясы комплекстүү жүргүзүлө баштаган учур.Өзгөчө мамлекеттин идеологиясында кайра куруу тез темп менен адымдап, коомдук аң-сезимде өткөндү кайра карап чыгып, жаңыча баа берүүгө багыт алган.

Ошол 1985-жылдын апрель айында мен Оштон партиянын Ош облустук комитетинин саясий агартуу үйүндө бир жумалык семинардан окуп келсем, райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы Абдиева Раат эже партиянын райондук комитети мени Самаркандек орто мектебине директорлукка сунуштап жаткандыгын айтып калды. Мен ал учурда райондук билим берүү бөлүмүнүн алдындагы усулканада башчы болуп иштеп жаткам. Ойлонуп калдым. Мектепке директорлукка эмес, өз адистигим боюнча катардагы эле мугалимдикке барсам туура болорлугун айттым. Неге жүрөксүндүм? Анымды Раат эжеге айттым.

-Мектеп чоң, жамаат да чоң, эже! Ошончо тажрыйбалуу Жолдош агай кыйналып араң иштеп жатканда, мен кантем? - дедим.

Көрсө, мурдагы директор Осмонов Жолдош агай эки ай мурда ден соолугунун абалы боюнча жетекчилик кызматтан бошотуп коюу жөнүндө арыз жазыптыр. Ошол кайра куруу башталган 1985-жылдын 15-апрелинде мектепке Мурат Салиховдун ысымын ыйгаруу аземи болгондугун, аземден кийин дагы ал киши арызын канааттандырып коюну өтүнгөндүгүн, анан партиянын райондук комитетинин жооптуу кызматкерлери менен бирдикте бул орунга менин барышымды туура көрүшкөндүгүн айтты эже.

-Ойлонуп көрөйүн. Бирок, менин колумдан келбей, сиздин дагы, башка жетекчилердин дагы ишеничиңиздерди актай албай калам го? – дедим. Ошентип арсар ойдо 4-5 күн жүрдүм.

Акыры тагдырдын насибеси буйруган экен, бул мектепте тогуз жыл директор болуп иштеп, педагогикалык жамаат менен бирге билим-тарбия кербенине баш-көз болууга туура келди. Менин жүрөксүнгөндүгүм бир чети мектепти башкаруунун кыйынчылыгында, мени али жок эле дегенде бир жыл завуч дагы болуп иштебей жатып, шыр эле директорлукка жөнөтүп жатышкандыгында болсо, бир чети мектепке "Мурат Салихов атындагы мектеп " деген аттын жаңыдан берилгендигинде эле. Неге дебейсизби? Мектеп эл үчүн, мамлекет үчүн катаал тарыхый шарттарда колунан келгенче ак ниет кызмат кылып, бейкүнөө жерден репрессияланып атылып кеткен, ал жөнүндө маалыматтар жетишерлик такталбаган улуу инсандын ысымын алгандан кийин, демек, окуучуларды анын өмүрүнүн, саясий, мамлекеттик жана коомдук ишмердүүлүгүнүн, инсандык таржымалынын үлгүсүндө тарбиялоону ишке ашырууга педагогикалык жамааттын, аны жетектеген адамдын алдында кандай оор да, жооптуу да иштер турат! Аны аткаруу үчүн көп эмгек, көп изденүү талап кылынары бештен белгилүү.

Иштин жүрүшү менин мындай жүрөкзаадаланганымдын туура экендигин көрсөттү. Мектепте мугалим, райондук билим берүү бөлүмүндө жооптуу адис катары иштеп жүрүп, бакыраң көз окуучуларыма улуулук жөнөкөйлүктөн баштала тургандыгын, бийиктиктин пайдубалы ылдыйда түптөлүп жаткандыгын, акыл-ойлору тунук, зирек, эр жүрөк инсандар тоодон, же тээ асмандан түшпөй эле, арабызда аралашып,

күн-түн биздин катарыбызда жашап, иштеп жүрүшкөндүгүн, а биз болсо жаныбыздагы алтынды үңүлүп карабай, алтынды таштан айырмалай албай, аны алыстан издеп жүргөнүбүздү жеткиликтүү түшүндүрө албай келгендигим мага айкын болду. Көрсө, көпчүлүк мугалимдер окутуунун мазмунун ушинтип жергиликтүү материалдар менен байланыштыра окутпай, үстүрттөн мамиле кылып жүрөт экенбиз.

Мектепте бир жылдай иштеп, уюштуруу иштери талаптагыдай жүргүзүлүп, окутуу-тарбиялоо процессин уюштурууда жана жетектөөдө туруктуулук, максатка ылайыктуулук камсыз кылынгандан кийин, педагогикалык кеңешмеде окуучуларды мамлекеттик жана коомдук ишмер Мурат Салиховдун өмүрүнүн, мамлекеттик жана коомдук ишмердүүлүгүнүн үлгүсүндө тарбиялоону ишке ашыруу үчүн педагогикалык жамаат кандай иштерди жасаш керектиги талкууланып, аткарыла турган иштердин планы белгиленди, аны аткарууга жооптуулар бекитилди.

Максат кылып коюлгандан кийин, педагогикалык жамаат менен бирге аны аткарууга кириштик. Карап көрсөк, Кыргыз Совет Энциклопедиясына чыккан Мурат Салихов жөнүндөгү макала жана бир-эки гезиттик материалдардан бөлөк анын өмүрүн, ишмердүүлүк жөндөмдүүлүгүн, адамгерчилик сапаттарын чагылдырган эч нерсе жок болуп чыкты. Аны менен тең куракта болуп, бирге ойноп, бирге окуган досу Жайнаков Ганы аксакалдын да көзү өтүп кетиптир. Ал кишинин мектепке досунун ысымы ыйгарылгандагы салтанаттуу аземге келип катышып, сүйлөгөн сөзү, эл менен бирге түшкөн сүрөтү кошо мектепте жазылып, сакталып калганы бизге баа жеткис байлыктай туюлду. Анан да Жаңы-Бак айылында жашап жаткан досу, эмгек ардагери Искендеров

Эргеш аксакалдын эскерүүлөрү аркылуу да окуучуларга, элге жасаган эмгеги билинбей көмүскөдө жүргөн асыл жердешибиз, улуу инсан жөнүндө, толук жетишсиз болсо дагы, бир топ маалыматтарды топтоп, окутуп-тарбиялоо процессинде ыгына жараша пайдаланып жүрдүк.

Биздин, мектеп жетекчилигинин жана педагогикалык жамааттын, жалпы жана түпкү максатыбыз Кыргызстан деген түптүү мекенибиз республикабыздын Түштүк-Батыш аймагындагы биз жашаган ушул Баткендин, анан ушул Самаркандектин эле өрүкзарларынан, эл жык толгон көчөлөрүнүн ойноок, шок, көкүрөгү таза бөбөктөрүнөн, өсүп келе жаткан улан-кыздарынан, талааны гүлдөткөн баба-дыйкандарынан, анан дагы мамлекеттик жана коомдук ишмер, жердешибиз Мурат Салиховдой, Мамат Айбалаевдей иш билги жетекчилеринен, Тургунбай Садыковдой, Байыш Араповдой, Саламат Садыковадай, Аппаз Жайнаковдой өнөр жана илим ишмерлеринен башта-ларын жаш жеткинчектердин аң-сезимдерине жеткирүү, аларды ушундай улук инсандардын үлгүсүндө тарбиялоону колго алуу болчу. Менимче, кыргыз кыйырынын ар бир айыл-кыштактарындагы мугалимдер жамааты да мына ушундай жолду тандап алышса керек эле. Албетте, ар бир шартта өз өзгөчөлүктөрү, өз кыйынчылыктары, өз жетишкендиктери менен деңизчи. Ошондойбу, окурманым? Анда мындан ары сөз бул көйгөйдү кантип чечкенибиз жөнүндө болсун.

# Тарыхый инсанды тарыхый доор жаратат

Алмустактан тарта адам баласы тагдырдын туш кылган жазмышына моюн сунуп, бирок кезеги келгенде көп эле менменсинип да кетпей, ток пейилдүүлүгүн, ата-бабадан келе жаткан улуу салтын бек тутуп, теңирдин бергенине ыраазы боло аалам алкагынын дөңгөлөгү менен кошо чимирилип, тарыхтагы өзүнүн турмуш сапарын улантып жашады. Байыркы түрк атадан түптөнгөн, ошол түрк урууларынын башатында турган түптүү уруу катары андан ары түптөлүп отурган эр көкүрөк элдин элдигин да, эрдигин да Манас баатыр менен Барсбек кагандай, Эр Табылды менен Курманбек баатырлардай теңдешсиз эрлери, а рухий жан дүйнөсүн Ырамандын ырчы уулундай, Токтогул ырчы менен Толубай сынчыдай өнөр ээлери данакерлеп келди. Кыйла кылымдарды карыткан кыргыз тарыхы байыркы доорлордун түпкүрүнөн суурулуп чыгып, жүрө отуруп ушул күнгө жетти.

Эгемендүүлүктүн желеги желбиреп, өз алдынча түтүн булатып бөлүнүп, тең укуктуулукка, көз карандысыздыкка ээ болгондон берки жылдардын ичинде кыргыз чындыгы тарыхтан өз ордун таап, бизге кайтарылып отурат. Улуу тарых менен кошо кыргыздын кыргыздыгын далилдей турган канчалаган тарыхый инсандардын аты менен кошо өз элинин бакыт-таалайы үчүн жасаган иш-аракеттери мезгилдер бою унутта калып, же атайылап эле аты да, заты да айтылбай, руханий караандары калың элден чүмбөттөлүп жашырылып келгендигин эч ким тана албайт.

Эгемендүүлүктүн, ачык-айкындыктын мезгили келди дагы, карт тарыхтын баа жеткис барактарынын бүктөмүндө жашырылып жаткан тарыхый инсандардын өмүр жана эрдик

таржымалдары кайтарылып, элге жарыяланганы жалпы кыргыз журтчулугун кубантпай койбойт эле да. Улуу тарыхтын бықшыган караңгы түтүнүнөн көңүлү кайт болуп жарыкка умтулуп, тоталитардык бийликтин тымызын, бирок чексиз зомбулугунан, чексиз ченеп-тыюуларынан кээде жашырып, кээде нараазылыгынын чекесин чыгара коюп жашап келе жаткан кыргыз, мындай дил эркиндиги үчүн кубанбай койбойт эле да.

Ушундай коогалуу да, санжыралуу да кыргыз мейкиндигинин жети өңүрүнүн бир өңүрү болгон Баткен аймагы – байыркы бабалар байырлаган жер. Кадимден кылым карыткан кыргыз тарыхында бул жердин касиеттүү жер экендигине, байыртан бери мекендеген турагы болуп келгендигине айрым өзүн сыйлаган, анан элин да өзүнөн өйдө көрүп сыйлаган билеселүү инсандар гана тан берип, көңүл бурбаса, кыргыз тарыхында бул аймак али ачыла элек алтындай, казыла элек сымаптай болуп, көшөгөнүн артындагы көрүнө элек руханий байлыктай сезилип, туюла берет мага.

Жер каймак алып, жандуу табият өз бийлигине жеткенден тарта адам баласы жер жүзүнүн эң эле акылдуу да, эң эле баам-парасаттуу да макулугу болгон. Адам баласына түркүн-түстөгү жана түркүн тилде божурап дүйнө таанымын билдирген өз перзенттерине мына ушул бирибиз тоголок, бирибиз сүйрү деген Жер баш паанек болуп, жакшылыгын да, жамандыгын да, жалганын да, чындыгын да көтөрүп келе жатат.

Мына ушул улуу Планетанын Кыргызстан деген өңүрүнүн Баткен деген бир чекити бар экендиги, ал чекиттин дагы өзүнүн тарых санжырасы, элди эл кылган, жерди жер кылган уул-кыздары болгондугу, өзүнүн келечекке карай айкын

жолун издеп жаткан азыркыдай учурларында өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болуп, бүткүл жумурай журт менен насиптеш да, тагдырлаш да катары өз билимин, күчүн, дил кайрыгын кошуп жаткан азаматтардын дагы эле катарда экендиги турмуш чындыгы.

Кечээги эле Кыргызстан көз карандысыздыкка жеткенден кийинки жылдары болгон бир окуя эске түшөт. Жер-жерлерде, жергиликтүү кеңештерге шайлоолор болуп, айыл-кыштактарда бир аз эле башын көтөрүп, өзүнчө тыңсынган жигиттер менен кыздар айылдык деңгээлде депутат болуп калышпадыбы. Өзү ишенген тууган-туушкандарынын, дос-жарларынын колдоосуна ишенген менден улуу-кичүү бир топ айылдаштарым дагы айылдык кеңештин депутаттыгы үчүн ат салышууга бел байлашты. Албетте, чакан гана эки миңден ашык эл жашаган биздин айылда дагы элдин көпчүлүгүнүн добушун алуу үчүн болгон күрөш катуу эле жүргөнсүдү. Акыры шайлоо да болуп, шайлоонун эртеси да болду. Күндү күн дебей, түндү түн дебей өз талапкерлери үчүн көбүрөөк добуш жыйноого аракеттенип, эшиктердин турумун жайына койбогон күйөрман жүгүртөктөрдүн жүгүргөндөрүнүн жыйынтыгы чыгып, чарбада бир аз жыл бригадир, эсепчи, чарба башчысы болуп иштеп келген, тууган-уруктары айылда басымдуулук кылган менден кичүүрөөк бир айылдашым дагы депутат болуп калбадыбы. Анан бир күн жолдон жолугуп калбаймынбы баягы жигитке. Жаңы костюм-шымдан кийип, `бакай калпакты көзгө түшүрө баскан, көзүндөгү кара көз айнегин улам алып, улам кайра тагып турган абалында аны депутаттыгы менен куттуктап калдым:

- Ассалому алейкум! Бу депутаттык кут болсун, ука. Жеңишиң менен! – дедим аны колунан кыса.

- Рахмат, аба! Бу эл бар экен, журт бар экен. Анан бизди колдой турган сиздей абаларым бар экен, жеңдик да. Ушинтип эл колдоп, эл адамы болуп калдык, - дейт кубанычын жашыра албай, маңдайынан ылдый мончоктогон терин аарчып.

Аныкы да туура деңизчи? Бирок, негедир анын бул сөзү, бул бүтүмү мени ынандырбады. Негедир ыңгайсыз боло түштүм. Айыл аймагынын деңгээлиндеги 2-3 жылдык депутаттык үчүн мынчалык эле сүйүнбөсө болот эле, мынчалык эле манчыркабаса болот эле дедим ичимден. Эл адамы болуунун чылбыры оо канчалык узун экендигин, андай бийик абалды көрсөтө турган аска зоо али канчалык алыста, тээ бийиктикте экендигин айтып, кубанычы ташкындап турган иниме жаман көрүнгүм келген жок. Ошол өз жеңишине манчыркап турган абалында менин чын дилден айткандарымды туура кабыл алмак эмес, кала берсе, ой жүгүртүп, туура кабыл алууга инсандык кудурети жетпесе да керек эле деп ойлойм.

Кудуретиңден айланайын куттуу элдин ушунчалык кең пейилдүүлүгүнө, "Эл – мазар" деген макалдын түпкүлүктүү мааниси канчалык терең экендигине, жакшыны да, жаманды да, назары улууну да, баамы пасты да арасына батырып жүргөн берешендигине дагы бир жолу ынандым да, өз жумушумдун артынан мектепти көздөй кете бердим. Жолдо баратып баягы депутат болуп шайланып калган жигиттин көтөрүңкү сөзү мени бушайманга салды. Мунун өзү биз, ата-энелер, мугалимдер, коомчулук, жалпы журт өзүбүздүн кемчилигибизди сезбей же кош көңүл болуп, балага тайыз тарбия берип жаткандыгыбыздын натыйжасы экендиги менин кыжалаттыгымды ого бетер күчөттү. Мектепте окуучуларга мамлекеттик стандарттын деңгээлинде билим бере-

биз деп, алды-артыбызды карабай өзүбүз максат кылган, жетебиз деп үмүт кылган туу чокуну карай умтулуп кете берип, оңду-солду эки жагыбызга аңдаштырып назар салбай, “адамды адам кылып” тарбиялоону унутуп бараткаңыбызды ойлодум.

Канчалык айтып дегенибиз менен, бул талаш маселе кылымдарды карытып улам такталганы менен , дагы эле талаш бойдон чечилбей келе жатат. Себеби түшүнүктүү. Жашоо өзү түбөлүктүү, ал эми Адам баласы ата-теги, акыл-эси, баам-парасаты, көз карашы боюнча ар түрдүү болгондуктан, бул маселеге карата ой-түшүнүгү да ар түрдүү экендигине өзүмдү-өзүм ынанттым.

Улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматов менен казак драматургу Калтай Мухамеджановдун “Фудзиямадагы кадыр түн” драмасынын каарманы Сабырдын “Канткенде адам уулу адам болот?” деген ыры эсиме кылт этти. Мурда нечен жолу кайра-кайра окуган болсоңуз да, дагы бир жолу окуп чыгыңыз эле. Ырдын биз айтып жаткан маселе менен куп байланышып турганын өзүңүз айттырбай эле баамдайсыз.

*Эзелтен чечилбеген улуу талаш –*
*Канткенде адам уулу адам болот?*
*Ураалап жоо кууса да ушул талаш –*
*Канткенде адам уулу адам болот?*
*Ажалга көз жумса да ушул талаш-*
*Канткенде адам уулу адам болот?*

*Душманга жан соогалап качкан да,*
*Душманды кырып жыга басканда да,*
*Түбөлүк чечилбеген ушул талаш –*
*Канткенде адам уулу адам болот?*

*Адамзат качан чечет, качан коёт –*

*Канткенде адам уулу адам болот?* Бул ыр саптарында катылган ойдун маани-маңызына айрым, балким, көпчүлүк окуучуларыбыздын баам-парасаты али толук жетпей, мектепти чолок ой, чолок кыял менен бүтүп кетип жатышкандыктарына зээним кейиди. Анан мектепке жетип, окуу сабактарынын жадыбалы боюнча сабагыма кирип эле окуучуларыма, менден бүгүн бул сөздү күтүп турушпаган болсо да, саламдашуудан кийин айтканым бул болду:

- Балдар! Жер шары, өзүңөр билгендей, сүйрү формада. Ушул Жер шарында жашаган алты миллиарддан ашык адамдардын көптүгүнөн Жер өз огунда айланып турат. Жаман ниеттегилер көп болгондо, Жер өз огунан качан эле чыгып кетип, адам баласы жана бүткүл жандуу табият, балким, качан эле тыптыйпыл жок болуп кетмек. Ушуну эсиңерге тутуп жүргүлө, - дедим.

Ошол жакшы адамдардын катарын биздин мектеп ысымын алып жүргөн Мурат Салихов да толуктап тургандыгын, биз муну менен сыймыктанышыбыз керектигин, мындай адамдардын биздин айылдарда дагы көп экендигин, алар эрте-кеч биз менен аралашып эле жүрүшкөндүгүн айттым. Окуучуларым бир аз эле убакыт мурдараак депутат инимдин эл адамы болгондугу жөнүндө мага мактанып айткан сөздөрүн угушпаган, биздин бул аңгемелешүүбүзгө катышышпаган болсо да:

- Ар бир тарыхый доордун өзүнүн тарыхый инсандары болот. Алар биздей жана силердей эле жөнөкөй элдин катарынан чыгат. Мына ушундай инсандарды эл адамы деп айтабыз, - дедим сөзүмдү бышыктап. Айтып алып өзүмдү бир топ жеңил сезип калдым.

Андан бери жыйырма жылдан ашык убакыт өттү. Менин төккөн дил сырымды уккан ошол окуучуларым качан эле мектепти бүтүп, белгилүү акын Омор Султанов айтмакчы, кыздары "зор турмуштун мыйзамына баш ийип, келин болуп кетишти" ар бири бир үйдүн чырагы болуп, энелик дагы, жубайлык дагы ыйык милдеттерин аткарып, коомдук иштерге да аралаша коюп жүрүшөт. А уул балдар "өз колунан өз оозуна аш тийип" турмуштун туткасын бекем кармап, өз иштери менен алек. Эл аралап, элге кызматы менен жагып жүргөндөрү да арбын. А эл адамына аныктама бере турган турмуш чындыгынын таразасы кыйшайбай эле элге түз кызмат кылып келе жаткандай.

Сөздү тээ кылым түпкүрү тарыхтан баштаганым эми түшүнүктүү болгондур. Биз сөз кылып жаткан эл адамы Мурат Салихов өз замандаштарынан, өз тең курларынан айырмаланып, Кыргызстандагы алгачкылардан болуп чыккан коомдук жана мамлекеттик ишмерлердин бири экендиги, анан да, эгер арабызда тирүү жүргөндө, быйыл жүз он жашка толо тургандыгы мени калем кармап, сиз менен асиреттешүүгө түрттү, кадырман окурманым.


Мурат Салихов деген ким болгон? Каерде туулуп, өсүп чоңойгон? Кайсы коомдук, мамлекеттик кызматтарды аткарган? Бир тууган агасы Дастан Салиховдун элге кылган кызматы канчалык болгон? Эл адамы деген атка татыктуу бул инсандардын эл арасындагы кадыр-баркынын деңгээли канчалык? Неге бул кош жылдыз бир жарк деп күйүп, тез эле жалп эте өчүп калды, бири аябай эрте, бири кийинчерээк? Кантип Сталиндик репрессиянын азабынан бири эртелеп, көз жумуп кетти? Анын капшабынан агасы кандай азаптарды башынан өткөрдү? Мындан аркы сөзүбүз мына ушул суроолордун тегерегинде болмокчу.



12555

# Мурат Салихов ким болгон?

Эсил кайран СССРдин тушунда отузунчу жылдары күч алып, жайылтылган Сталиндик репрессия өзүнүн тегирменине оп эте тартып, колунда иши, башында акыл-парасаты, адамгерчилик дагы, жетекчилик дагы күч-кубаты, оозунда уюткулуу сөзү бар нечендеген кадрларды майкандаган. Аларга "эл душмандары", "саткындар", "тыңчылар" ж.б. дагы жалган жалааларга кабылып, өмүр менен өлүмдүн кыйчалышып турган шартында жан кечтилик менен иштөөгө туура келген. Алардын катарында Кыргызстандын климаттык шарты оор, суусу аз жерди жердеп калышкандыгына карабай келечеги, элдердин коопсуздугу үчүн кабагым-кашым дебей, көкүрөгүн бек тосуп, маңдай терин төгүп, таш үстүнө гүл өстүрүп жашап келаткан Баткен журтунун кулуну Мурат Салихов да бар экендиги тарыхый чындык!



Мурат Салихов – Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Советинин төрагасы

Баткен жергесинен чыккан улуу инсан, мамлекеттик жана коомдук ишмер, талантту уюштуруучу, быйылкы жылы 110 жылдыгын жалпы эл менен кошо белгилөөгө татыктуу бул адам жөнүндө билгенимче маалымдап коюну адамгерчилик парзым деп эсептедим. Анан бул улуу инсандын ысымын алып жүргөн мектепте мындан 25-30 жыл мурда жетекчи болуп иштеп жүргөндө атайын Мурат Салиховдун музейин түзүү үчүн жыйнаган материалдарды,

анын бала кезде бирге өскөн жакын достору, жогоруда сөз болгон азыр ыраматылык болуп кетишкен Искендеров Эргеш, Жайнаков Ганы аксакалдар менен жана дагы Самаркандек айылынын ардактуу аксакалдары Бабаев Пакыр, Икрамов молдо Абдыкадыр аксакалдар менен болгон маектешүүлөрдү, кызы, жаткан жери жаннатта болгур Атыргүл эже менен жолугушкандагы алган маалыматтарды, эженин Алма-Ата шаарынан 2004-жылы басылып чыккан “Буюккан жылдыз” (“Разоренное гнездо сокола”) деген эскерүү китебин окугандан кийинки таасирлеримди, кыргыз энциклопедиясында жана күндөлүк басма сөздүн беттеринде ал киши жөнүндө жазылгандарды эстеп, издеп таап, кайра карап чыгууга туура келди. Кийинки жылдары Сталиндик репрессиянын тарыхын изилдеген бир топ илимий эмгектер жарыяланыптыр. Алар менен тааныштым.

Колдо бар маалыматтарга караганда, биздин жердешибиз, аты тарыхта жазылып кала турган инсандардын бири Мурат Салихов Кыргыз Республикасынын тарыхында Иманалы Айдарбеков, Абдыкадыр Орозбеков, Жусуп Абдрахманов, Баялы Исакеевдерден кийин бешинчи болуп Кыргыз Өкмөтүнүн башчылыгына дайындалып, андан кийин Абдыкадыр Орозбековдон, Султан Шамурзинден кийин үчүнчү болуп Кыргыз ССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагасынын милдетин аткарып иштеп жүрүп, репрессиянын айынан шейит өлүмгө дуушар болот.

Жетекчилик таланты толук ачылбай кеткен Мурат Салиховдун кыскача өмүр баяны төмөнкүдөй.

Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын пайдубалын түптөөчүлөрдүн жана анын башындагы алгачкы жетекчилердин бири Мурат Салихов, өзүнүн өмүр баянында жазгандай, 1905-жылы Кыргыз АССРинин Ош кантонунун

Баткен-Бужум волостунун аймагындагы Кара-Тоо кыштагында төрөлгөн.

Мурат Салиховдун туулган айылы жөнүндө эки башка маалымат жазылып жүрөт. Кыргыз Совет Энциклопедиясында (Фрунзе, 1980-жыл, V том») Баткен районундагы Рават айылында туулган деп берилген. Ал эми 1928-жылы 5-январда арип терүүчү машинкада орус тилинде жазылган өмүр баянында туулган жери катары Кыргыз АССРинин Ош кантонундагы Баткен-Бужум волостунун Кара-Тоо кыштагы көрсөтүлгөн. 1937-жылдын 1-августунда өз колу менен толтурулган кадрларды эсепке алуунун өздүк баракчасында "төрөлгөн жери" деген графага "Кыргыз ССРинин Баткен районундагы Рават селосу" деп жазган. 1937-жылы Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Советинин төрагасы болуп дайындалгандан кийин "Советская Киргизия" гезитине сүрөтү кошо берилген биографиялык маалыматта дагы туулган жери Рават деп белгиленип турат.

Бир тууган агасы Салихов Дастандын кызы Мамлакат эже болсо, " Атам биз Мурат экөөбүз тең Кара-Тоодогу Көк-Дөбө деген жерде туулганбыз деп айткан," –деп эскерет. Биздин оюбузча, Мурат Салиховдун туулган жерин так жазууга 1925-1927-жылдардагы Орто Азиядагы административдик-территориялык реформа өз таасирин тийгизип, балким, Кара-Тоо Тажикстанга өтүп кеткенден кийин, туулгандыгы тууралуу маалыматта Баткен районунун Рават кыштагында туулгандыгы атайылып өзгөртүлүп жазылып калгандыр. Бул жагы бизге белгисиз бойдон калууда.

"Менин ата-энем дыйкан, айыл чарба жумушунда иштеген, кээде Кара-Тоо кыштагына жакын САНТО нефть өндүрүшүндө кара жумуш да аткарган. Атамда сугат жери болгон эмес, болгону 15-20 майда малы болгон. 1914-жылы

мени таштап коюп, Андижан тарапка мардикерликке кетип, анда бир байдын коюн багып, 1916-жылга чейин иштеген. Өз жерине кайтып келгенден кийин атам өлүп, мен тоголок жетим калдым. 1919-жылы мектепте окуй баштап, ошол эле мезгилде нефть өндүрүшүндө иштей баштадым. Нефть өндүрүштүк бирикмеси мени Кокон шаарындагы балдар үйүнө жөнөттү, аны 1921-жылы бүтүп, педагогикалык техникумга кирдим", - деп жазат Мурат Салихов өз өмүр баянында.

Ал 1923-жылы ошол Кокондогу педагогикалык техникумду бүтүрөт жана ВЛКСМдын Фергана обкому аркылуу Ташкенттеги коммунисттик агартуу институтуна окууга жиберилет. 1925-жылы, институтту ийгиликтүү аяктагандан кийин, ал Ош округдук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы катары ишин баштайт. Ошол жылдары Кыргыз автономиялуу облусунда араб алфавитинен латын алфавитине өтүү жараяны жүрүп жаткандыгына байланыштуу ага калктын арасында реформаланган араб алфавитинде туташ сабатсыздыкты жоюп окутууну жетектөөгө туура келет.

Өмүр баянында Мурат Салихов мындай деп жазат: «Иштөөгө болгон ынтызарлыгымды көрсөтүү үчүн төмөнкүлөрдү атамакчымын. Мен советтик, элдик агартуу жана партагитпропаганда багытында иштейм. Азыркы учурда менин кесибим мугалим».

1927-жылы партиянын Ош округдук комитетинде үгүт бөлүмүн башкарат. Андан соң Өзгөн райондук аткаруу комитетине төрага болуп которулат, ал эми 1930-31-жылдары Кыргызстан К(б)П Кызыл-Кыя райондук комитетинде катчы, ошол эле мезгилде Кыргызстан АССРинин агартуу министирлигинде парткомдун катчысынын орун басары болуп иштеп, партиялык-советтик ишмердиктин мектебинен

өтөт.1931-жылы М.Салихов Ташкенттеги марксизм-ленинизм иниститутуна окууга жөнөтүлөт. Окуусун аяктагап, саясий билимин жогорулатып келгенден кийин, 1933-жылы Ысык-Көл облусундагы №54-жылкы заводунун саясий бөлүмүн башкарууга жөнөтүлөт.

1934-жылы Кыргыз партиялык уюмунан ВКП(б)нын XVII сьездине делегат болуп шайланат. Бул М.Салихов үчүн ошол убактагы эң маанилүү окуя болуп калат. Бул съезддин натыйжасы өтө кайгылуу аяктайт, сьездге барган бардык катышуучулар 1937-жылы кандуу куюнга кабылышат.

1935-жылдан 1937-жылга чейин ал партиянын Түп райондук комитетинин катчысы болуп иштеп, буга чейин бир гана чарбанын партиялык уюмуна жетекчилик кылып келсе, эми бүтүндөй райондун партиялык уюмун башкарып, саясий такшалуудан өтөт.

1936-жылдын жазы абдан суук болуп, улам-улам үшүк жүргөндүгүнө байланыштуу, күздүк эгиндин бир бөлүгү үшүп кетет. М.Салихов Кыргыз АССРинин Эл Комиссарлар Советине мындай мазмундагы кат жолдойт: «Аба ырайынын шартына жараша түшүмдүн бир бөлүгү үшүп кетти. Түп районунун жашоочулары үчүн буудайдын мамлекеттик планын кайрадан азайтууңуздарды өтүнөм». Өтүнүч канааттандырылат. Бирок, кийин репрессиялангандыгы суракта ВКП(б)нын Түп райондук комитетинин катчысы болуп иштеп жүргөндө, 1936-жылкы мамлекеттик дан даярдоо планын бузгандыгын эске алып, М.Салиховдун иш-аракети «диверсиялык-бузукулук» деп айыпталат. Айып кийинчерээк, репрессия күчөй баштаганда коюлат дебедикпи. Азырынча М.Салиховдун жаңы милдеттери көбөйө баштайт. Анын адамгерчилиги, партияга берилгендиги ошол учурдагы Кыргызстандын жетекчилигине байкалбай койбойт. Ал

гана эмес, 1937-жылы январдын башында, партиянын обкомунан БКнын редакциясына «Кыргыз партиялык уюмунун тарыхы» аттуу жыйнак үчүн өзүнүн эскермелерин жана сүрөттөрүн алып келүүсүн өтүнгөн официалдуу кат алат. Жыйнактын редакциясында Белоцкий, Жээнбаев, Б.Исакеев, Стамблер, Лайт, Касымов жана Курановдор бар эле.

Бирок жыйнак жарыкка чыкпайт, анын себеби белгисиз бойдон калып, бир жылдан соң бардык редакция курамы репрессияланат.

Кыргызстан К(б)П БК айыл чарба бөлүмүнүн башчысы кызматына аны жөнөтүүнүн алдында берилген мүнөздөмөдө: "Жол. Салихов 1933-жылдан бери жалаң партиялык кызматта иштеп келе жатат, партиялык-теориялык даярдыгы жетишерлик, туруктуу, уюштургуч сапаттарга ээ. Саясий бөлүмдүн башчысы жана райкомдун катчысы кызматтарында өзүн уюштуруучу, мыкты жетекчи катары көрсөтө алды. Партиялык иштерди билет, Кыргыз партуюмдарынын арасында кадыр-баркка ээ.

Кыргызстан К(б)Пнын I сьездинде БКнын мүчөсү жана Кыргызстан К(б)П БКнын бюро мүчөсү болуп шайланган. Кыргызстандын айыл чарбасын анын түштүгүндө жана түндүгүндө иштөө менен абдан жакшы билет. Кыргызстан К(б)П БК айыл чарба бөлүмүнүн башчысы кызматын сөзсүз аткарып кете алат", – деп, ага Кыргызстан К(б)П БКнын катчысы Джиенбаев кол койгон.

1937-жылдын ортосунда республиканын жогорку звеносундагы партиялык, советтик кызматкерлерди жапырт камакка алуу башталат. 1937-жылы 5-сентябрда Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Советинин председатели Б.Исакеев камакка алынат, 8-сентябрда, үч күндөн кийин

БАКтын Президиуму М.Салиховду Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Советинин төрагалыгына дайындайт.

М.Салихов республикабыздын бардык социалдык-экономикалык, маданий сфераларын терең түшүнүү менен иштей баштайт. Анын көзөмөлдөөсү астында кубаттуулугу 40-50 квт. болгон колхоздук 30 электростанциянын объектилери курулат. «Ленжолдолбоордон» келген топ иштеп чыккан Фрунзе-Рыбачье темир жолунун техникалык долбоорун ишке ашырууда анын сиңирген эмгеги зор. Ошондой эле борбор шаардын жашоочулары үчүн үйлөрдүн, музыкалык-балет окуу жайынын жана жатаканасынын, универмагдын, мончонун курулушу башталат.

Борбордук көчөлөр жана тротуарлар курулат, автопаркка эки автобус алынып келинет, басмакана менен пионерлер үйүнүн долбоорлору даярдалат. Саламаттыкты сактоо жагына да олуттуу көңүл бурулуп, СССРдин Саламаттыкты сактоо комисссариатына жиберилген Мурат Салиховдун ишенимдүү катынан кийин Кыргызстанга 25 квалификациялуу врачтар жиберилет. Педагогикалык институтка жана тил институтуна да квалификациялуу мугалимдер келишмек.

1937-жылдын 12-декабрында СССР Жогорку Советине биринчи шайлоо болот. М.Салихов Ош шайлоо округунан өзүнүн талапкерлигин коёт. Митингде ал өзүнүн шайлоочуларынын алдында мындай деп сүйлөйт: «Мен шайлоочулардын мага көргөзгөн ишеничине ыраазычылыгымды билдирем жана өз ишимде ишенічиңиздерди актаймын. Биздин мамлекет таанылгыс болуп өзгөрдү. Кубаттуу индустрия өсүп чыкты. Миңдеген колхоз, совхоз, МТСтер түзүлдү. Кыргыз эли революция аркылуу кайра жаралды. Кыргыздар арасында да врач, инженер, учкуч, мугалим,

агрономдор аз эмес. Бул жеңиштер менен биз Сталинге милдеттүүбүз».

1937-жылы 12-декабрда СССР Жогорку Советине биринчи тарыхый шайлоолордо Союздар Советине Кыргыз ССРи боюнча Фрунзе шаардык окгругунан И.П. Лоцманов, Фрунзе айыл округу боюнча Ф.А. Стрельникова, Ош округу боюнча М. Салихов, Жалал-Абад округу боюнча Т. Кулатов, Тянь-Шань округу боюнча М.Л. Лебедевдер депутат болуп шайланышат. Союздар Советинин жана Улуттар Советинин 1938-жылдын 17-январындагы биргелешкен заседаниесинде СССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы болуп М.И.Калинин шайланат. Анын орун басарлары болуп он бир республиканын Борбордук Аткаруу Комитеттеринин төрагалары да шайланышы керек эле. Кыргыз Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагасы Б.Исакеев «саясий айып» менен камалгандыгына байланыштуу, анын ордуна СССР Жогорку Советинин депутаты М.Салиховдун орун басар болуп шайланышы бир жагынан күтүлбөстүк болсо, бир жагынан мыйзам ченемдүүдөй сезилет.

СССР Жогорку Советине депутат болгондугуна жана СССР Жогорку Советинин төрагасынын орун басарлыгына шайлангандыгына байланыштуу 1938-жылы 26-февралда Кыргызстан К(б)П БК бюросунун саясий чечимине ылайык Мурат Салихов Эл Комиссарлар Советинин төрагасы милдетинен бошотулуп, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин төрагасынын милдетин аткара баштайт.

Мурат Салихов Жогорку Кеңештин мурдагы төрагалары болуп иштешкен Орозбеков Абдыкадыр (1927-1937), Шамурзин Султанкулдан кийин үчүнчү болуп 1938-жылдын февралынан май айына чейин совет доорундагы кыргыз парламентинде төрагалык милдетти аткарат.

1938-жылы 15-апрелде Салихов күтүүсүздөн Москвага чакырылат. 12-майда аны Социал-туран партиясына байланышы бар деп айыптап, камакка алышат. «Тройканын» жабык түрдөгү соттук кеңешмеси 1938-жылдын 5-ноябрында болуп өтөт. Сот мындай өкүм чыгарат: М.Салихов 1930-жылдан баштап улутчул, көтөрүшчүл, террордук, диверсиондук-бүлүндүрүүчү уюмдун активдүү катышуучусу. Кыргыз ССРинин территориясында иш жүргүзгөн Социал-туран партиясынын алдына койгон максаты – Совет бийлигин кулатып, Кыргызстанды СССРдин курамынан куралдуу күчтөр аркылуу зордоп бөлүп кетүү болуп эсептелет. Салихов чек арага жакын райондордо көтөрүшчүл топторду түзгөн жана бир нече жоопкерчиликтүү кызматтарда туруп, элдик чарба жана эл агартуу жаатында бир топ зыяндуу иштерди жүргүзгөн. Кылмыш иши үчүн М.Салиховду күнөөлүү деп таап (РСФСР КК 58.2, 58.4, 58.11, ст.) СССР Жогорку Сотунун Аскердик коллегиясы РСФСРдин КПКсынын 319,370-беренелерин жетекчиликке алуу менен мындай деп чечим чыгарат:

"М.Салиховду өз мүлкүн конфискациялоо менен, жазалоонун эң жогорку чеги – атууга кетсин.

СССРдин БАКынын 1937-жылдын 1-декабрындагы токтомунун негизинде, бул чечим токтоосуз түрдө ишке ашырылсын.

Төрагалык кылуучу: Алексеев. "

Үч күндөн кийин 1938-жылдын 8-ноябрында М.Салиховду, Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Советинин мурдагы төрагасы Б.Исакеевди жана республиканын эл агартуу комиссары К.Камбаровду КГБнын караңгы жер төлөсүндө атып өлтүрүшөт.

Алардын сөөгү коммунистик партиянын 137 ишенимдүү уулдары менен кошо Чоң-Таштагы кыш заводунун ээн капталына көмүлөт.

Мурат Салиховдун өздүк делосун изилдеп олтуруп, «өзгөчө жашыруун», «жарыя кылууга болбойт» деген грифтер менен Ички иштер эл комиссариатынын Баткен райондук бөлүмүнүн начальниги, мамлекеттик коопсуздуктун кенже лейтенанты Дехкановдун Кыргызстан К(б)П Баткен райкомунун катчысы С.Чибутовдун жеке өзүнө жолдогон 1937-жылдын 11-ноябрындагы №722 билдирүүсү менен тааныштык. Анда: Салихов Мураттын өздүк фамилиясы, аты – Масалыхов Мардан экендиги, анын туугандары Отбазаров Сыдык, Сыдыков Тажибай, Сыдыков Сатар, Сыдыков Мансур бай-манаптардын өкүлдөрү, туугандары Худаяров Молдо Жоро, Молдо Гапур молдо-имамдар, эзүүчү байлар, кайын атасы Молдо Нурмат мурдагы волостук башкарууда 20 жыл миң башы болгон, Ажар мурдагы волос башчысынын кызы экендигин билип туруп, ага үйлөнгөн. Салихов Мурат 1926-27-жж. Ош округдук аткаруу комитетинин төрагасы болуп туруп, социалдык жат элементтер менен тыгыз байланышта болгон, атап айтканда: 1927-жылы Ош шаарындагы техникумга мурдагы казы, эзүүчү бай, уруунун аксакалы Сыдыков Мансурдун уулун жана анын аялынын бир тууганы кулактын уулу Абдулланы орноштурган. Ал 1926-жылы жергиликтүү улутчул, кийин соттолуп, эркинен 10 жылга ажыратылган Рахматов Гапарды волостук аткаруу комитетинин төрагалыгына дайындаган. Баткен райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, жергиликтүү буржуазиялык улутчул Сыдыков Самат менен тыгыз байланышта болгондугу жөнүндө сизге билдиребиз - деп, эки барак билдирүү жөнөткөн.

Бул дооматтардын канчалык маанилүү экендигин ар бир окурман өзү баалап алар, бирок ошол кездеги кандуу саясаттын өңүтүнөн алып караганда, балким, аны "мыйзамдуу" кылып жазалап, атууга өкүм кылуу үчүн «өтө маанилүү» болгондур.

Ушул билдирүүгө удаа эле Кыргызстан К(б)П БКга, Борбордук Комитеттин бюросунун тапшыруусу боюнча жеринде, т.а. Баткен районунда текшерилип, даярдалган докладдык билдирүүнү 1937-жылдын 22-ноябрында Николаев жөнөткөн. Билдирүү үч барактан туруп, негизинен төмөнкүлөр баяндалган:

Салиховдун фамилиясынын, атынын өзгөртүлүшү эч кандай социалдык тегин жаап-жашырууга же кылмыштуулукка жатпайт. Салихов 10-12 жашында Кокон шаарындагы интернатта окуп жүргөн мезгилде андагы мугалимдин демилгеси менен Мухаммед-Салихов же Масалихов деген эки аталышты кыскартып Салихов деп, а Мардан деген атты Мурат деп ташкан. М.Салиховдун социалдык тегин аныктоо боюнча текшерүүчү партиянын Баткен райкомунун биринчи катчысы С.Чибутовдун, үчүнчү катчынын жана партиянын 5 мүчөсүнүн катышуусунда Рават айылдык кеңешинин Карл Маркс атындагы колхозунун колхозчулары менен сурамжылоо жүргүзүшүп, анда төмөнкүлөрдү аныкташкан: Салиховдун атасы Отбазаров Масалы кедей болгон. Ал өзүнүн бир тууган агасы, ошол кездеги казы (судья) Отбазаров Сыдыктын колунда 10 жылга жакын иштеген. Колхозчулардын айтуусу боюнча, айрымдары ал агасынын жигити – сот аткаруучу болгон дешсе, айрымдары агасынын чарбалык ар кандай иштерин аткарып жүргөн дешет. Салиховдун аталары 4 бир тууган болгон: 1.Мамантaлы. 2.Сыдык (казы). 3.Масалы. 4.Садык. Алар Сыдык казыдан

башкасы орто-кедей болушкан, алардын эч кимиси тап катары кулакка тартылган эмес, колхоздо иштешет. Атасы Салихов Масалы 1914-1915-жж. мурдагы Андижан уездинин Туды-Чинабад айылында бир байдын колунда жалчы болуп иштеп жүрүп өлгөн. Мурат Салиховдун энеси 1910-1911-жж. өлгөн. Атасы Туды-Чинабадка жалданып кеткенде М.Салихов атасынын бир тууганы Садыктыкында калган. Садык да көп балалуу болгондуктан, Муратты Шерматов деген байга иштөөгө берген. Мурат Салиховдун бир тууган агасы Салихов Дастан да Андижан шаарында бир врачка жалданып иштеген, кийин нефть өндүрүшүндө 1924-жылга чейин иштеген. Акыркы учурда Тажик ССРинин юстиция эл комиссары болуп иштеп жатат.

М.Салиховдун атасы менен бир тууган Сыдык казынын балдары, чындыгында, кулак катары репрессияланган, бирок Салихов алар менен эч кандай байланышта болгон эмес. Салиховдун кайын атасы волостун башчысы да, молдо да болгон эмес, кедей-дыйкан болуп жүрүп 1917-жылы өлгөн. Анда Салиховдун аялы Ажар жашы жете элек өспүрүм болгон. Колхозчулардын айтуусу боюнча, Ажардын чоң атасы Меккеге барып, ажы наамын алган.

Билдирүүдө Салихов Ош шаарындагы техникумга 1927-жылы Сыдык казынын уулу Мансурду орноштурган деп жазылган, бирок, Салихов бул техникумда бир нече ай болгон Мансурга техникумду калтырып кетүү сунушун айткан.

Салиховдун буржуазиялык улутчул, Баткен райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары Сыдыков Самат менен кат алышып байланышып турат дегени эч кандай далилденбейт. Анткени, ал мезгилде Салихов Түп районунда иштеп турган. Салихов Сыдыковду мурдагы

мугалим, күчтүү кызматкер катары гана билген. Анын кызматка келүүсү боюнча эч кандай таасири болбогон жана аны буржуазиялык улутчул катары билген эмес.

1926-жылы Рахматов Гапардын волаткомдун төрагалыгына шайлануусу Салиховдун демилгеси менен болбогон, анткени ал ошол кезде партиянын мүчөсү жана таасирдүү кызматкер болгон эмес.

**Жыйынтык:**

Салихов боюнча түшкөн каралоочу материалдар далилденбейт.

Бул материалдар боюнча БКнын бюросунун чечими Баткен РКга билдирилсин.

БКнын бюросунун тапшыруусу боюнча материалдарды текшерген (Николаев) 22/XI-1937-жыл.

Бул эки билдирүүдөгү ак-кара, эки түрдүү мүнөздө берилген материалдарды ар бир окурман өзү талдап, өзү таразалап алар. Бирок, кандай болгон учурда да, ата-бабасы бай, бардар болуп жашаган болсо, ал үчүн балдары, неберелери, тууган-уруктары азап тартып, окууга, иштөөгө болгон укуктарынан ажырап, аларды куугунтуктоого эмне себеп болгон деген суроо баш катырбай койбойт, же бул "бөрк ал десе, баш алган" жасакерлердин кылганыбы? Андай десең, бул шордуу азаптан миңдеген жарандар жыйырма жыл бою жабыркашты го. "Бай-манаптын, кулактын тукуму", же "эл душманынын баласы" деген жарлыктан канча байкуштар коркуп жүрүп, канча жерден качып, канча жерге барып да кутула алышбады. Бай-манап болуп, кулак болуп, же эл душманы болуп кылмыш иш кылганбы десең, аларга мамлекеттик ички иштер органдарынын койгон доосу жогорудагыдай гана имиш-имиштер. Экинчиден, Ички иштер эл комиссариатынын билдирүү-

сүндөгү дооматтарды Кыргызстан К(б)П Борбордук Комитетинин бюросу жеринде текшерип, далилденбейт деп билдирсе да, дагы кандай күнөөсү үчүн жазалоонун эң жогорку чегинин курмандыгы болду? Үчүнчүдөн, мамлекеттик бийликтин башынан ашып түшкөн төмөнкү бийликтин кесепети бизге эмне берди? Анын кесепетинен Кыргыз ССРи боюнча 40 миң адам репрессияга дуушар болгон, кийинки учурда бул маалыматты эки эсе көп деп айтып жүрүшөт. Болгондо да жалаң мыкты жетекчилердин, чыгаан инсандардын, кыргыз элинин башчыларынын адилет иштеринен пайдалана албай, өлкө бир нече жылга куру калды. Бул жалпы кыргыз элинин башына түшкөн оор трагедия болчу.

Чоң-Таштагы "Ата-Бейит" мемориалдык комплексине барган адамга анда курман болгондорго тургузулган эстелик чексиз кыйноолордон, азап-тозоктордон кабар берип турса, андан ары музейге кирсең, алардын буюм-теримдери, кийим-кечектери, сүрөттөр ж.б. материалдардан 1937-38-жылдардагы кандуу репрессиянын каардуу ызгаары согуп, жүрөктү титиретип турат. Мындан Мурат Салиховго арнап кызы Атыргүл Салихова тарабынан жазылган "Буюккан жылдыз" аттуу китебин ж.б. ага тиешелүү материалдарды көрүүгө болот. Эң кейиштүүсү - алардын сөөктөрү жашырылган кирпич бышыруучу мештин ордун көргөндө, биринчиден, адамзаттын ушунчалык таш боордугуна кейийсин. Экинчиден, бул инсандар аз гана жашаган өмүрүнүн акырында ак эмгектери караланып, тергөө учурунда жумалап, айлап, караңгы жер төлөлөрдө адам эмес айбан чыдагыс канчалык кыйноолорду баштарынан өткөргөндүгү аз келгенсип, алардын өлүү денелерине да жер астынан кененирээк орун беришпептир го деп зээниң кейийт.

Тирүүлүктө адам менен адамдын пикир келишпей карама-каршы болуусу боло жүргөн адат дейли, ал эми өлгөндөн кийин аны менен каршылашуу шариатта да, мыйзамда да жок эмеспи? Жок дегенде алар өлтүрүлгөндөн кийин да сөөктөрүн туугандарына берип койгондо, алардын сөөктөрүн аруулап жууп, ак кепиндеп көмүп, өлүү-тирүүсүн билбей канчалаган жылдар азап чегип, күтүп жүрүшкөндөн көрө бир аз болсо да көңүлдөрү бир жаңсыл болбойт беле?

Чоң-Ташта көмүлгөндөрдүн сөөктөрү бир топ мезгил өтсө да табылып, алардын кимдигин аныктап, кепиндеп, жаназа окуп, аруулап көмүп, ал жерди аргасыз шейит кеткен аталардын арбагына билдирилген ызааг катары ыйык сезип, Ата-Бейит деп атап, алардын арбактарынын алдындагы пенделик парзыбыздан кутулдук. Ал эми бул каардуу капсалаңга кабылган 40 миңден ашуун (мындан эки эсе көп деп жүрүшөт) маркумдардын көпчүлүгүнүн сөөктөрүнүнүн кай жерге жашырылганы алиге дейре дайынсыз.

Тарых изилдөөчү Ж.Байдилдеев өзүнүн "Кыргызстандагы саясий куугунтуктоолор. (1937-1938)" деген эмгегинде белгилегендей, "НКВД тарабынан атылган адамдардын сөөктөрү Бишкек шаарынын эски көрүстөндөрүнө, карьерлерге, андарга таштатылды. Ал жерлер түздөтүлүп, имараттар салынып, изи билинбей калды. Бүгүнкү күндө өлтүргөн жерлердин айрымдары белгилүү: Чоң-Таштагы Ата-Бейит, Аларча көрүстөнү, Бишкектен жыйырма чакырым алыстыктагы Басбөлтөктөгү дөбөлөр, Аламүдүн сайындагы жарлар, Ош базарынын орду, "Ысык-Көл" кинотеатры турган аймак, Кузнечный крепость, Ош шаарындагы Ак-Буура суусунун жээктери, Ысык-Көлдүн түштүгүндөгү Шор-Булак, Бар-Булак, Даркан, Ак-Терек, Тоңдун чаптары, Каракол ата көрүстөнү, Нарын дарыясынын бойлору..."

Алардын өлүү-тирүүлөрүн биле алышпай канчалаган ата-энелери, жубайлары, балдар-кыздары, тууган-уруктары бул дүйнөдөн арман менен көз жумушту.

Бул кандуу репрессиянын каардуу кесепети көпчүлүк совет элдериндей эле кыргыз элинин башына да оор жоготуу алып келди. Анткени, кыргыздын ошол кездеги жетекчиликтеги аттуу-баштуулары, алдыңкы интеллигенция өкүлдөрү, интеллектуалдык деңгээли жогору, ак эмгеги менен адал иштеген, кыргыз элин, кыргыз мамлекетин алдыга жетелей турган инсандар ошолор эмес беле? Аларды жок кылганы аз келгенсип, алардын балдарын, тууган-уруктарын, жоро-жолдошторун, санаалаштарын да "эл душманынын" куйругу дешип канчалаган жылдар куугунтукка алышты. Жада калса аларды бир канча жарандык укуктарынан да ажыратышып, иштөөгө, окууга, эл катары жашоого да жол коюшпады. Муну менен кыргыз эли өзүнүн акылэстүү, идиректүү уул-кыздарынан мамлекет үчүн, эл үчүн пайда көрбөй, бир нече ондогон жылдарга саясатта, экономикада, илимде, маданиятта алдыга жыла албай кыйналды.

Мына ушул каардуу замандын капсалаңынан Салихов Мураттын бир тууган агасы Салихов Дастан да кур калган эмес. Ал, жогоруда белгиленгендей, Тажикстанда юстиция эл комиссары болуп туруп, белгисиз себептен эле кызматтан бошотулган, ага да Салихов Мураттын бир тууганы деген саясий айып тагылган.

Кантсе да мындай каардуу замандын ызгаары кетип, жыйырма жыл өтүп-өтпөй жатып жылуулуктун шапатасы сокту. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин 1957-жылдын 10-октябрындагы №56/4 токтому менен Салихов Мурат – Кыргызстан КП БКнын мүчөсү, 1905-жылы туулган, 1927-жылдан бери КПССтин мүчөсү парт-

билет № 1349067 партиялуулугу (өлгөндөн кийин) кайра калыбына келтирилген. Бул токтомго Кыргызстан КП БКнын катчысы И.Раззаков кол койгон.

Мурат Салиховдун өздүк делосундагы №30 формадагы СССР Жогорку Сотунун Аскердик коллегиясынын 1956-жылдын 19-декабрындагы № 4н-022200/56

**Справкасынан көчүрмө**

*"Салихов Мураттын күнөөсү боюнча иши СССР Жогорку Сотунун Аскердик коллегиясында 1956-жылдын 17-ноябрында кайра каралды.*

*Аскер Коллегиясынын М.Салиховго тиешелүү 1938-жылдын 5-ноябрындагы өкүмү жаңыдан пайда болгон жагдайга байланыштуу күчүн жоготту жана кылмыштуулук жок болгондуктан иш токтотулду.*

*Салихов Мурат өлгөндөн кийин акталды.*

*СССР Жогорку Сотунун Аскердик коллегиясынын соттук курамына төрагалык кылуучу, юстициянын генерал-майору Степанов."*

Мурат Салихов Баткен районунан чыккан кеңеш доорундагы алгачкы республикалык жетекчилердин бири болгон, ал социализмди куруу ишине баш оту менен берилип иштеген. Өзүнүн жаштыгына, ошол кездеги турмуштук кыйынчылыктарга жана мезгилдин опурталдуулугуна карабастан, ал Ошто, же Ысык-Көлдө же Чүйдө, же башка жакта болобу, ар кандай кызматтарды абийирдүүлүк менен аткарган. Ал өзүнүн чечкиндүүлүгү жана иш билермандыгы менен көп маселелерди аткарууга үлгүргөн. Анын натыйжасында республиканын аймагында, борбор калаада бир канча стратегиялык маанидеги курулуштар, долбоорлор ишке ашкан. Айыл чарбасы, өнөр жайы менен бирге социал-

дык тармакка, билим берүүгө, саламаттыкты сактоого, маданият тармагына олуттуу көңүл бурган.

Мурат Салихов 32 жашында Кыргыз Республикасындагы эң жогорку кызматтарга - Эл Комиссарлар Советинин төрагасы, Жогорку Кеңештин төрагасы болуп дайындалган. Бирок, ал бул кызматтарда аз убакыт иштегенине карабастан, өлкөнүн өнүгүүсүнө көп салым кошкон.

А.Орозбеков, М.Салихов, Т.Айтматов, Ю.Абдрахманов Б.Исакеев ж.б. сыяктуу ошол кездеги республикалык мааниdеги чыгаан жетекчилер кандуу репрессиянын курмандыгына кабылбаганда, өлкөбүздүн өнүгүшү башкача нукта болуп, бир топ алдыга чыкмак. Мындай иш билги, акылман жетекчилердин өзүн гана курмандыкка чалышпастан, ошол кездеги кандуу саясат алардын идеяларына, бала-чакаларына, туугандарына, жада калса бирге иштешкендерине, тааныштарына чейин терс таасир эткен.

Качан гана "кандуу саясаттын" режими кулап, тарыхый чындык өз ордуна келип, алардын баары акталгандан кийин гана алардын эмгектерин изилдөө, баалоо, баарын өз ордуна коюу жараяны башталбадыбы. Бирок, төгүлгөн нерсе кайра толбогондой, сынган буюм кайра ордуна келип бүтөлбөгөндөй, алардын көргөн кордуктарын, жашабай калган өмүрлөрүн, эч нерсе менен толтурууга жана эмгектерин өз деңгээлинде баалоого кыйын болоорун, болгондо да аябай аянычтуу болоорун бүгүнкү тарых далилдөөдө.

Кыргыз элинде "Алма сабагынан алыс түшпөйт", "Аккан арыктан суу агат," – деген философиялык мааниси терең макалдар бар. Бул макалдардын маанисин Мурат Салиховдун ата тегин териштирүү менен дагы бир жолу аңдаштырып, элдин мындай акылман сөзү кылымдарды карыткан элдик тажрыйбадан келип чыккандыгын жана

калың элге сиңип жашап жаткандыгын баамдаса болот. Көрсө, биздин каарманыбыз Мурат Салиховдун ата теги ичкиликтердин аваат уруусунун бир бутагы болгон токмоктордон келип чыккан. Санжырачы С.Саттаровдун “Аваат тарыхы, санжырасы жана ичкилик кыргыздар” деген китебинде (Ош, 2012-жыл) белгилегендей, алар токмок уругунун Жээнбай тобуна тиешелүү болушуп, алардын бири Садык байлык менен күн кечирип, казы деген наамды алып жүргөндүктөн, ата теги балдарынын жана небере-чеберелеринин келечек турмушунда өздөрүнүн генетикалык мурасын жана таалим-тарбия таасирин калтырышкан болуу керек. Бул улуу табияттын эч кимге баш ийбеген өз мыйзамы деңизчи. Токмок уругунун билерманы Ашырдын чоң уулу Жээнбайдын Бабаназар деген баласынан Кошок төрөлгөн. Кошоктун Отбасар деген уулунун Маматали, Мамасалы, Сыдык жана Садык казы деген төрт балдары болуп, алардын экинчиси Мамасалыга жараткан Дастан жана Мардан (Мурат) деген эки уул берген. Отбасардын төрт уулунун ичинен эң эле байы, уруулук топтун аксакалы Садык болуп, ал өжөрлүгү, билермандыгы жана акылмандыгы менен казылык даражага жеткен. Биздин каарманыбыз Мураттын атасы Мамасалы (кийин совет доорунда белгилүү себептер менен Салих деп аталып кетип, балдары Салихов деген фамилияга ээ болушкан) өзүнүн бир тууган агасы Садык казынын үй-ичинде иштеп, ар кандай күнүмдүк чарбачылык иштерди аткарып күн көргөндүгүн айтып,. Мурат Салиховдун кызы Атиргүл Салихова ата теги жөнүндө эскерип төмөнкүдөй баяндайт:

“Чоң атам Мамасалы Садыктан кетип, өз нанын бөлөк жерден табууга аргасыз болот, ал эми алардын минтип ажырашуусунун себебин мен биле алган жокмун. Өз

учурунда ал дагы Меккеге барып, казы деген наамга ээ болгон. Ал жергиликтүү кадыр-барктуу Амангазы молдонун кызы Калбүбүгө үйлөнөт. 1911-жылы Калбүбү көз жумат. Ал эми 1915-жылы Дастан жана Мурат аттуу эки уулун томолой жетим калтырып Мамасалы да каза болот. Өзүнүн кичүү инисинин көз жумганын билсе дагы, Садык казы жетимдерге жардам бербейт. Ал 1929-жылы жарык дүйнө менен кош айтышат.

Революциядан кийин жакырланган бир туугандар Мамантаалы (Маматали болсо керек -автор) менен Садык колхозго дыйкан болуп киришет." (А.Салихова. "Буюккан жылдыз" Алма-Ата. 2004-жыл. 59-бет.)

Бала кездеги досторунун бири Искендеров Эргеш аксакалдын бизге берген маалыматтарына таянсак, Мурат өзүнө тең кур достору Эргеш, Ганы жана башкалар менен САНТОдо, Кара-Тоодо ар кимдин ишин кылып, тамактан көзү өтүп жүрүшкөн мезгилде аларды нефть өндүрүү ишканасынын сунушу боюнча 1919-жылы Кокондогу балдар үйүнө алып барышат. Балдарды балдар үйүнө жеткирүү ишкана кызматкери Мамадалиев Гапырга жүктөлөт. Ал балдарды балдар үйүнө тапшырып келгенден кийин, ишкана жетекчилеринин көрсөтмөсү боюнча алардын ал-акыбалдарынан кабар алып, тамак-аш азык-түлүктөрүн жеткирип турат. Ал жерде 1921-жылга чейин окушат, Мурат Салиховду достору менен бирге ошол шаардагы педагогикалык техникумга жөнөтүшөт. Достору Ганы менен Эргеш ж.б. балдар оор турмуштун айынан окууну уланта албай калышып, Кара-Тоого кайтышат.

Самаркандекте жашаган Икрамов Молдо Абдыкадыр аксакалдын бир топ жыл мурда Мураттын өз аты Мардан болгондугу жөнүндө айтканы кулагымда калыптыр. Бирок

анын өз аты не себептен өзгөрүп, Мурат болуп калганын ал киши да толук билбейт экен. Мен да көпкө чейин билбей, бул сырдын түбүнө жетпей жүрдүм. Сыр түйүнү мага Атыргүл эженин эскерүү китеби колума тийгенде гана белгилүү болду. Анда мындай жазылган:

"1919-жылы өндүрүштүн, маданияттын жана Орто Азиядагы искусствонун дүркүрөп өсүшү менен башка элдердин биргелешкен жардамы аркылуу жумушчу классы түзүлүп, өнүгө баштайт, ошондой эле элдик интеллегенция өсүп чыгат. Союздук республикаларга Россиядан доктурлар, мугалимдер, инженердик-техникалык кызматкерлер жана жумушчулар жибериле баштайт.

Мурат окуган интернатта да Россиядан келген мугалимдер бар болчу. Албетте, жаңы көз караштагы адамдар менен жолугушуу Салиховдун тарбиясына таасирин тийгизип, анын инсан катары калыптанышына шарт түздү. Ал комсомолго өтөт. Дал ушул интернаттын мугалимдеринин бири Мураттын фамилиясында эки сөздү кайталоонун зарылдыгы деле жок деп кыскартуунун жана өз курбуларынын алдында шылдыңдан арылтуунун максатында Марданды (Мардан – тажикче аялдын чокою) байкеси Садыктын макулдугу менен өзгөртүп, ага Мурат деген ат коет. Бул учурда Мурат болгону 14 жашта болчу." ("Буюккан жылдыз" Алма-Ата. 204-жыл. 64-бет.)

Бул кызы Атыргүл эженин божомолу. А Мурат Салиховдун агасы Дастан Салиховдун кызы Мамлакат эже болсо бул божомолго макул болбой, атасы Дастан аксакалдын айтып бергенин эстеп мындай дейт:

- Биздин атабыздын аты Мамасалы, - дечү атам, – Марданды 1919-жылы Кокондогу балдар үйүнө алып кетишкен. Ал жерде окуп, тарбия көрүп, көзү ачылды. Өзү

да жаңы орногон Совет бийлигине ыраазы болуп, келечекте элине чын дилинен кызмат кылам деген максат-мурат менен атын аң-сезимдүү түрдө өз ыктыяры менен өзгөртүп Мурат деп жаздырыптыр. А балдар үйүндө ал кезде көбүнчө татар мугалимдер иштеген. Ошондуктан, алардын бири үкамдин тарбиячысы болсо керек, фамилиясын Мамасалыев деп жазбай, татар тилине ыңгайлаштырып кыскартып Салихов деп жазган. Ошентип, Масалиев Мардан Салихов Мурат болуп калган. Кийин экөөбүздүн фамилиябыз бирдей болсун деп, мен да фамилиямды Салихов деп жаздырып алдым.

Мага Мамлакат эженин маалыматы ынанымдуураак сезилип турат. Себеби, чындыгында "Салих" деп негизинен татар тилинде айтылат. А Мардан деген ат мурдатан эле ичкилик кыргыздардын арасында кезигет. Анын үстүнө Кокондогу балдар үйүндө негизинен кыргыз, өзбек улутундагы балдар окуп, тажик балдар жок же аз болгондуктан, Мардандын өз аты үчүн уялуусуна негиз жок болсо керек эле. Себеби, "Мардан" деген сөзү "аялдын чокою" дегенди эмес, эркек дегенди билдирет.

Мураттын жана анын тең курбалдаштарынын балалык күндөрү өтө кыйын болгондугун сезип турсак дагы, кандай болгондугун так айта албайбыз. А бирок, ал күндөрдү эскерип, азыр раматылык болуп кеткен Искендеров Эргеш аксакалдын айтып бергени азыр да менин эсимде. Анда ал киши Мурат досунун мектептеги эстелигинин ачылыш аземине келген эле, жаңылбасам, 83 жашта болчу. Досу Мурат Салихов, ал өзү жашаган учурдун өзгөчөлүгү жөнүндө айтып берүүсүн өтүнгөнүбүздө, башынан турмуштун көптөгөн ачуу-таттуусун өткөргөн карыя жаштыгын көз алдына элестетип, үнү каргылданып калганына карабай сүйлөп берген. Жазып калбаганыма азыр аттиң айтып өкүнөм.

1987-жылы “Кызыл туу” гезитине журналист М.Юлдашевдин “Өрт кечкен өмүр” деген макаласы жарыяланган экен. Анда Эргеш аксакалдын өзүнүн балалык кезин эскерген сөзү жарыяланган. Ошондуктан бул макаладан үзүндү келтиргеним дурус болчудай:

“Мен Муратты, анын агасы Дастанды, алгачкы мугалимдер Тагаев Жапарды жана Жайнаков Ганыны, Эрматов Бакирди жакшы билем. Анткени, алар оттуу курактарын элге, адамдардын азаттыгына арнаганы күнү бүгүнкүдөй көз алдымда.

1919-жыл. Тажик ССРине караштуу САНТО (азыркы “КИМ”) поселогунда кедей-кембагалдар үчүн мектеп-интернат ачылган. Ошол мектептен алгачкылардан болуп Дастан, Мардан (Мурат) Салиховдор Тагаев Жапар, Ганы, Бакир, Асан, Үсөн, Азим дегендер болуп 12 кыргыз балдары билим алганбыз. Он экибиздин ичинен орус тилине шыктуусу да, зээндүүсү да Мурат эле. Ал музыка менен адабиятты да жанындай сүйчү. Муратка суктанып таң калчубуз.

Эсимде. Окууну жакшы өздөштүргөн балдарды тандап, Кокон шаарындагы педтехникумга жөнөткөндөрдүн ичинде Мурат экөөбүз дагы бар элек. Техникум ошол шаардагы коoздугу менен суктандырган, бийик имаратта жайгашкан эле. Окуу жайы Кокон хандыгындагы мунаранын жанында болчу. Ошол окуу жайында Мурат менен бир жарым жылга жакын бир жатып, бир туруп, тапкан токочту бир бөлүп жеп жүрдүк. Кийин ооруп, окууну уланта албай калдым. Шартка байланыштуу менин турмушум шахта менен байланышып кетти. Шураб шаарында шахтада иштеп жүрүп, жан бактым. Мураттын өз аты Мардан болчу. Ал кичинесинен эле элдин эркиндиги, теңдиги, караңгылыгы жөнүндө кейип-кепчип айтып, окусам деп көп эңсечү. Илим-билимдүү болуп, элдин

мүдөөсүн орундатсам, элге кызмат кылсам деген максат-мураты бар эле. Караңгы элди ойготсом дегенде, ак эткенден так этчү. Ал күнү-түнү тынбай иштеп, түрдүү китептерди көп окуду. Орус тилин терең үйрөндү. Кээде толкунданып ыр да жазчу. Кезегинде Мурат "Эркин тоо", азыркы "Советтик Кыргызстан" гезитине актуалдуу материалдарды жазып, кабарчы атка конгон.

Анын алгачкы макаласы "Жаңы мектеп" – деген ат менен "Эркин тоо" гезитине жарыяланган. Ал чакан макаласында Исфара шаарындагы жаңы ачылган кыргыз мектеби жөнүндө баяндап сөз кылган."

Досу эскергендей, Мурат Салихов дагы да терецирээк билим алып, жогорку окуу жайларынын биринен окууну эңсеген. Тилек максаты ишке ашып, педагогикалык техникумду аяктагандан кийин, 1923-жылы илим-билимге ынтызарлыгы ашкан Мурат комсомолдун Фергана облустук уюмунун сунушу боюнча өзүнүн бирге окуган достору менен Ташкент шаарына баргандыгын, андагы Кыргыз Агартуу институтуна кирип, аны 1925-жылы ийгиликтүү аяктагандыгын, жаштыгына, тажрыйбасыздыгына карабастан, ага коомдук зарылчылыктан улам 20 жашында Ош округдук билим берүү бөлүмүн башкаруу милдети жүктөлгөндүгүн жогоруда белгиледик. Ал жоопту милдетти аткарууга тартынбай киришет.

Эми Мурат Салиховго, жогорку окуу жайын жаңы эле бүтүп келген жаш жигитке, тоолуу аймакта жайгашкан Кыргыз автономиялуу облусунун бүтүндөй жарымынын билим берүү тармагын жетектөө тапшырылып жаткан учурда, аймактын жергиликтүү калкынын тарыхый шарты, социалдык-экономикалык абалы, административдик баш ийүү жагдайы кандай эле? Ошол жөнүндөгү маалыматтарга көңүл буралы.

Азыркы учурда материалдык жана маданий байлыгы иликтенип жана артып, жери гүлдөп, гүлзарга айланып, ар тараптан өсүп-өнүгүп бараткан Баткен аймагы совет бийлиги жеңип, кыргыздар жашаган аймак баштап РСФСРдин, андан кийин кубаттуу державага айланган СССРдин курамына киргенге чейин, көп жылдар бою Кокон хандыгынын курамында болуп, аймактын белгилүү инсандары Нарбото бий, Алим хан, Полот хан, Алымкул аталык ж.б. Кокон мамлекетин башкарууга активдүү катышышкан.

XX кылымдын жыйырманчы жылдарынын башында жана орто ченинде Кыргызстандын аймагында бийлик үчүн күрөш күчөп, граждандык согуш жүрүп, бул күрөштө элдин атынан жетекчиликти жергиликтүү ыңкылапчыл комитеттер жүргүзгөн. Тарыхый маалыматтарга таянсак, 1920-жылы Ош уездинде эле 15 волостук, 63 айылдык ыңкылапчыл комитеттери, 17 кедей-кембагал комитеттери таптык күрөштүн башында болушкан. Граждандык согуштун аякташы менен бүткүл өлкөдөгүдөй эле Түштүк Кыргызстандын эли дагы күрөшүшүп,эскинин калдыктарын жоюуга жана эл чарбасын жаңыдан кайра түзүп, калыптандырууга киришишкен.

1917-жылдын 6-7-декабрында Советтердин Фергана облустук VI сүезди болуп, анын чечимдерине ылайык Баткен аймагы кирген Түштүк Кыргызстандын жер-жерлеринде да совет бийлиги орноп, ишке кирише баштаган. 1918-жылы 30-апрелде Түштүк Кыргызстан дагы курамына кирген Түркстан АССРинин түзүлгөндүгүн жарыялаган Советтердин V съезди Бүткүл Орто Азияда совет бийлигинин орногондугун саясий жактан бекемдеген. Ходжент уездинин Исфана участкасынын айыл-кыштактарында, совет бийлигин куруу үчүн күрөш күчөп, 1917-жылы ноябрда Сүлүктүдө совет бийлиги орногон. РСФСРдин курамына

кирген Кара- Кыргыз Автономиялуу областы 1924-жылы октябрда түзүлүп, 1925-жылы Кыргыз Автономиялуу областы болуп кайра уюштурулган. Кыргыздар жашаган аймак Пишпек, Каракол, Нарын, Ош, Жалал-Абад округдарына бөлүнгөн. Азыркы Баткен районунун аймагы болсо Авачт-Кыпчак-Нойгут волосту деп аталып, Ош округуна караган.

1926-жылы 1-февралда Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик республикасы болуп кайра түзүлөт. Республиканын аймагы территориялык-административдик өзгөчөлүктөрү эске алынуу менен кантондорго, кеңештерге бөлүнөт. Ош кантонунун өзү эле 12 волосттон турган. Анын курамындагы Баткен аймагы Баткен-Бужун волосту деп аталган.

1918-жылы 30-майда Ошто билим берүү боюнча совет түзүлүп, бул тагаал тармакты уюштуруу иши колго алынган. Ошол жылы Ош уездинде болгону 939 окуучу окуган 13 гана мектеп болгон экен. Август айында 95 бөбөктү тарбиялоого киришкен алгачкы балдар бакчасы ачылыптыр. Түркстанда 1920-жылы уюштурулган кесиптик билим берүү комитети тарабынан кыска мөөнөттүү 4 жумалык жана 8 айлык курстарда жергиликтүү жаштар кесиптик окууга тартылган. 1923-жылы Кызыл-Кыяда ачылган ФЗОдон жергиликтүү элдин өкүлдөрү дагы кесиптик даярдыкка ээ болушкан.

Мурат Салиховго мына ушундай тарыхый, социалдык-экономикалык жактан кыйын шартта Ош округдук билим берүү башкармасына жетекчи болуу шыбагасы насип кылыптыр. Ал жетекчиликке киришкенде Түштүк Кыргызстандагы билим берүү тармагынын абалы да тарыхый учурдун шартына жараша оор болгон тура. Бирок, ошончолук кыйынчылыктарга, али коомдук жана прак-

тикалык тажрыйбанын жетишсиздигине карабай, бир топ уюштуруучулук иштер жүргүзүлүп жаткан болчу.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарында Баткен айыл аймагынын айыл-кыштактарында элге билим берүүнүн, сабатсыздыкты жоюунун абалы кандай болгондугу дагы окурмандардын кызыгуусун туудурбай койбосо керек. Биздин колубузда бул багытта так маалыматтар, чындыкты таамай далилдеген документтер жок. Бирок, калк арасындагы зирек аксакалдардан жазылып алынганга караганда, бул аймактагы кыргыздардын балдары үчүн алгачкы мектеп 1922-жылы Исфара шаарына жакын жердеги Матпари кыштагынын түштүк-батыш тарабында, азыркы гидрометаллургиялык заводдун аймагында ачылган. Бул мектепте Исфаранын айланасындагы кыргыздар жашаган айыл-кыштактардан жана Баткенден дагы балдар барып окушкан. Анда Баткенден 24 бала сабатсыздыгын жоюп, араб арибин өздөштүргөндүгү, алардын бири баткендик Кызыл топу Айтпай Имар уулу экендиги жөнүндө тарыхый маалымат бар. Ал эми 1923-жылы Баткендин Каңсык деген айылынын Сай-Бою маалесиндеги мечитте алгачкы мектеп ачылып, ага жардыжалчылардын балдары окууга тартылган. Алгачкы мугалимдердин бири ушул Айтпай болгон. Айтпай мектепти уюштуруп гана тим болбой, саясий иштерге да активдүү катышкан. Анын 1924-жылдын 16-мартында Канибадам аткаруу комитетине өзү окуган окуучулардын суроо-талаптарын канааттаандыруу максатында кат жазгандыгын жазуучупублицист Мурзапар Үсөн “Мекенге арзуу” (Баткен, 1977-жыл.) аттуу публицистикалык китебинде далилдеп жазган.

Тоолуу түштүк аймагынын шартында сабатсыздыкты жоюу мектептерин уюштуруу, балдарды окууга тартуу, жаңыдан ачылган мектептерди окуу китептери менен

камсыз кылуу, элдин жалпы социалдык деңгээлин көтөрүү жаш жетекчиге жеңил-желпи эле аткарыла турган иштерден болбосо керек. Көздөгөн максатынан кайтпаган, тоскоолдуктарды жеңе билүүгө аракет кылган Мурат Салихов бул кызматта 2 жылдай иштейт. Анын саясий курч күрөштүн катаал шарттарында билим берүү тармагын өркүндөтүү боюнча уюштуруучулук иштери өз натыйжасын бербей койгон эмес. Натыйжада, 1927-жылы Ош облусунун аймагында жалпы билим берүүчү мектептердин саны 142ге жеткен.Бул мектептерде 8 426 окуучу окуп сабатсыздыгын жоюшкан, көбүнчө башталгыч билимге ээ болушкан. Мектептерде 233 энтузиаст мугалимдер эмгектенишип, кедей-кембагалдардын балдарынын билимге болгон суусунун кандырып, көздөрүн ачышкан.

Иш билги, кыраакы, саясий жактан тың жетекчи катары ал 1927-жылы партиянын Ош округдук комитетинин агитация жана пропаганда бөлүмүнүн башчылыгына дайындалат. Учурдун талабы ошондой болгондуктан, бир жерден экинчи жерге тез-тез которулуп отуруп, Өзгөн райондук аткаруу комитетинин төрагасы, Ош округдук аткаруу комитетинин төрагасы, партиянын Кызыл-Кыя шаардык комитетинин катчысы болуп иштеп, көптү көрөт, көптү өздөштүрөт. Кайсы жерде, кайсы кызматта болбосун, кыска мезгил ичинде болсо дагы мезгилдин “кан тамырын кармап, сезе билгендиги” эл менен бирге болуп, элди жаңы турмушка, эл чарбасын, жалпы эле экономиканы кайра курууга үндөп, туташ сабатсыздыктан, караңгычылыкта басынып жүрүүчүлүктөн арылуу үчүн бардык күчтү жана мүмкүнчүлүктөдү пайдаланууга багыттагандыгы аны такшалат, айлана-чөйрөгө, коомдук өзгөрүүлөргө карата көз карашын, турмуштук позициясын бекемдейт.

Тарыхый кырдаалдын оор мезгилиндеги уюштуруучулук жөндөмү бааланып, ал 1931-жылдын февраль айынан ВКП (б)нын Кыргыз областтык билим берүү комиссариатында комиссардын орун басары, партиялык уюмдун катчысы да болуп иштейт. Болгону 26 жаштагы Мурат Салиховго билим берүү комиссариатындагы жамаатташтары менен бирге Бүткүл Кыргызстандын агартуу маданиятынын башында туруп, элдин билимин көтөрүү үчүн күрөштү жетектөөгө туура келет. Бирок, бул кызматта ал 6 ай гана иштейт.

Мындай таланттуу кадрлар кыргыз элинин келечеги үчүн аба менен суудай зарыл эле. Ошондуктан, аларды дагы да такшалтуу, саясий-уюштуруучулук жөндөмдүүлүктөрүн дагы да арттыруу, билимдерин дагы да тереңдетүү, анан элдин турмушунун келечекте гүлдөп өнүгүшү үчүн максаттуу пайдалануу керек эле. Саясий зиректиги, уюштуруу ишине жөндөмдүүлүгү артып бараткан Мурат Салиховду ушул максаттагы иштиктүү аракеттердин натыйжасында 1931-жылы Ташкенттеги марксизм-ленинизм институтуна окууга жиберишсе керек. Ал жерде бир тууган агасы Дастан менен бир шаарда окуп калат. Агасы СССРдин Борбордук Аткаруу Комитетинин алдындагы В.И.Ленин атындагы Борбордук Коммунисттик Университетинде (САКУда) окуп жүргөн. Окууну бүтүшкөндөн кийин агасы юрист адистигин алып, бир аз мезгил САКУда мугалим болуп иштеп жүрүп, кийин Лейлекте жумушчу-дыйкан инспекциясында партиялык коллегиянын катчысы милдетин аткарат. Жогорку партиялык уюмдун тапшырмасы боюнча Тажикстанга жиберилет да, Жерге-Тал райондук аткаруу комитетинин төрагасы болуп дайындалат. Андан кийин партиянын Жерге-Тал райондук комитетинин биринчи катчысы болуп иштеп жүрүп, тез эле Тажикстан КП Борбордук комите-

тинин бөлүм башчылыгына которулат, андан Тажик ССРинин юстиция министри болуп жооптуу ишке дайындалат.

Бирок, ал 1938-жылы Мурат Салихов "эл душманы" катары айыпталгандан кийин, юстиция министри болуп иштеп жаткан учурда иштеген ишинен четтетилет да, көп жылдар бою Тажикстандын Шураб шаарындагы шахта башкармасында кесиптик бирлик уюмунун төрагасы, андан кийин юрист-консультант болуп жүрүп пенсияга чыгат. Кыргызстандын Баткен районундагы Самаркандек кыштагында жашап жүрүп дүйнөдөн өттү. Ал инсан жөнүндө ушул эмгектин кийинки барактарында өзүнчө сөз кылууну туура таптык.

Марксизм-ленинизм институтун бүтүргөндөн кийин 1933-жылы Мурат Салихов партиянын жолдомосу менен Ысык-Көл районундагы №54 жылкы заводуна саясий бөлүмдүн начальниктигине, андан кийин партиянын Түп райондук комитетинин катчылыгына жөнөтүлгөндө да иштермандыгын, саясий зиректигин, элге жакындыгын көрсөтөт. Шартка, элдин турмушуна карап, иш жүргүзөт, элге таянып, элди алга сүрөйт. Иш орду боюнча улам алга жылып олтуруп, 1937-жылы партиянын Ош райондук комитетинин катчысы, Кыргызстан КП (б) нын Борбодук Комитинин айыл чарба бөлүмүнүн башчысы болуп да иштейт. Бул учурда анын саясий көз карашы калыптанып, өзү жетекчи катары бышып калган эле.

Мурат Салиховго окшогон күч-кубатына келип, жашы жетилип, тажрыйбасы толукталып, жалаң элдин, Ата Мекендин келечегин ойлогон жаштар экономиканы, элдин социалдык деңгээлин көтөрүү үчүн бүт күч-кубатын, энергиясын, билим-маданиятын жумшап иштеп жатышканда,

бүткүл советтик өлкөдө жүрүп жаткан "эл душмандарынын" бетин ачуу, жок кылуу компаниясы күч алат. Жаңыдан бутуна туруп келе жаткан Кыргыз ССРи да мындан четте калбайт. Бирок негедир Мурат Салихов бул компанияны уюштургандардын бутасына дурусураак илине элек болчу. Дурусураак илине элек дегенибиздин дагы себеби бар. Аны кийин билебиз. Ал 1937-жылы 8-сентябрда Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Советинин төрагалыгына дайындалат. Ошентип, 32 жаштагы Мурат Салихов Кыргыз ССРинин аткаруу бийлигинин башында туруп калат. Бул ары жоопту, ары татаал иш эле.

Идиректүү кадрлар репрессиянын тузагына илинип, майкандалып жаткан учурда бир орунда туруктуу иштөөгө, өз мүмкүнчүлүктөрүн толук ачууга, ойлогон максаттарды астейдил ишке ашырууга шарт кайдан болсун. Бул учурда партиялык, мамлекеттик кызматкерлер тагдырдын шамалы аларды качан, кай тарапка айдап жөнөөрүн өздөрү боолголой да алышкан эместир. Ушундай шартта, Кыргыз Өкмөтүнүн башында жарым жыл иштеп, жогорку эшелондогу саясий бийликте али тажрыйбага каныга элек Мурат Салихов 1938-жылдын 14-февралында Кыргыз ССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагасы болуп бекитилиши да Совет өлкөсү боюнча кеңири жайылтылган репрессиянын шамалынандыр.

Кыргыз ССРинин Борбордук мамлекеттик архивинин 1958-жылдын 31-июлунда уулу Кубат Салиховго берген №907 справкасында Мурат Салихов 1937-жылдын 27-сентябрынан 1938-жылдын 28-февралына чейин документтерге Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Советинин төрагасы катары кол коюп жүргөндүгү жазылган.

Бул кызматта дагы үч айга жетпеген мезгил гана иштейт да, анан “эл душманы” деген жалган күнөө тагылып. май айынын баш ченинде, тактап айтканда 12-майда камакка алынат. Кыргыз ССРинин мамлекеттик архивинин 1958-жылдын 19-августундагы №994 справкасында Мурат Салиховдун бул кызматта кызматтык документтерге 1938-жылдын 8-майына чейин кол коюп жүргөндүгү тастыкталып турат. Баамдадыңызбы, репрессиянын шамалынын курмандыгы болууга шаштырып жатышкан бекен?

Кызы Атыргүл эженин эскергенине караганда, уулу Кубат, кызы Атыргүл менен калган Ажардын убактылуу камакта жаткан өмүрлүк жолдошу Мурат менен жолугушуу үчүн жасаган аракеттери ишке ашпай кала берген. 1938-жылдын 5-октябрында жабык эшик абалында өткөрүлгөн соттун чечимине ылайык Мурат Салихов Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Советинин мурдагы төрагасы Б.Исакеев, эл агартуу комиссары К.Камбаровдор менен бирге “эл душманы” катары өлүм жазасына өкүм кылынган. Өкүм 1938-жылдын 8-ноябрында аткарылат. Алардын сөөктөрү Чоң-Ташта 8-ноябрда 137 атуулдун сөөктөрү менен бирге жашырылат. Кыргыз жергесине жарык чачам деген кыргыз асманындагы топ жылдыз, анын бири болгон Мурат Салихов да аргасыздан мезгилинен эрте жалп деп өчтү. Кыргыздын чыгаан уулдарынын канына жуурулган боордоштордун бул ыйык жайы Бишкекке жакын жердеги Чоң-Таштан табылып, улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун сунушу боюнча “Ата бейит” деп аталгандыгын бардыгыбыз билебиз.

Иш билгилиги, элге жакындыгы, уюштуруучулук жөндөмү менен саясий коомдук иштерге да активдүү катышкан Мурат Салихов 1929-жылы партиянын Ош

округдук комитетинин бюросунун мүчөлүгүнө, андан кийин Кыргызстан КП (б)нын биринчи съездинде Борбордук Комитеттин бюросунун мүчөлүгүнө шайланган. 1937-жылы СССР Жогорку Советинин I чакырылышында СССР Жогорку Советине Ош шайлоо округунан депутат болуп шайланышы дагы кыргыз элинде анын кадыр-баркы канчалык жогору болгондугунан кабар берет. Демек, Мурат Салихов – СССР Жогорку Советине депутат болгон, СССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасынын орун басары болуп шайланган биринчи кыргыз атуулу. Сыймыктанбай кое албайсың.

Бирок кыргыз элине, жергесине өчпөс жарык чачсак деген топ жылдыздар менен кошо Мурат Салихов да өз мезгилинен эрте учту. Канчалык калкалаган менен чындыктын жарыгын эч ким, эч нерсе өчүрө албастыгын, ал бир күн болбосо бир күн жарк этип кайра жана тургандыгын тарых өзү далилдеди. Атыргүл эже "Кылмыштуулук жок болгондуктан, Мурат Салиховдун үстүнөн болгон иш токтотулуп, ал "өлгөндөн кийин акталды" деп жазылган СССР Жогорку сотунун Аскердик коллегиясынын 1956-жылдын 19-декабрындагы №4н – 022200/56 справкасын сактап жүрүп, атасы таза иштеп, таза жашаганына ынанып жүрүп өттү.

Репрессия жылдары совет элинин тарыхындагы эң катаал жылдардан болгондугун тарыхый документтер далилдейт. Атыргүл эже Салихованын "Буюккан жылдыз" деген китебиндеги агасы Кубаттын эскерүү күндөлүгүнөн айрым үзүндүлөрдү окуп көрүңүздөр : "Атам отуруп алып бир нерсе жазып жаткан, апам тамак жасап, биз карындашым экөөбүз жерде ойноп отурганбыз. Ал убакта канча жашта экенин билбейм, бирок ал жаңыдан гана баса

баштаган, басам деп кайра-кайра жыгылып калган сайын мен күлүп жаттым. Атыргүл да ыйлагандын ордуна мени менен кошо күлчү.

Апам "Атаңарга жолтоо болбогула," – деп бизди тынчтандырып жаткан. Аңгыча эшик такылдап, тааныш байке кирип келди. Азыр ойлосом, атамдын досу же кызматкер болсо керек. Алар сүйлөшүп жатышты. Атам кокусунан "Мындай болушу мүмкүн эмес. Бул жаңылыштык!" деп кыйкырып жибергенде гана алар жакка көңүл бурдум.

Баягы байке эшикти ачты эле, бөлмөгө аскер кийимчен эки адам кирип келишти. Атам кийине баштады. Апам "Бөлмөгө кирип, колуңарды жууп тамак ичкиле," – деди. Бирок атам "Келгенде ичем," – деп кол шилтеп койду. Ал мени өөп, карындашым менен апамды көпкө чейин кучагынан чыгарган жок. Апам ыйлап жиберди. Алар чыгып кетишти. Андан кийин дагы бир байкелер келип, биздин үйдөн бир нерсе издешти. Эмне издегенин билбейм, бирок алар бардыгын чачып чыгышты. Алардын бири апамды түртүп жибергенде, мен "Апама тийбегиле!" деп кыйкырып жибердим. Ал өтүгү менен мени тээп жиберип: "Үнүңдү бас, иттин гана баласы!" деп заардуу шыбырады. Бул сөз жашоомдогу эң коркунучтуу сөз катары жүрөгүмдө бекем сакталып калды. Эртеси күнү башка бир кишилердикине көчүп бардык, менимче, алар бизге тууган же жакшы тааныш болсо керек. Мен атамдын түрмөдө экенин ошондо билгенмин" ("Буюккан жылдыз" Алма-Ата. 2004-жыл. 82-83-беттер).

Мындан кийин окуя кандай болуп улангандыгы, акыры кандай кайгылуу болуп аяктагандыгы репрессия жылдарынын тарыхы менен тааныш адамга өзүнөн өзү дайын. Ал эми бул инсандын адамгерчилик жана ишмердүүлүк

сапаттары жөнүндө, жогоруда айтканыбыздай, маалымат бизде абдан аз, толук кандуу сөз кылууга жетишсиздик кылат. Албетте, анын иштерин уулу менен кызы улантты. Репрессиянын шапатасынын тийгизген залалдары аларды дагы көп кыйнап мүңкүрөттү.

Ооба, бардык туугандарындай, карындашындай эле Кубат да атасы ак жүрүп, таза жашап, совет бийлигине бекем ишенип жүрүп калгандыгын, туура эмес иш болгондугун билип турса да эч кимге өз оюн айта албай, карындашынан да жашырып жүргөн. Он жылдан кийин атасы Мурат күнөөсү жоктугуна байланыштуу акталгандыгы баласынын күйүтүнө муздак суу сепкендей эле болгондур. Бирок атасынын ак жерден жазаланып өлгөндүгүн боолголосо да, сөөгү кайсы жерге көмүлгөндүгүн билбей, кайгырып жүрүп, 45 жашында дүйнө салып кете берди.

Калган сөз аз да болсо анын үй-бүлөсү, уул-кызы жана алардын жалындуу патриоттук ишке ашпай калган максат-мүдөөлөрүн улантуудагы иш-аракеттери тууралуу болмокчу.

# Жесири ажардын жана балдарынын тагдыры

Мурат Салиховдун аялы Ажар Лейлектин Катыраӊ деген айылынан чыккан тектүү жердин кызы болгон. Ажардын атасы Ураим Маназаровго жараткан Абдисаттар, Айымбаани, Акмат, Жусуп, Тажи, Сатыбалды, Абдилла, Ажар, Урулка аттуу 5 уулду, 4 кызды буюруптур.



Мурат Салиховдун аялы Ажардын портрети. (Сүр. Елена Волкова)

1927-28-жылдары кызматтык сапар менен Сүлүктү районуна караштуу Даргөмүр (азыркы Пролетарск) деген жерине каттап жүрүп, Мурат Салихов болочок жары Ажар менен жолугат. Ошол учурда Мурат 23, ал эми Ажар 14 гана жашта болушуптур. Самаркандектик кадыр-барктуу тууган-дары ортого түшүшүп, кудалашып, Муратты Ажарга үйлөндүрүп коюшат. Экөө он жылдай таттуу өмүр сүрүшүп, Кубат аттуу 1 уул, Коммуна (Мамлакат деп да аташкан), Алтынай жана Атыргүл аттуу 3 кыздуу болушкан. Эки кызы, Мамлакат менен Алтынай, эмчектеги бөбөк кезинде эле чарчап калышкан.

Боорукер, жапакеч, акылдуу апасын эскерип, Атыргүл эже "Мен чоңойгондо гана апамдын атама болгон сүйүүсү канчалык деңгэлде күчтүү экендигин түшүндүм.Ал үй-

бүлөлүк сүрөттөрдү жана атам алып берген бирюзалуу мончокту ардактап сактап жүрчү," – деп жазат ("Буюккан жылдыз" 63-бет).

Күйөөсү Мурат Салихов камакка алынгандан кийин, жакын досторунун, пикирлештеринин сунуш-эскертүүлөрү боюнча жесир калган аялы Ажар фамилиясын Арапбаева деп өзгөртүп, жаш 2 баласы менен Фрунзе шаарынан чыгып кетүүгө жана көрүнбөй жашоого аракет кылат.

Мугалимдик боюнча атайын адистикке ээ болгондугу анын кийинки турмушунда аз да болсо өз жардамын бербей койгон эмес. Жалал-Абадка, Ошко, Өзбекстанга, андан кийин Араванга келип, айылдык мектепте мугалим болуп иштеп күн көрүп жүрүп, 1945-жылы дүйнөдөн кайткан. Атасынан да, энесинен да ажырашкан эки бала ар кимдин колунда, балдар үйүндө, кийин Кубат өзү эмгек колониясында тарбияланышат.

Аталарынын бир тууган агасы Дастан Салихов Тажикстанда юстиция министрлигинен бошотулгандан кийин, Ленинабадда (Кожентте) облустук социалдык камсыздоо бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп турган мезгилинде бир тууган инисинин балдарын издетип тапкан эмес. Себеби, алардын дайынын издөө кыйын эле. Репрессиялангандардын балдарын урук-туугандарына көрсөтүшкөн эмес. Шектүү деген адамдар куугунтукталып, ачык сөз сүйлөө да кыйын болгон.

"Кубат авамдын табылышына анын катуу ооруп калышы себеп болуптур, - дейт Дастан Салиховдун кенже кызы Мамлакат эже, - Колонияда абдан катуу ооруп, жашап кетерине ишеним жоголо баштаганда, Кубат авамдан эң жакын адамдары ким экендигин сурашыптыр. Ал Тажикстандын Шураб деген шаарында жашаган чоң атасы

(ичкиликтерде атасынын агасын чоң ата деп кайрылышат) бар экендигин айтат. Кабарын уккан атам менен энем барып, Шурабка Кубат авамды алып келишип, бардык мүмкүнчүлүктөрүн жумшап, баалуу буюмдарын сатып жатып дарылап, оорудан айыктырышыптыр. Айыккан Кубат авам чоң атасы менен биргеликте карындашы Атыргүлдү (өз аты Асылгүл, биз азыр да Асылгүл эже дейбиз) Аравандагы балдар үйүнөн табышат. Алып кетели дегенге, балдар үйүнүн директору, орус аял "Бул кыз окуйт. Апасынын "Кызым 10-классты бүтүп, врачтыкка окуйт," – деген тапшырмасын аткарууга убада бергенмин. Убадамды аткарышым керек," – деп көнбөй коёт. "Окуудан каникулга чыккан мезгилинде паспортумду залогго таштап, алып келчүмүн," – деп атам айтып калар эле. Кийин мединститутка өткөндө да Атыргүл эжем каникулун биздикинде өткөрүп жүргөн".

Баткен районунун Самаркандек айылында жашап, Шураб шаарында иштеп жүргөн Дастан Салихов 1957-жылдын 21-февралында Кыргызстан КП Борбордук комитетинин комитетинин бюросуна кат жазып, иниси Мурат Салихов 1927-жылдан КПССтин мүчөсү болгондугун, Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Советинин төрагасы, андан кийин Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин төрагасы болуп турганда 1938-жылы "эл душманы" катары күнөөсүз жерден соттолуп атылып кеткендигин, өлгөндөн кийин акталгандыгын, ошондуктан партиялык жактан да актап, анын КПССтин мүчөлүгүн калыбына келтирүү зарылдыгын билдирген. Ошону менен бирге иниси Мурат Салиховдун уулу 1932-жылы туулган Салихов Кубат Нарын шаарындагы №3 курулуш мектебинде, кызы 1936-жылы туулган Атыргүл Фрунзе шаарында мединститутта окуп

жатышкандыгын, ошого байланыштуу Кыргыз ССРинин Министрлер Советине Атыргүлгө growинститутту аяктаганга чейин материалдык жактан жардам берип туруу жөнүндө көрсөтмө берүү зарылдыгын өтүнгөн.

Уулу Кубат окуп, окуусун аяктагандан кийин Ош шаарындагы №12 кесиптик-техникалык окуу жайында директор, Ош шаардык аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары болуп иштеп жүрүп, Фрунзе шаардык №5 кесипчилик-техникалык окуу жайына директорлукка дайындалат Кесипчилик техникалык билим берүү тармагында жемиштүү иштеп, кадыр-баркка ээ болот. Аялы Кожоева Бүүзайнап раваттык наймандардын кызы. Экөөнүн жалгыз кызы Саида да жогорку билимдүү медицина кызматкери. Азыр Бишкек шаарында өз адистиги менен иштеп, жашоодо Атыргүл Салихова медицина институтун аяктайт да, көп жылдар бою Ош облустук балдар ооруканасында дарыгер болуп иштейт. Күйөөсү Шапиев Жакан да санитардык медицина тармагы боюнча илимий изилдөө иштерин жүргүзүп, медицина илимдеринин кандидаты болгон. Көп жылдар бою Ош шаардык санитардык-эпидемиологиялык бекетти жетектеп жүрдү. Пенсияга чыккандан кийин, үй-бүлөсү менен Казакстандын Алма-Ата шаарына көчүп кетишкен. Жубайлар Эркин жана Жандос аттуу эки уулду, Жанна аттуу бир кыздуу болушуп аларды тарбиялап эрезеге жеткиришкен.

## “Тозоктуу күндөр эсте калбаса жакшы эле”

Мурат Салиховдун кызы Салихова Атыргүл эже медицина тармагында Ош шаарында иштеп жүрүп, ардактуу эс алууга чыгып, кийин үй-бүлөлүк шартына байланыштуу Алма-Ата шаарында жашап жүргөндө, өткөндөрдү эскерип жазган “Буюккан жылдыз” деген китеби жарык көргөн. “Көп жылдар өттү. Маңдайымда атамдын акталгандыгы тууралуу документтер жатат. Анын чыныгы аты калыбына келтирилди. Ошону менен бирге бийликтин жана элдин “эл душманынын” үй-бүлөсүнө карата мамилеси да өзгөрдү. Бирок, байкем экөөбүздүн балалык чагыбыздагы, жаш кезибиздеги, башыбыздан өткөргөн күндөрүбүздү унутууга мүмкүн эмес,” - деп эскерет Атыргүл эже бул китебинде.



Кубат Салихов – Мурат Салиховдун уулу, кесиптик-техникалык билим берүүнүн мыктысы

Кээде ошол коркунучтуу күндөр түшүнө кирип, түн ичинде жаман түштөрдөн ойгонуп кетип да жүрдү. Ооба, андай муңдуу, аянычтуу жашоонун баркын, кадыр-кымбатын өзү башынан өткөргөн адам гана билет. Ошондуктан, кыйналып-кысталган, түшүнүп-түшүнбөй таң калган күндөрүн көз алдына келтирип, кыйналып жүрүп, ошол оор күндөрдү эстеп жүрүп, жүрөгү кармап өтүп кеткен бир тууган агасынын жаркын элесине кайрылып, ичтеги бар бугун чыгарып: “Менин сүйүктүү

байкем, сен мен үчүн эң кымбат жана жакын адам болуп түбөлүккө жүрөгүмдө жашайсың. Көп жылдар бою биз кайсы бир убакта "кандуу учурдун каардуу куюну" өчүргөн кичинекей очоктун тегерегинде жылынуу үчүн бири-бирибизге жетүүгө умтулуп келдик. Сен бүгүнкү күнгө чейин жашай албадың. Сенин жүрөгүң тагдырдын сыноолоруна чыдай алган жок. Сенин жашоодон мезгилсиз кетишиңе биздин очокту өчүрүп, экөөбүздү бири-бирибизден бөлүп, тентип кетүүгө аргасыз кылгандарды күнөөлүү деп эсептейм. Сен жанымда жоксуң, бирок менде сенин этияттык менен сактап жүргөн кичинекей күндөлүгүң калды. Мен сенин күндөлүгүңдөгү ар бир тамга, ар бир сапты билем. Дайыма экөөбүздүн жазгы күндө баскан жолубузду мени менен кайра басып өткөндөй сыяктанасың," – деп муңканат.

"Күндөлүк – жүрөктөгү ыйык сакталган бардык ойлордун жана жашыруун умтулуулардын сактоочусу. Мен ушул саптарды окурмандар окуп алып, менин байкем Кубаттын кантип жашагандыгы жөнүндө билсе экен деймин," – деп жатпайбы эже ошол китебинде. Сизге толук түшүнүктүү болсун үчүн Атыргүл эженин "Буюккан жылдыз" китебинде басылган агасынын күндөлүгүн берүүнү туура тааптык, урматтуу окурман.

### Достун белеги

***1953-жылдын 12-декабры.*** *Бүгүн менин туулган күнүм. Эртең менен досум Борис мага жалпы белек дептер кылды. Мен болсо, күндөлүк жазууну чечтим.Эмне үчүн? Балким, качандыр бир кезде кемпирим экөөбүз жаштыгыбызды эстеп, өзүбүздүн балдарыбызга же неберелерибизге окуп берип калаарбыз, а балким жөн гана өткөн нерселерди унутпоо үчүн жазып жаткандырмын.*

*Мен абдан кыйын абалга туш болуп калдым., чөнтөктө сокур тыйын да жок, эгер Борис болбогондо, бул күн бактылуу күн болуп эсептелет беле, ким билет. Чыныгы достук бар үчүн, студенттик жашоо ушундай кызыктуудур.*

***1953-жылдын 23-декабры.*** *Бүгүндөн баштап Караганда тоо-кен комбинатында биздин практика башталды. Биздин группада 26 киши окуйт жана бизге абдан жооптуу – жаңы курулуп жаткан элеватордун темирбетондуу пайдубалын салуу жумушун ишенип беришти. Биз бардыгыбыз болгон күчүбүздү жумшадык.Кечинде жатаканага ачка чарчап, бирок мастердин мактап койгонуна ыраазы болуп кайттык. Дагы жакшы, ашканада бизге тамак калтырып коюптур.Аябай кеч болуп кетти. Бардыгы өз иштери менен алектенип жатышат, мен болсо өзүмдүн күндөлүгүмдү жазып олтурам. Мен куруучулук кесибин тандап алганыма ыраазымын. Карагандада кыш катуу жана шамал тынбай согуп турат, бирок техникум талапка жооп берерлик. Оюмдун баары карындашымда. Эмне кылып жатты экен? Ачка болуп жатам деп жазыптыр.Бир нерсе ойлоп табуу керек.Жайында иштеп акча таап, сөзсүз салып жиберем. Бир аз чыдап турса экен.*

***1954-жылдын 1-январы.*** *Күндөлүккө бир жумадан бери кол тийген жок. Өткөн жылдагы окуяларды эстеп көрөйүн: 1954-жылы 31-декабрда баягы эле жумуштар менен алек болдум:*

*Бир аз кийим-кечектеримди ирээтке келтирдим. Кыскасын айтканда, сууланып жасандым, анткени кечинде тоо жумушчуларынын сарайында өтүүчү бал маскарадга барам. Албетте, ал жерден өзүңдү талапка жараша кармап, ушул жыл ичи бактылуу көңүлдүү болсун үчүн эски*

*жылды жакшы узатып, жаңы 1954-жылды шаң менен тосуп, убакытты өткөрүү керек.*

*Менин досум Борис абдан айлакер бала!*

*Ал маданият сарайында ичинде үйлөмө оркестрде ойнойт, мен болсо дайыма анын жардамы менен залга билетсиз кирип кетем. Мына ошентип мен маданият сарайындамын, айлана жапжарык, жылтыраган балаты, көпчүлүк толкунданып, көңүлдөрү көтөрүңкү. Бардыгы бийлеп жатышат. Мен дагы бир кызды бийге чакырдым. Тааныштык. Анын аты Катя жана пединистутта окуйт экен. Кечки саат 12 де балаты жаркырап күйүп-жанып, оркестр тынбай ойноп жатты, ар түрдүү маска кийген жаштар залда бийлеп жүрүштү. Бул күн бардыгыбызга кызыктуу өттү.Бал таңкы саат 5 те аяктады.*

*Бирок майрамдын ушунчалык тез бүтүп калышы өкүнүчтүү. Карындашыма куттуктоо открыткасын жазып жибердим. Ал дагы мени куттуктады. Мен аны аябай жакшы көрөм, менин оюмча ал абдан атама окшош...*

***1954-жылдын 24-ноябры.** Мен үч жылдан бери Карагандыдамын. Кээде окуудан жолдуу болдум деп ойлоп коем. Материалдык жактан кыйналбайм. Мамлекет кийинтип, ичинтип, окутуп жатат. Мындан башка дагы студентке эмне керек? Башка окуу жайларда абал таптакыр башкача. 200 сом стипендия берет. Кааласаң ичин, кааласаң кийин. Жок, чындыгында мен абдан жолдуу экенмин. Дагы мен карындашым бар үчүн бактылуумун. Биз кат жазышып турабыз. Мен аны менен сыймыктанам. Ал мединистутта окуйт жана келечекте врач болот. Мен болсо ага колдон келишинче жардам берип жатам.*

***1954-жылдын 1-декабрь.** 10 жыл бою тартып жүргөн тамекини 5 күн мурун таштадым. Азыр болсо лунатик*

*сыяктуу болуп жүрөм, баары бир бир нерсе жетишпегенсийт. Балдар тамеки тартып отурушат. Мен күндөлүк жазып жатам, башыма өткөн жашоодон ар түрдүү ойлор келип жатат. Эсимде бекем сакталган нерселерди ойлоп отуруп, мындай жыйынтыкка келдим: 1950-жылга чейин мени өмүрүм тозоктун отунда, өзгөчө колониядагы күндөр жана кийинки согуш убагындагы күндөр... Ушунун бардыгы эсимде калбай калса, кандай жакшы болор эле...*

### Балалык эскерүү

*Менин эсимде камыштан жасалган чатыр калыптыр, көчөнүн аты эсимде жок, бирок үйдүн 12 деген номуру менен чаң ызгыган көчө күнү бүгүнкүдөй көз алдымда. Мен атамды жакшы билем, ал мээримдүү болчу, эч качан апама катуу сүйлөчү эмес, мени да урушчу эмес.*

*Чындыгында, ал үйдө көп болбой, үйгө келгенде бизге көптөгөн белектерди, конфеттерди алып келчү. Биз менен чогуу болуп калган учурларда, чогуу эс алганы паркка барар элек, ал мени селкинчекке отургузуп, бийик-бийик күүлөп ойнотчу. Мен коркуп кетип көзүмдү жумуп жиберсем, атам күлүп: "Сен коммунисттин баласысың, сен дагы чоңойгондо коммунист болосуң жана жакшы адам болосуң. Эч нерседен коркпо: көзүңдү ачкын да, дүйнөгө ишенимдүү кара," – дээр эле.*

*Апам аябай сулуу эле, бирок кээде мени уруп койчу. Азыр мени дагы бир гана жолу урганы үчүн мен бардыгын берер элем, жөн гана ар дайым жанымда болсо гана. Атам, апам, мен жана менин кичинекей карындашым болуп, бардыгыбыз чогулуп отурган кеч эсимде бекем сакталып калды.*

*Атам отуруп алып бир нерсе жазып жаткан, апам тамак жасап, биз карындашым экөөбүз жерде ойноп отургабыз. Ал убакта канча жашта экенимди билбейм, бирок ал жаңыдан гана баса баштаган, басам деп кайра-кайра жыгылып калган сайын мен күлүп жаттым. Атыргүл да ыйлагандын ордуна, мени менен кошо күлчү.*

*Апам: "Атаңарга жолтоо болбогула," – деп бизди тынчтандырып жаткан. Аңгыча эшик такылдап, тааныш байке кирип келди, азыр ойлосом, ал атамдын досу же кызматкер болсо керек. Алар сүйлөшүп жатышты. Мен чоңдордун сөзүн тыңшачу эмесмин. Атам кокусунан: "Мындай болушу мүмкүн эмес. Бул жаңылыштык! - деп кыйкырып жибергенде гана алар жакка көңүл бурдум.*

*Баягы байке эшикти ачты эле, бөлмөгө аскер кийимчен эки адам кирип келишти. Атам кийине баштады. Апам "Бөлмөгө кирип, колуңарды жууп тамак ичкиле," – деди. Бирок атам "Келгенде ичем," – деп кол шилтеп койду. Ал мени өөп, карындашым менен апамды көпкө чейин кучагынан чыгарган жок. Апам ыйлап жиберди. Алар чыгып кетишти. Андан кийин дагы бир байкелер келип, биздин үйдөн бир нерсе издешти. Эмне издегенин билбейм, бирок алар бардыгын чачып чыгышты. Алардын бири апамды түртүп жибергенде, мен "Апама тийбегиле!"- деп кыйкырып жибердим. Ал өтүгү менен мени тээп жиберип: "Үнүңдү бас, иттин гана баласы! - деп заардуу шыбырады. Бул сөз жашоомдогу эң коркунучтуу сөз катары жүрөгүмдө бекем сакталып калды. Эртеси күнү башка бир кишилердикине көчүп бардык, менимче, алар бизге тууган же жакшы тааныш болсо керек. Мен атамдын түрмөдө экенин ошондо билгенмин. Атам камалгандан бери бир топ күн өттү.*

*Бир жолу апам экөөбүз сот Жумагуловдун кабыл алуусунда болдук, ал дайыма апамды чакыртып турчу. Бул адамды мен өмүр бою эсимде сактап калдым. Көп жылдар өтсө дагы, анын биздин үй-бүлөгө болгон жек көрүүсү чексиз бойдон кала берди.*

*Ошондо ал менин колумда кармап турган азык-түлүк карточкасын жулуп алып: "Эл душмандарын багууга мамлекет милдеттүү эмес," – деп кыйкырып, кууп чыккан. Бир жолу эртең менен апам кайра кетти эле, мен: - Кайра түрмөгө атама кетти го, а бирок эмне үчүн мени чогуу ала кеткен жок, - деп ойлоп койдум.*

*Ал өзүнүн агасы – Абдилла тагам менен келип, бат-баттан, анча-мынча буюмдарды жыйнап, чемоданга салды. Ошентип, биз шашылыш түрдө алыс эле туугандарыбыздыкына кеттик.*

*Мектептен чыгып алып, базардагы соодагерлерге жалданып иштейин десем, кичинекей баланын жардамы кайсы дейсиң дегендей баш чайкашчу. Эптеп бир нерсе таап жеш үчүн, акыр-чикирдин арасын тытмалайм. Жолум болуп калган күндөрү капустанын кабагын, же болбосо, чирип бараткан сабиз таап алчумун. Сөзсүз түрдө жарымын карындашыма алып барып бермей. Ал менин алып барып берген "белегиме" сүйүнүп, өзүнүн кичинекей кир колдорун сунуп, "дагы" деп суранат. Мен болсо, көзүмдөн аккан жашты ага көрсөтпөө үчүн тескери карайм...*

*Элдин баары кыйналып жатышты. Бирок азык-түлүк карточкасы жок бизге өзгөчө кыйын болду. Абдилла байкем (тагам дегени - автор) өз эрки менен согушка барууну чечти. Ал кеткенден кийин, айылда жашоо бир аз жеңилирээк болоор деген ой менен Араван айылына көчүп келдик. Апам мектепте сабак бере баштады. Окуучулар*

*менен бирге талаада пахта терет, мен болсо ага жардам берем. Пахта тергенибиз үчүн жумуш күнүнүн аягында бирден токоч алабыз.*

*Алардын сүйлөшкөнүнөн мен апамды да камакка алганы жаткандыгын түшүндүм. Биз ар кайсы жерлерде жашадык, бирок бир дагы жерде көпкө токтобостон, дайыма бир айылдан бир айылга, бир шаардан бир шаарга көчүп жүрдүк.*

*Ханабаддагы апамдын туугандарыныкында көпкө чейин туруп калдык. Андан соң Жалал-Абадда, кийнчерээк 1942-жылы күзүндө Ошко көчүп келдик. Мен фашисттер менен согуш болуп жатканын билчүмүн. Абдилла тагам биз менен чогуу жашачу. Биздин чоподон тургузулган барак үйүбүз тынч махалледе жайгашкан эле. Апам фабрикага жумушка орноштү. Байкем (Абдилла тагасын айтып жаткандай. Автор) да бир жерде иштечү. Мен болсо мектепке бара баштадым.*

*Биздин бардык кошуналарыбыз азык-түлүк карточкасын алышчу, бизге эмнегедир беришчү эмес. Менин дайыма тамак жегим келчү, а карындашым ачка болуп ыйлаганда, аны сооротконго менде эч нерсе жок эле.*

*Биз ичинде меш жок кепеде жашачубуз. Апам болсо, тамак жасоо үчүн үйдүн ортосуна очок жасап койгон. Бир жылдан кийин апамды Янги-Араван колхозуна которушту. Ал жерден бизге эски мечиттин бир бөлмөсүн беришти. Мен айылдагылардын уйларын кайтара баштадым. Ал эми нан алып келүү үчүн 8 километр алыстыктагы райондун борборуна барууга туура келчү.*

*1944-жылы мен 13 жашта элем, апам мени Араванда жайгашкан трактористтерди даярдоочу мектепке кир-*

*гизди. Ал жерден кайра баягы сот Жумагулов менен жолуктум. Ал мени аңдып жүрүп, мектептен тапты.*

*Бир жолу эртең менен апам мени мектепке даярдап жаткан, күтүүсүздөн эшик ачылып, эки киши менен бир аял кирип келишти. Алар апам менен бир нерселерди сүйлөшкөндөй болушту. Апам кыйкырып жиберип, мени кучагына катуу кысты. Азыркыга чейин анын көйнөгүнүн жыты сезилип турат. Тигилер мени апамдан жулуп алышты да, машинага салып алып кетишти. Андан башка мен апамды экинчи көрө алганым жок. Андан ары эмне болгону анча эсимде калбаптыр. Ыйлап, алардан бошонууга аракет кылып жаттым. Мени уруп, мен бара турган жерден мендеги болгон "бардык буржуазиялык илдетти" күбүп жоготушат деп айтышты.*

*Мен ушунчалык корккондуктан, эмне болуп жатканын түшүнө алган жокмун. Кийин мени "көчөдөгү уруштардын баштоочусу" деп күнөөлөшүптүр. Мына ошентип жашы жетиле электердин түзөтүү колониясына түшүп калдым.*

*Биз узун, абдан муздак барак үйлөрдө жашадык. Биздин отряд мен сыяктуу дагы 60 баладан турчу. Алардын ичинде көпчүлүгү кароосуз калган балдар, уурулар. ал гана эмес, киши өлтүргөндөр да бар эле.*

*Бизге абдан оор жумуштарды жасатышчу, даарат-каналарды тазалачубуз. Ага кошумча бизди дайыма уруп-сабап турушчу.*

*"Эл душманынын" балдарын эч ким аячу эмес; аларды ургандыгы үчүн кароолчулар тарабынан мактоого ээ болушкан.*

*Мени менен жаткандардын бир нечеси гана кийин бошонуп чыгышты. Кантип чыдаганымды билбейм, бирок мен үчүн үч жыл чексиз бүтпөчүдөй сезилди. Ал эмес, азыр*

*дагы ошол күндөрдү эстесем эле ичим ооруп баштайт, денем оорлоп, ошол замат кускум келип кетет. Өзүмдөн мен коркпойм, ошол убакта мен өз өлүмүмдү тилечүмүн. Мени качандыр бир күнү ушул тордон кутулуп, апам менен карындашымды издеп таап, андан аркы жашообуз оңолуп кетээр деген жалгыз ой гана токтотоор эле. Башыман өткөргөн адам чыдагыс кордуктарды эстегим келбейт. Эстесем эле көзүмдөн жаш тегеренет. Мен өзүмдү өзүм токтото албай кетем.*

*Кой, жазуумду токтотоюн, антпесем, балдар мен тарапка көз сала баштады. Анан сөзсүз күндөлүктү жакшылап катып коюу керек, бул саптарды кимдир бирөө окугандан Кудай сактасын...*

*Мындан кийин өзүмдүн өткөн турмушум жөнүндө жазбоого, эң жакын деп эсептеген досторума да өзүм жөнүндө эч нерсе айтпоого өзүмө өзүм сөз берем. Борис менен да атам жана апам жөнүндө эч качан сүйлөшпөйм. Ал менин жетимдигимди жана Фрунзеде мединститутта карындашым бар экендигин гана билет. Кээде бул дагы ал үчүн абдан көп нерсе деп ойлоп кетем...*

*Жакшы окугандыгым үчүн мага Ленинграддын алдындагы "Эмгек резерви" санаториясына жолдомо беришти. Акындар "Революциянын бешиги – Түндүк Палмира" деп даңктаган шаарды көрүп келмей болдум. Москвага да барам! Кандай сонун, ишенбей да кетесиң! Карындашыма билдиришим керек, мени менен кошо сүйүнсүн!*

***1955-жыл, 22-июль.** Мен абдан бактылуу адаммын!*

***1955-жыл, 15-16-сентябрь.** Санаторийден келдим. Ленинград шаары мага абдан жакты. Музейге бардык, "Аврорада" болдук. Кайра келе жатканда, Москвага эки күнгө токтодук. Ал жерде эл укмуштуудай көп! Падыша*

*коңгуроосунун жанынан француз делегаттарын жолуктурдум, алардын арасында негрлер да бар экен. Аларды киного тартып жатышыптыр, алардын жанында тегеренип жүрүп, мен дагы кадрга түшүп калдым окшойт. Кечинде мавзолейге бардык, ал жерден Финляндиянын президенти Паасциви менен индиялык футболисттерди көрдүм. Эки күн ичинде бизге, кыргызстандыктарга Мосванын эң маанилүү жерлерин көрсөтүүгө аракет кылышты. Мага ал жак аябай жакты, бирок ошентсе да мен кичинекей тынч шаарчада жашагым келди.*

***1956-жыл, 8-август.*** *1957-жылга карата коюлган негизги милдеттер:*

1. *Студенттик жашоодон кийинки жашоого көнүү жана эмгектенүүгө; б.а. карьера жасоо керек.*
2. *Үйлөнүү.*
3. *Эч кимге ишенбей, ары жак бери жагыңды байкап, ... сак жашоо...*

# Мурат Салиховдун келини Кожоева Бүүзайнаптин эскерүүсү

Менин колумда Мурат Салиховдун келини, мугалим болуп көп жыл иштеп жүрүп, ардактуу эс алууга чыккан Кожоева Бүүзайнап эженин эскерүү жазган дептери. Эскерүү окуучулук тор сызыктуу дептерге жазылып, ага эженин өзүнүн өмүрү, Кубат менен бирге жашаган жылдары, күйөөсү Кубаттын ага жубай катары жасаган мээримдүү мамилелери жөнүндө эскерилип, андан өткөн өмүрүнө ыраазылык сезими менен бирге эле муңайым сары санаасы, кайгы күүсү да сезилип турат.



Эскерүү төмөнкүдөй сөздөр менен башталат:

"1963-жыл – биздин өмүрүбүздөгү эстен кеткис жыл. Ушул жылы Кубат экөөбүз баш кошконбуз. Тагдыр насип буюруп ал дагы, мен дагы Баткендин Самаркандек аймагында туулуп чоңоюп, баш кошуп жашадык. Мени ошончо жыл өз айылынан алыста жүрүп, башка жактык бирөөгө үйлөнбөгөнү, келип-келип мени тандаганы таң калтырчу. Көрсө, Кубатты өзү теңдүү кыргыз жигиттеринин башка улуттун өкүлдөрүнүн кыздарына же өз айылынан бир топ алыс жерден чыккан кыздарга үйлөнүшүп, айрымдарынын үй-бүлөлүк тагдырлары жакшы болбой, жакындарынан алыста туруп калышкандыгы көп ойлондуруп жүргөн окшойт. Ошондон улам Кубат "Мен өз ата жеримден үйлөнүшүм керек," – деп өзүнө

өзү сөз бериптир. Оо кийин, жетимишинчи жылдары Самаркандектин Көк-Таш деген жеринен чыккан Шайдуллаев Ганы деген совет доорунда мыкты кызматтарда иштеген адамдын турмуш тагдырын мага мисал кылып айтып жүрдү. Ал киши Алай районунда райаткомдун



Мурат Салиховдундун кызы Атыргүл кызы Жанна, келини Бүүзайнап кызы Саида менен.

төрагасы болуп иштеп турган кезде каза болгон. Аялы башка жерлик болгондуктанбы, же кандай себептерден улам экенин анык билбейм, көзү өткөн соң анын балдарынын жана аялынын кийинки тагдыры баткендиктерге анча деле белгисиз болуп калган көрүнөт. Бул үй-бүлөнүн балдарынын кийинки тарткан кыйынчылыктары Кубатты көп ойлондуруп жүргөн турбайбы.”

Ошентип, 1963-жылдын май айында Кубат менен Бүүзайнап баш кошуп, үй-бүлө күтүшөт. Бүүзайнап келин болуп келгенде эле Кубат Оштогу №12 кесиптик-техникалык окуу жайында директор болуп иштеп жүргөн. Айылда

туулуп, айылда өсүп чоңоюп, айылдын шартына көнүп калган Бүүзайнапка шаардык турмуш чоочундай сезилип, өзүн этият кармап, ойлонуп, ар бир аракетин кандайдыр бир туура эмес жасап койбоюн деп жасап жашайт.

"Кубат күйөөм болгону менен, мага атамдан артык мамиле кылды, - деп эскерет Бүүзайнап эже, - Мени айылдан алып келип, шаардын турмушуна көндүрүш үчүн аябай аракеттенди, орус тилин үйрөттү. Жогорку окуу жайына тапшырышыма дагы өзү демилгечи болуп, өзү сабактарды өздөштүрүшүмө жардам берип жүрүп бүтүрттү. Турмуштун бардык жагына мени тарбиялады. Өзү окуу жайдын күнүмдүк иши, кем-карчы менен кыйналып жүрүп, чарчап келгенине карабай, мени жетилтүүгө боорукерлик менен аракет жасап, чарчаганы билинип турса да, мага билдирбөөгө аракет кылчу. Дайыма бир калыпта, бир темпте жүргөнүнө таң калчумун. "Ушунчалык кыйналбай шаардык кыздардан эле албайт белең," - десем, ал "Менин атам Мурат Салихов дагы апамды алыскы Лейлектин Катыраң деген кыштагынан алып келип, тарбиялап окутуп, эң мыкты аялдардан болушуна кам көргөн. Апам Ажар жөнүндө айта берсем сөз жетпейт. Бардык эле апалар өз баласы үчүн күйүп-бышат, бирок мага менин апам алардан башкачараак, акылдуураак сезиле берет. Сен дагы апам сыяктуу эң мыкты аялдардан боло турганыңды билем жана ишенемин," – деп айтчу."

Бүүзайнап эжеден мурда айрымдар неге турмушка чыккандан кийин Салихова деп жолдошунун фамилиясына өтүп, өзгөртпөгөндүгү жөнүндө көп сурашчу экен. "Менин атам Асанов Кожо найман уруусунан, энем Назакат Орто-Боз айылындагы токмок уруусунан Үрүстөмдүн уулу Жолдош дегендин кызы болуп, мен алардын жалгыз кызымын. Раватта жашап жүрүшүп, 1942-жылы мен үч айлык

экенимде атам Улуу Ата Мекендик согушка кетип, кайтпай калган.Ошондуктан, атамдын атын өчүрбөймүн деп, Кожоева деген фамилиямды өзгөртпөй жашап келем," – деп аларга жооп кайтарып жүргөн.

Ошко келгенден баштап эле Бүүзайнап эже кайнатасы Салихов Мурат жана кайненеси Ажар жөнүндө Кубаттын өзүнөн, аларды эң жакшы билген адамдар Тагаев Кубаттан жана анын аялы Зария эжеден угат. Тагаев Жапар дагы Баткендин аваат уруусунун токмок уругунан эле. Ал дагы кайнатасы Мурат сыяктуу жетим жүрүп жетилгендигин, ошол мезгилдин эң мыкты коммунисттеринен, совет доорунун көрүнүктүү жетекчилеринен жана Салихов Мураттын чыныгы жердеши, досу, кесиптеши болгондугу жөнүндө маалымат алат.

Кайнатасы Мурат жана кайненеси Ажаркан жөнүндө Зария эжеден уккандары төмөнкүлөр: Мурат менен Жапар экөө тең Ошто иштеп жүргөн мезгилде үйлөнүшүп, бир үйдө, бир бөлмөдө жашашыптыр. Ал үй да баткендик жетим жүрүп жетилген (фамилиясын унутуп калган) аялы орус кишинин үйү экен. Кийин ал киши Баткенге көчүп кетип, ошол жакта жашап жүрүп өткөн.

Зария эженин айтышына караганда, жаш келин мезгилдеринде экөөнүн тең бойлору менен келбеттери келишип, аябай сулуу, чачтары узун, көргөн элди таң калтырган сүйкүмдүүлөрдөн болушкан экен. Жапар менен Мурат сүйлөшүп отуруп Мурат аялын окута тургандыгын, Жапар окутпай тургандыгын айтат. Ошол мезгилде Өзгөндө аялдар үчүн атайын окуу жайы ачылып, Мурат Ажарканды ошол окууга алып барып окутат. Ошентип, кайненеси илим-билимдүү, жолдошуна жөлөк келиндерден болуп, кудайдын буйругу менен эки кыз, бир уулдун энеси болгон экен.

Кыздарына Коммуна, Атыргүл, уулуна Кубат деп ат коюшкан. Кызы Коммуна бул ааламдан эрте өтүп кеткен.

Кубаттын жумуштан колу көп бошочу эмес. Ошондой болсо да, кээде дем алыш күндөрү же колу бошой калган мезгилинде келинчеги менен турмуш, үй-бүлө маселелери, адеп-ахлак, адамгерчилик жөнүндө сүйлөшүп, талкуулашып, өз ойлорун да ачык билдирип жүрчү экен. Бүүзайнап эженин эсинде Кубаттын жакшы аял кандай болууга тийиш экендиги жөнүндөгү ойлору дагы эле унутулбай жүрөт. "Бир күнү экөөбүз кечки чайды ичип отуруп, жакшы аял жана жакшы эркектин сапаттары жөнүндө сүйлөшө кеттик. Ошондо Кубат "Жакшы аялдардын мыкты сапаттары кайсылар болушу керек?" – деп суроо коюп туруп, кайра өзү жооп берди. Анын бекем ишениминде мыкты аял төмөнкүдөй сапаттары менен айырмаланыш керек экен:

1. Аялдын эң биринчи артыкчылыгы – анын адамгерчиликтүүлүгү, боорукердиги;
2. Жарык маанай аял үйгө дайыма жылуулук берип, жарык чачып турат. Келген коноктун маанайы да ошого жараша болот.
3. Бой келбетине ылайыктап, таза, жарашыктуу кийинүү аялдын ажарын ачат.
4. Үйдү таза кармап, үй буюмдарын таза пайдаланышы аялдын пейили да таза экендигин билдирет.
5. Даамдуу, кушкер жасалган тамагы менен айырмаланган аял адамдын ден соолугун чыңдоочу сапатка да ээ.

Кубаттын аялга карата койгон мындай талаптарын мен аткара алдымбы, же жокпу, аны айта албайм. Бирок ал менин ушундай сапаттарга жетишим үчүн аракет кылып, мага жардамдашып, мени тарбиялап жүрүп өтүп кетти," – деп эскерет эже.

Кайнатасы Мураттын Салиндик репрессиянын курмандыгы болуп, өлүү-тирүүсү же кай жакта камалып жүргөндүгү жөнүндө так маалымат билбей, кайненесинин кийинки тагдырын уккандары боюнча төмөнкүдөй эскерет:

"Өмүрлүк жолдошу Сталиндик репрессияга туш болгондон кийин кайненем эки баласы менен куугунтукталып жүрүп, Ошко Тагаев Жапардын үйүнө келет. Тагаев Жапарды дагы М.Салиховдун жакыны деп, түрмөгө камайт. Аны суракка алганда, ал: "Салихов Мураттын аялы Ажаркан менин бир тууган карындашым. Мен аны балдары менен үйдөн айдап чыкмак белем?" – деп түшүндүрмө берет. Андан кийин ал кишини түрмөдөн бошотушат, кайненем болсо эки баласын алып, Араванга барып, көрбөгөн турмуштун кордугун көрүп, ошол жерден каза болгон. Кубатты болсо, чыккынчынын баласы деп, балдар колониясына жөнөтүп жиберет. Кайненем Тажикстанда юстиция министри болуп иштеген кайнагасы Салихов Дастанга Кубаттын камалгандыгы жөнүндө кат жазып жөнөтөт. Кайнагасы Кубатты балдар колониясынан чыгарып алып келет. Андан кийин Кубат Кызыл-Кыядагы кесиптик окуу жайына эптеп келип окуп калат. Ал окуу жайдын жетекчиси Иван Кузьмич (фамилиясы эсимде жок) Кубатты өтө жакшы көрүп, келечекте жакшы адам болуп чыгышына дайым ишенчү экен. Ал киши менен Кубат кийин дагы кол үзбөй катышып жүрдү. Бул окуу жайын бүткөндөн кийин Казакстандын Караганда шаарындагы тоо-кен техникумуна жиберет. Аны окуп бүтүп келгенден кийин Кыргызстандагы кесиптик-техникалык билим берүү комитетинин жетекчиси Тойгонбаев Жаманкул агайдын кабылдамасына кесиби боюнча ишке кабыл алуусун өтүнүп, арызы менен кирет. Ж.Тойгонбаев Кубаттын арызын карап: "Сен Салихов

Мураттын уулусуңбу?"- дейт. Кубат ошол экенин айтканда, ал киши ордунан туруп "Мен сени эмес, Салихов Муратты көрүп турамын," – деп бек кучактап жумушка алгандыгын эскерчү Кубат. Ошондон кийин экөө ата-баладай жүрүштү.

Жаманкул агай мага дагы жылуу мамиле жасап, өз келининдей көрүп жүрдү. 1964-жылы биринчи жолу командировкага келип, улуулугуна б.а., министр экенине карабай, сен үйлөнүпсүң, келинди үйүңөргө барып көрөйүн деп үйгө келип, мени менен учурашып, маңдайымдан өөп: "Мен сенин кайнатаң боломун. Менин Зейнешимсиң, мындан ары келиним эмес, кызымсың," –деп, ар дайым М.Салихов жөнүндө эскерип бизге айтып берип, сүйлөгөндөн өзү да рахат алгандай болор эле.

Ж.Тойгонбаев Ысык-Көлдүк болчу. Ал киши да жетим жүрүп, жетилгендерден экен. Жетим болуп, кыйналса да Москвада окуп жүргөн кезинде Салихов Мурат Москвага командировкага барган сайын Ж.Тойгонбаевге жолугуп, курсагын тойгузуп, материалдык-моралдык жактан жардам берип жүрчү экен. Бул киши дагы көп жогорку кызматтарда иштеп, 63 жаш курагында дүйнөдөн өттү. Өмүрүнүн акырына чейин Жогорку Кеңештин ар бир чакырылышында депутат болуп жүргөн. "Ар бир депутаттык значогумду алганда Салихов Мурат көз алдымда турат. Себеби, Салихов Мурат СССР Жогорку Советине депутат болгондо, мен студент элем. СССР Жогорку Советинин 1сессиясына барышканда, менден кабар алганы келип "Биздин значогубуз ушундай болот," – деп значоктун сүрөтүн тартып көрсөттү. Калининдин сунуштаган сүрөтү значоктун эскизине өттү деп айтып көрсөткөн. "Ошол убакыттан бери ар бир депутаттык значок алганымда Салихов Мурат менин көз алдымда элестей берет," - деп айтар эле.

“Биздин үй-бүлөбүздүн эң жакын адамы, боорукер инсан, бизге ата ордуна атадай болуп калган таянычыбыз Ж.Тойгонбаев 1977-жылы о дүйнөгө сапар алып кете берди,” - деп эскерет андан ары Бүүзайнап эже. Бул кишинин күтүлбөгөн жерден бу дүйнөдөн өтүп кетиши Салихов Кубатка катуу таасир этип, атасын жоготкондой кайгырып, кыркын өткөрүп келгенден кийин “Зейнеш, менин атам эми өлгөндөй болуп сезилүүдө. Айланамда мени курчап турган бардык жакшылыктардан, ишенген таянычымдан ажырап калгандай болуп жатамын,” – деп буулугуп, көз жашын аарчыганы дагы эле эсинде. Тойгонбаев Ж. Кубатты жакшы ниеттер менен жакшы адамдын уулун тарбиялап өстүрөйүн, моралдык да, материалдык да колдоо көрсөтөйүн, кыргыз элине кызмат кылар азаматтардын катарына жеткирейин деген ширин максаттар менен үй-бүлөсү менен кошо 1974-жылы Фрунзеге жумушка чакырган турбайбы. Кубаттын өзүнө мындай бийик тилек, максаттарын айтса да керек. Жакшы адамын жоготуунун кайгысына чыдабай, Кубат да 45 жашка толуп, акыл-эс токтотуп, турмуштук дагы, жетекчилик дагы тажрыйба топтоп, кыргыз элине эми чындап кызмат кылар мезгилинде бу дүйнөдөн өтүп кете берет.

Бүүзайнап эже жогорку окуу жайында сырттан окуган. Оштон Фрунзеге кышкы жана жайкы сессияларга барганда да ошол Ж.Тойгонбаевдин үйүндө жашаган. “Жогорку окуу жайын бүтөр жылы мамлекеттик экзамен тапшырууга бардым. Дагы ушул атабыздын үйүндө туруп калдым. Ал-акыбалыбызды сурап, бүтүрүү экзамендерине кандай даярдыкта келгениме кызыкты. Даярдыгым дурус эле болчу. Кубат өзү мага жекече консультацияларды берип, кайталап сурап, мени экзаменге дурус эле даярдаган болчу. Өзүмө

өзүм ишенип эле жүргөм. Ошондой болсо да, коюңуз, жакшы эле даярдыгым бар, окуп келдим дегениме карабай, Билим берүү министри А.Каниметовго телефон чалып, мага көңүл бөлүп коюусун суранды. Кийин министр өзү биринчи экзаменге келип, башкалар менен кошо менин да билеттеги суроолорго жооп бергениме карап туруп чыгып кетти. Барып атабызга "Келиниңиз тың эле экен. Кыйналбастан жакшы эле бүтүп алат. Кам санабай эле коюңуз," – деп тынчтандырыптыр."

Андан бери канча жылдыр өтүп, канча суулар акты. Кыргыз тоолорунун кучагындагы Баткен өрүкзарлары канча жолу мала кызыл болуп гүлдөп, ширин мөмөсү менен элди канча тамшандырды. А Бүүзайнап эже Ошто жашаганы менен өзү туулуп өскөн өрүкзарлуу аймагына тез-тез келип, өзүнүн тууган-уруктары, кайын журту менен катташып, баарлашып, өткөндөрдү эскеришип, келин-кыздарга нускалуу насааттарын айтып турмуш кечирип келүүдө.

# Кыргыз парламентинин делегаттыгынан төрагалыгына чейин

Тарых барактарында жазылып калгандай, кыргыз элинин өз мамлекетине ээ болушу саясий жана тарыхый жактан оор шарттарда ишке ашкан.



Мурат Салихов – Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Советинин төрагасы

Кыргыз элинин улуттук мамлекеттүүлүгүнүн башаты РСФСРдин курамындагы Кара-Кыргыз Автономиялуу облусунун түзүлүшү болгон. 1924-жылы анын улуттук-мамлекеттүүлүгүнүн түзүлүшүн жана бөлүнүшүн ишке ашыруу үчүн саясий шарттар түзүлгөн. 1924-жылы 11-майда РКП(б) БКнын Орто Азия бюросу улуттук бөлүнүштүн маселелерин иштеп чыгуу боюнча комиссиялардын ишин талкуулап, СССРдин курамына түздөн-түз кирүүсү менен Өзбек жана Түркмөн ССРлерин, ошондой эле Тажик жана Кыргыз автономия облустарын түзүү зарылдыгын тааныган. 1924-жылы 14-октябрда Москвада ББАКтын 2-сессиясы ачылып, ал Орто Азия элдеринин улуттук – мамлекеттик бөлүнүшү жөнүндө чечим кабыл алган.

Ошентип, бул тарыхый чечимдин негизинде 1924-жылы 27-октябрда Өзбек жана Түркмөн ССРлери, 1924-жылы 14-октябрда Өзбек ССРинин курамында Тажик АССРи, 1925-жылы 11-майда Казак АССРинин курамында Кара-Калпак автономия облусу, ал эми 1924-жылы 14-ок-

тябрда РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз Автономия облусу түзүлгөн.

Натыйжада, кыргыз эли 1924-жылы автономиялуу облусунун үлгүсүндө улуттук мамлекеттүүлүккө ээ болгон. Бул кыргыз элинин тарыхына XX кылымдын башкы окуясы катары кирген. Кара-Кыргыз Автономия облусунун түзүлүшү – кыргыз элинин кылымдардан берки ой-мүдөөсүн чагылдырып, анын эркиндик жана көз карандысыздык үчүн өзүнүн этностук бүтүндүгү жана маданий жалпылыгы үчүн күрөштөгү жеңишин бекемдеген тарыхый зор маанидеги акт болгон.

1924-жылы 21-октябрда ББАКтын Президиуму Кара-Кыргыз Автономия облусунун аймагындагы революциячыл бийликтин жана мамлекеттик башкаруунун убактылуу органы катары анын ревкомунун курамын бекиткен. Анын төрагалыгына Кеңеш бийлиги үчүн активдүү күрөшүүчү И. Айдарбеков бекитилген.

11-ноябрда Облревкомдун 1-пленуму болуп өткөн. Пленумдун чечимине ылайык 1925-жылы жазында областта Кара-Кыргыз автономия облусунун Кеңештеринин 1-Уюмдаштыруу съездине делегаттарды шайлаган советтердин округдук съезддери өткөрүлгөн. Бул уюмдаштыруу съездине студент, 1919-жылдан РКСМдин мүчөсү, 20 жаштагы Салихов Мурат, мугалим, РКП (б)нын мүчөсү, Ош округдук кеңешинин мүчөсү, 26 жаштагы Салихов Дастан, РКСМдин Ош округдук комитетинин секретары, РКП (б)нын мүчөсү 22 жаштагы Тагаев Абдужапар да делегат болуп шайланышкан. Делегаттардын катарында Ж.Абдрахмановдун, Ж.Саадаевдин, А.Сыдыковдун, И.Тойчиновдун, Р.Худайкуловдун ж.б. көрүнүктүү кызматкерлердин да фамилияларын окууга болот.

Ошентип, 1925-жылы 27-мартта Кара-Кыргыз Автономиялуу облусунун Советтеринин 1-Уюмдаштыруу съезди чогулуп, ал Кара-Кыргыз Автономиялуу облусун Кыргыз Автономиялуу облусу деп жарыялаган жана КАО жөнүндө жобону кабыл алган. Кыргыз элине өз аймагы бекитилип, ага мамлекеттүүлүгүн өнүктүрүү, өлкөнүн чарбалык, саясий, коомдук турмушунун бардык тармактарына активдүү катышуу укугу берилген. КАОнун облаткомунун биринчи төрагалыгына А.Орозбеков шайланган.

Съездде КАОнун аткаруу комитетинин курамы, СССР Борбордук Аткаруу Комитетинин Улуттар советине өкүлдөр жана Бүткүл россиялык жана Бүткүл союздук съезддерге делегаттар шайланган, КАОнун аткаруу комитети түзүлгөн. Аткаруу комитетинин мүчөлөрүнүн курамында Дастан Салиховдун, мүчөлүккө кандидаттардын курамында А.Тагаевдин фамилиялары да бар.

Бул 1-Уюмдаштыруу съездинин токтому Кыргызстандын эл чарбасын калыбына келтирүүнүн, советтик аппаратты чыңдоонун, өлкөнүн маданиятын өнүктүрүүнүн программасы катары кабыл алынган, жаңы экономикалык саясаттын принциптерине негизделген маанилүү тарыхый окуя болуп эсептелген.

Кыргызстанда 1925-жылдын аягында облустук советтин II съездин даярдоо боюнча иштер башталат. Бүткүл союздук БАКтын XII чакырылышынын Президиумунда Кыргыз Автономиялуу облусун автономиялуу республикага кайра түзүү жөнүндө 1926-жылдын 1-февралында чечим кабыл алынгандыгына байланыштуу съезддин иши кийинге жылдырылат. Ошондуктан, II съезд 1929-жылдын 25-30-апрелинде өтүп, анда Ош округунан Мурат Салихов делегат болуп катышкан. Съезддин 29-апрелдеги жыйынында

Кыргызстанда айыл чарбасын көтөрүүгө жана өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулган жана Мурат Салихов дагы жарыш сөзгө чыгып, өлкөдө айыл чарбасын өнүктүрүү боюнча зарыл чаралар жөнүндө өз оюн билдирген.

Съездде Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин жаңы курамы шайланган, алардын катарында М.Салихов да бар. Бул съезд Кыргыз АССРинин биринчи Конституциясын кабыл алгандыгы менен тарыхта өзгөчө орду бар.

Кыргыз АССРинин советтеринин III съезди 1931-жылдын 6-12-февралында чакырылып, анда 5 кишиден турган мандат комиссиясыны курамына М.Салихов да шайланган. Съезд Кыргыз АССРинин өкмөтүнүн иши жөнүндө, милдеттүү аскердик кызмат боюнча мыйзам киргизүү жөнүндө, колхоздук курулуш жөнүндө, мал чарбасын өнүктүрүү жөнүндө жана маданий курулуш жана кадрларды даярдоо жөнүндө маселелерди талкуулап, Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетин шайлаган. Комитеттин курамы 147 кишиден туруп, ВКП (б)нын Кыргыз обкомунан М.Салихов да мүчө болуп шайланган.

Кыргыз АССРинин советтеринин IV съезди 1935-жылдын 1-6-январында өтүп, ага Баткен районунан райаткомдун мүчөсү (архивдик материалда ушинтип жазылган) Самат Садыков, партиянын Баткен райондук комитетинин катчысы Аблы Кулумбаев да катышышкан. Съезд СССРдин эл чарбасынын өнүгүшүнүн II беш жылдык планын кубаттап, анын негизинде түзүлгөн Кыргыз АССРинин II беш жылдык планында республикада өнөр жайдын жана айыл чарбасынын жаңы темпте өнүгүшү жана маданияттын көтөрүлүшү каралганын белгилеген. Баткен районунан Самат Садыков өкмөттүн отчету боюнча жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөн.

Мурат Салихов Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин уюштуруу иштерине дагы активдүү катышып жүргөндүгүн архивдик материалдардан көрүүгө болот. Мисалы, Борбордук Аткаруу Комитетинин II чакырылышынын I сессиясында Мурат Салихов 6 кишинин катарында котормочулук милдетти аткарган. Сессиянын күн тартибинде 5 маселе каралган. Мурат Салихов биринчи маселе боюнча БАКтын Президиумун шайлоо жөнүндө, экинчи маселе боюнча БАКтын төрагасын шайлоо жөнүндө, үчүнчү маселе боюнча БАКтын төрагасынын орун басарларын, секретарларын жана бөлүм башчыларын шайлоо жөнүндө, 4-5-маселелер боюнча Кыргыз АССРинин Эл Комиссарлар советинин төрагасын, анын орун басарларын шайлоо, эл комиссарларын жана алардын орун басарларын сунуштоо жана бекитүү боюнча жарыш сөзгө чыгып, өзүнүн пикирин билдирген.

Борбордук Аткаруу Комитетинин III чакырылышынын I сессиясы 1931-жылдын 12-февралында өткөн жана анда Кыргыз АССРинин Эл Комиссарлар советинин курамы түзүлгөн. Анда республиканын билим берүү эл комиссары болуп О.Алиев, билим берүү эл комиссарынын орун басары болуп М.Салихов дайындалган.

Борбордук Аткаруу Комитетинин 1937-жылдын 2-4-октябрында өткөн VI сессиясына М.Салихов Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Советинин төрагасы катары катышкан. Себеби ал 1937-жылдын 27-сентябрында бул жогорку мамлекеттик кызматка дайындалган болчу. Бул учурда бүткүл СССР боюнча өлкөнүн Жогорку Советине шайлоолорго даярдык жүрүп жаткан. Кыргызстандын эмгекчилери дагы 1936-жылы 5-декабрда кабыл алынган Сталиндик Конституцияны жана “СССР Жогорку Советине

шайлоолор жөнүндө жобону” окуп үйрөнүүнүн үстүндө эле. Анын үстүнө 1936-жылдан башталган “Буржуазиялык улутчулдарды” жана “эл душмандарын” жок кылуу ураандары бүткүл өлкө боюнча айтылып, аларды жок кылуу компаниясы кеңири жүрө баштаган. Ошондуктан, сессияда кадрларды жаңы орундарга дайындоо жана орун которуштуруу маселелерине байланыштуу уюштуруу иштерине көп убакыт бөлүнгөн. Сессияда Кыргыз ССРинин ЭКС төрагасы Мурат Салихов”СССР Жогорку Советине шайлоолорго даярдануу чаралары жана шайлоолордо советтердин милдеттери жөнүндө” доклад жасаган. Ушул сессияда бир топ жетекчи кадрлар менен кошо Ч.Айтматовдун атасы Т.Айтматов Борбордук Аткаруу Комитетинин мүчөлүгүнөн чыгарылган. Сессияда кызматтарынан бошотулуп, Борбордук Аткаруу Комитетинин мүчөлүгүнөн чыгарылгандардын катарында Кыргыз ССРинин БАК төрагасынын орун басарлары М.Тугамбаева, М.И.Ус, БАКтын мүчөлөрү З.Учкунбаева жана К.Назаровдор да бар. Аларга негизсиз саясий айыптар тагылган болчу.

Кыргыз ССР Жогорку Советинин сессиясы 1938-жылы февралда өткөн жана Кыргыз ССРинин БАК төрагасынын милдетин аткаруучу М.Салиховдун киришүү сөзү менен ачылган. Себеби, ал 1937-жылдагы СССР Жогорку Советине болгон шайлоолордо СССР Жогорку Советинин 1 чакырылышынын депутаты, СССР Жогорку Советинин төрагасынын орун басары болуп шайланган эле. Мурат Салихов бул жогорку мамлекеттик кызматка – Кыргыз ССР Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагалыгына да жаңы эле сунушталган болчу. Сессиянын күн тартибине 3 маселе коюлуп, алгач уюштуруу маселеси каралган. М.Салихов Кыргыз ССР Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагасынын

милдетин аткаруучу, М.К.Аманкулова анын орун басарынын милдетин аткаруучу, И.Ф.Соколов катчысы болуп шайланышкан.

Күн тартибинде негизги маселе катары М.Салиховдун Кыргыз ССР Жогорку Советине шайлоолор боюнча жобонун долбоору жөнүндө доклады каралган. М.Салихов өз докладында Кыргыз ССРинде шайлоолорду уюштуруунун жана өткөрүүнүн тартиби жөнүндө маалымат жасаган. Анда 1937-жылдын 12-декабрында СССР Жогорку Советине шайлоолор чыныгы элдик майрам катары өткөрүлгөндүгүн, совет элинин моралдык-саясий күчүн, биримдигин, коммунизм идеяларына берилгендигин далилдагандыгын өзгөчө белгилеген. Кыргыз ССР Жогорку Советине шайлоолорду уюштурууда жана өткөрүүдө бул тажрыйбаны пайдалануу менен кыргыз совет өлкөсүнүн тарыхында болуучу зор тарыхый окуя катары бардык көңүлдүн бурулушу керектигин айткан. Шайлоо мыйзамы боюнча даярдалган жана сунушталып жаткан долбоор социализмдин жеңиштерине негизделгендигин, лениндик-сталиндик улут саясатынын, социалисттик тартиптин бекемделип жаткандыгынын салтанаты катары каралууга тийиш экендигин белгилеген. М.Салиховдун докладында белгиленгендей, совет бийлигинин жылдарында кыргыз эли СССРдин бардык элдери менен биргеликте экономикалык жана маданий жактан өнүгүп, бир топ жогорку деңгээлге жетишкен болчу. Кыргызстанда бир катар өнөр жай ишканалары, атап айтканда, нефть өндүрүү, таш көмүр казуу өнүгүп, кант, полиграфия, кийим тигүү, тамеки өндүрүү ишканалары курулуп, эт комбинаттары жаңы кубаттуулукта иштеп жаткан. Бир топ элекростанциялар курулган. Айыл чарбасы өнүгүп, жеке дыйкан чарбалар ири социалисттик жер

иштетүү чарбаларына айландырылган. “Республикада 3 798 трактору, 482 комбайны, 728 айыл чарба машиналары менен 53 машина-трактор станциялары бар. Быйыл 10 машина-трактор станциялары уюштурулуп, 196 жаңы тракторлор алынып келинет,” – деп айтылат докладда.

Сессиянын чечими менен “Кыргыз ССР Жогорку Советине шайлоолор жөнүндө жобо” кабыл алынып, андан кийин Кыргызстанда алгачкы шайлоолор өтүп, эл тарабынан шайланган парламент түзүлүп, демократиянын жана парламентаризмдин өнүгүшүнүн чыныгы жолу башталган.

1938-жылдын 9-апрелинде М.Салиховдун жетекчилиги менен “Кыргыз ССРинин кыргыз жана башка орус тилдүү эмес мектептеринде орус тилин милдеттүү окутуу жөнүндө” Кыргыз ССР Борбордук Аткаруу Комитетинин Президиумунун токтому кабыл алынган. Анда 1938-жылдын 1-сентябрынан баштап бардык башталгыч мектептерде 2-класстан, толук эмес жана орто мектептерде 3-класстан орус тилин милдеттүү окутуу киргизилген. “Советская Киргизия” гезитинде М.Салиховдун “Орус тилин үйрөнүү – мамлекеттик маанилүү милдет” деген макаласы жарыяланып, анда орус тилин кыргыз жана башка улуттук мектептерде үйрөнүү кыргыз кадрларынын мындан ары өсүшүнө жана өнүгүшүнө, алардын илимий жана техникалык багытта таанып-билүү жөндөмдүүлүктөрүнүн артышына шарт түзө тургандыгы белгиленген. Анда бул саясий чечимди аткаруу үчүн бардык партиялык, советтик жана комсомолдук уюмдардын, билим берүү органдарынын жана мугалимдердин күчүн мобилизциялоо зарылдыгы көрсөтүлгөн.

Советтер Союзунда жашаган бардык улуттардын өкүлдөрү менен биргеликте кыргыз элинин дагы орус тилин үйрөнүү аркылуу алдыңкы экономикага жана маданиятка

умтулуусуна жана аралашуусуна шарт түзгөн бул чечимдин тууралыгын азыркы турмуш чындыгы ырастап отурат. Орус тили аркылуу кыргыз эли дүйнөлүк маданиятты, илим менен техниканы, адабияттын жана искусствонун жетишкендиктерин өздөштүрүп, өзүнүн илимий, техникалык жана маданий жетишкендиктерин дүйнө жүзүнө даңазалоодо. Кыргыз адабиятынын мыкты өкүлдөрү Ч.Айтматовдун, А.Осмоновдун, Т.Сыдыкбековдун, Т.Касымбековдун жана башкалардын, "кыргыз укмушу" деген баага татыган кыргыз кинолорунун бүткүл дүйнөгө тарашы орус тили аркылуу болгондугун бардыгыбыз билебиз.

## “Күнөөсүз күнөөлүүлөрдүн” курмандыгы кантип ишке ашырылган?

Көрөгөч, кыраакы, Советтер Союзунда темирдей бекем тартипти орнотуп, бүткүл дүйнөнү ээлөөнү көздөгөн Гитлер баш болгон фашизмди жеңүүдө чыныгы каарман жетекчи болгон Сталиндин жана анын соратниктеринин Совет мамлекетинин келечеги үчүн күрөшкөн миңдеген эр жигиттерди, кыраакы жетекчилерди, акылгөй кеңешчилерди репрессиялап жок кылгандыгы, мунусу аз келгенсип, алардын аттарын жана өзүнүн чыккынчылыгын жана мыкаачылыгын тарых барактарына чыгара койбой жаап салууга жасаган иш-аракеттери адамдын төбө чачын тик тургузат. Көрсө, бул репрессия Сталиндин, Бериянын жана Ежовдун ж.б. мамлекет жетекчилеринин гана мыкаачылык чыккынчылыгы эмес, бүтүндөй ВКП(б)нын Саясий бюросунун жана аппаратынын көп жылдарга багытталган перспективалык “жашыруун” планы турбайбы. Муну Россия Федерациясынын Президентинин архиви жана “Мемориал” коому тарабынан даярдалып жарыяланган “Сталиндик тизмелер” далилдейт. Бул маалымдамада 1936-1938-жылдары атууга жана көп жылдарга түрмөгө камоого алдын ала саясий өкүм чыгарылган советтик эр жүрөк азаматтардын тизмелери берилген. Анда Россия Федерациясынын Президентинин архивиндеги материалдарда ВКП(б)нын Саясий бюросунун мүчөлөрү тарабынан каралып, саясий чечим чыгарылган 44 500 кишини камтыган 383 тизме табылгандыгы айтылат.

Бул 1937-1938-жылдардагы Сталиндик тизменин оригиналы 11 томдон туруп, атууга жана камоого саясий чечим чыгарылган кишилердин тизмеси 1937-жылдын 27-

февралынан башталып, акыркы тизмеге 1938-жылы сентябрда кол коюлган. Анда тизмелер менен кошо Н.Ежовдун жана А.Вышинскийдин И.Сталиндин атына жазылган СССР Жогорку Сотунун аскердик коллегиясынын көчмө сессияларын айрым союздук республикаларга жана РСФСРдин крайларына жана облустарына троцкисттерди соттоо үчүн жөнөтүү керектиги жөнүндөгү каттары да тиркелген. Бул "Сталиндик тизмелер" СССРдеги 1937-1938-жылдардагы репрессиянын тарыхын жана табиятын, келип чыгыш себептерин изилдөөчү адистер үчүн документалдуу булак болуп кызмат кылышына биз ынанып отурабыз.

Аны пайдаланып, тарыхый-илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү тарыхчылардын иши, а бизге бул тизмеде биз сөз кылып жаткан мамлекеттик жана коомдук ишмер Мурат Салиховдун да жазылып турушу кызыгууну жаратты, анын өмүрүнүн жана ишмердүүлүгүнүн кандай болгондугун тактап жазууда биз таппай жүргөн, аныгына жете албай жүргөн бир кенемтени толтургандай болду. Себеби, бул тизменин катарында Мурат Салихов менен кошо канчалаган адамдардын конкреттүү тагдыры, ал адамдардын дайынын, өлгөндүгүн же тирүү экендигин, эгер камалган болсо, кайсы түрмөдө жаткандыгын, эгер өлгөн болсо, анын сөөгү кайсы жерде көмүлгөндүгүн, ошондуктан кайсы жерге барып, мүрзөсүнө эстелик коюп, куран окутуп бата кыларын билбей көптөгөн жылдар бою муңканып, бардык кайгы-муңун ичине жутуп жашырып жүргөн балдарынын, кыздарынын жана жакындарынын аянычтуу тагдырлары да турат. Алардын канчалары бул "Сталиндик тизмедеги" маалыматтар менен таанышпай, о дүйнөгө сапар тартып кетишти.

Бул репрессиянын башталышына, тарыхчылар белгилеп жүргөндөй, Советтик мамлекеттик жана коомдук ишмер

С.М.Кировдун атып өлтүрүлүшү щылтоо болуп бергендей туюлат. Бул көрүнүктүү мамлекеттик ишмердин өлүмү —




«Ата-Бейит» мемориалдык комплексиндеги Мурат Салиховдун аты жазылган плита

совет өлкөсүнүн уюшуп алган ички душмандары тарабынан атайын ишке ашырылышы мүмкүн дегендер да бар. Бул каргашалуу өлүмдөн кийин тез эле СССР Борбордук Аткаруу Комитетинин жана СССР Эл Комиссарлар Советинин 1934-жылдын 1-декабрындагы белгилүү токтому жарыяланып, анда террористтик уюмдар жана террористтик иш-аракеттерди териштирүүнү “жөнөкөйлөтүлгөн тартипте” (10 күндүн ичинде) бүтүрүү, соттук угууну тиешелүү жактардын катышуусусуз жана күбөлөрдү чакырбай эле жүргүзүп, чечим чыгарууга мүмкүнчүлүк берилген. Совет бийлигинин “душмандарын жөнөкөйлөтүлгөн тартипте” жазалоо жана өкүм чыгаруу бир топ кеңири масштабда 1936-жылдын күзүнөн башталган, себеби ошол мезгилде СССР ички иштер комиссариатынын башчылыгына Ежов дайындалган. Мында да алдын ала формалдуу чечим ВКП(б)

нын Саясий бюросу тарабынан кабыл алынып, бирок ага Сочиде дем алып жүргөн Сталин катышкан эмес. Саясий бюронун Ежовдун жана Вышинскийдин 585 эл "душмандарын" сотто кароого санкция берүү жөнүндөгү өтүнүчүн караган жыйыны 1936-жылы 4-октябрында өтүп, анда тизмедегилердин бардыгына троцкисттик-зиновьевдик контрреволюциячыл уюмдун активдүү мүчөлөрү катары эң жогорку жазаны колдонууга уруксат берилген. Чечимге Каганович, Молотов, Постышев, Андреев, Ворошилов, Ежов кол коюшкан.

Эл "душмандары" деп саналгандардын тизмеси Саясий бюрого биринчи, экинчи жана үчүнчү тизме катары бөлүнүп-бөлүнүп берилип, биринчи тизмедегилер атууга кетери, экинчи тизмедегилер 10 жылга, үчүнчү тизмедегилер 5-8 жылга түрмөгө камалары белгилүү болгон. 1937-жылдын февраль айынан баштап "күнөөлүүлөрдүн" тизмеси алгач ВКП(б)нын Саясий бюросунда бекитилип, анын негизинде СССР Жогорку Сотунун Аскердик коллегиясында каралып, чечим чыгарылышы регулярдуу түрдө адатка айланып, ишке аша баштаган. Мындай биринчи чечим ВКП(б)нын белгилүү февраль-март Пленуму башталар күнү – 1937-жылдын 28-февралында кабыл алынып, бул саясий чечим менен 479 киши жазанын эң жогорку түрүнө – атууга өкүм кылынары аныкталган.

Ошентип, эл "душмандарын" жок кылуу процессин даярдап ишке ашыруу, жазалоо боюнча туруктуу схема пайда болгон: СССР Ички иштер эл комиссары Н.И.Ежов "күнөөлүүлөрдүн" тизмесин тактап, Саясий бюрого сунуш кылат, Саясий бюро ал тизмелерди бекитет, СССР Жогорку Сотунун Аскердик коллегиясы юридикалык чечим кабыл алып, өкүм чыгарат. Өкүм чыгаруу борбордо, СССР

Жогорку Сотунун Аскердик коллегиясында ишке ашып турган болсо да, а чет жакаларга өкүм чыгарылгандардын тизмеси көбүнчө телеграф аркылуу гана берилип, соттук чечим кийин почта аркылуу жөнөтүлгөн. Өкүм жер-жерлердеги ички иштер органдары тарабынан аткарылган.

Эң эле өкүнүчтүү жери – чет жакаларда сот процесси көпчүлүк убакта формалдуу жүргөндүгү, жогоруда белгиленгендей, ушу чет жерлерде дагы процесске күбөлөрдүн, соттолуп жаткандардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн, балдар-кыздарынын, досторунун же жоро-жолдошторунун жана жакын тууганларынын чакырылбагандыгы, сотту көбүнчө анын үч гана мүчөсү өткөрүп, суралып жаткан кишинин далилдөөлөрүнө жана актануууларына көңүл бурулбагандыгы, беш-он мүнөт гана сот жыйынын өтүмүш болуп, тез эле өкүм жарыялангандыгы жогортон болгон атайын көрсөтмөнүн ишке кынтыксыз аткарылгандыгын далилдейт. Ал эми атууга өкүм кылынгандарга сот процессинин жыйынтыктоочу чечими көп учурларда угузулган эмес, алардын көпчүлүгү жарык дүйнө менен кош айтышып жатышкандыгын, бул жөнүндө чечим мурда эле чыгарылгандыгын атылар алдында гана билип калышкан.

Ушул жерде күнөөлүүлөрдүн тизмеси кантип такталгандыгын да билип койгонубуз оңдур. НКВДнын орун басары М.П.Фриновскийдин 1937-жылдын 7-августундагы буйругуна ылайык жер-жерлердеги ички иштер кызматтарына ар бир камалгандын фамилиясын, атын, атасынын атын, камалганга чейинки аткарган кызматтарын, камалышынын себептерин жана ага далилдерди, күнөөлүү деп саналган киши өз күнөөсүн мойнуна алгандыгын же албагандыгын көрсөтүү менен маалыматтарды СССР НКВДсына телеграф аркылуу жөнөтүү милдеттендирилген. Борбордон

жана жер-жерлерден келген мындай материалдар НКВДнын борбордук аппаратында түзүлгөн "атайын топтун" колуна тийип, анын кызматкерлери "күнөөлүүлөрдү" категорияларга (биринчи, экинчи жана үчүнчү топторго) бөлүштүрүшкөн. "Күнөөлүүлөрдү" кайсы категорияга бөлүү керектиги НКВДнын жетекчилери, СССР Жогорку Сотунун Аскердик коллегиясынын төрагасы Ульрих жана СССР Прокурорунун орун басары Рогинский тарабынан алдын ала аныкталып турган. Ошентип, партиянын Саясий бюросуна (Сталинге) репрессиялануучулардын фамилиялары белгилүү категорияларга бөлүнгөн тизме түрүндө берилген.

Ошол алдын ала дайындалып түзүлгөн тизмедеги биринчи категориядагылардын катарына баштап көрүнүктүү оппозиционерлердин фамилиялары киргизилип турган. Андан кийин биринчи категорияга "номенклатурадагылар", тактап айтканда, партиялык, советтик, комсомолдук жана профсоюздук органдардын жетектөөчү кызматкерлери, ошондой эле эл комиссарлары жана алардын орун басарлары, көрүнүктүү ири чарбалардын жетекчилери, көрүнүктүү аскер кызматкерлери, маданияттын жана искусствонун көрүнүктүү өкүлдөрү жана жазуучулар киргизиле баштаган. Кийинчерээк аткаруу түзүмдөрүн тазалоо кеңири жайылып, анын натыйжасында "күнөөлүүлөрдүн" тизмесин элге белгилүү эң жогорку деңгээлдеги жетекчи кызматкерлер да толуктап калышкан. Биздин республиканын советтик доордогу көрүнүктүү жетекчилери Ж.Абдырахманов, А.Сыдыков, А.Орозбеков, Т.Айтматов, Б.Исакеев жана М.Салихов сыяктуу элдин керегине жарачу, туңгуюктан жол, кысталышта сөз тапчу эр азаматтары дагы репрессиянын мына ушул кеңири жайылтылган "бороонунда" өмүрлөрү кыйылып, бар билимдерин, күч-кубаттарын жана

акыл-эс парасаттарын өз элине, туулган жерине бере албай, "кулактарын кармап" кете беришкен турбайбы деген ой жүрөктү өйүп жүргөндүгүн жашыра да албайсың, айтпай кое да албайсың.

Бир кызык жери – бул кара тизмелер Саясий бюродо каралып, анын жыйынга катышкан мүчөлөрү кол коюшкандыгына карабастан, Саясий бюронун протоколу жазылган эмес. Анын үстүнө бул тизмелер Саясий бюронун документтерине тиркелбей, тиешелүү аткаруучу орган катары НКВДга кайтарылып берилген. Кара тизмени карап чыгууга Саясий бюронун бардык эле мүчөлөрү толук катыша берген эмес. "Мемориал" коомунун ошол маалыматында бардык тизмелердин ичинен В.М.Молотовдун 372, И.В.Сталиндин 357, Л.М.Кагановичтин 188, К.Е.Ворошиловдин 185, А.А.Ждановдун 176, А.И.Микояндын 8, С.В.Косиордун 5 тизмеге кол койгондуктары аныкталган.

Сталиндик саясий репрессия 1937-1938-жылдары Совет өлкөсү боюнча өтө кеңири масштабда жүргүзүлгөндүгүн репрессияланууучуларды карап талкуулаган Саясий бюронун жыйындарынын даталары далилдеп турат. Жалпы жарыяланган репрессиялангандардын тизмесинде 44 500 ден ашык "күнөөсүз күнөөлүүлөрдүн" фамилиялары жазылган. "Сталиндик тизмелерди" жарыялагандардын маалымдаганына караганда, репрессиялангандардын кара тизмесине киргендердин саны 43 768 кишини түзөт, себеби жалпы тизмедегилердин ичинен өчүрүлгөндөрү да, башка-башка даталар менен кайра-кайра жазылып, санкция алуу үчүн кайрадан сунуш кылынгандары да бар.

Саясий бюронун жүрүшүндө көбүнчө Сталин тизмеге биринчи кол коюп, калган мүчөлөр андан кийин кол коюшкан. Айрым учурларда, Сталин жыйынга катышпай калган-

да, биринчи болуп Молотов же кээде Жданов да кол койгон учурлар бар. Сталин айрым учурларда тизмеге өзгөчө резалюцияларды жазып кол койгон.

"Сталиндик тизмени" таап, жарыялагандардын жазган маалыматына караганда, Сталин архивде № Т.9. Л.211 менен белгиленген тизмеге "Бардык 138 кишини атуу үчүн Сталин". деп кол койгон. Сталин менен Молотовдун тизмелерге ар түрдүү мaанидеги резолюциялары күнөөлөнүп жаткандарга карата жекече мамилеси бардыгы же саясий мамиле жасагандыгы белгисиз бойдон калган.

Репрессия барган сайын күчөп, анын кийинки учурларында эң жогорку эшелондогу көрүнүктүү жетекчилер да күнөөлүү деп табылып, НКВДнын 254 чекисттери да Жогорку Соттун Аскердик коллегиясынын чечими менен атууга өкүм кылынган. Бул учурда Сталиндин же анын жакын соратниктеринин тизмеге кол коюулары акыркы чечим катары кабыл алынып, соттук чечим алар атылгандан кийин формалдуу түрдө чыгарылган.

Сталиндик тизме боюнча күнөөлүүлөрдү жазалоонун эң күчөгөн мезгили 1937-38-жылдар деп эсептелгени менен бул процесс андан кийин да уланган. Мисалы, 1942-жылдын 29-январында 46 камалгандардын тизмесин Сталинге жөнөтөт. Сталин "тизмедегилердин бардыгы атылсын" деп резолюцияга кол коет. Булардын көпчүлүгү өлкөнүн ар кайсы аймактарында аскер-аба күчтөрүн жетектеген генералдар эле. Саясий бюро, анын башында турган Сталин Улуу Ата Мекендик согуш күчөп турган мезгилде ушундай чечимге келгендиги таң калычтуу да, өкүнүчтүү да.

Бул "өзгөчү жашыруун" делген тизмелер 1950-жылдары гана ачыкка чыккан. СССР ички иштер министри С.Н. Круглов партиялык биринчи жетекчи Н.С. Хрущевге

1954-жылдын 3-февралында кат жөнөтүп, сталиндик тизме 11 томдон тургандыгын белгилеген. Бул тизмелер биринчи жолу 2002-жылы “Мемориал” коому жана РФ Президентинин архиви тарабынан компакт-дискке жарыяланган.

А биздин Кыргызстанда репрессияга кабылып, атылгандардын сөөгү Чоң-Таштагы кирпич заводунун чуңкуруна көмүлгөндүгү жөнүндөгү заводдо кароол болуп иштеген атасынын айтканы боюнча кызы Б. Кыдыралиева коопсуздук органдарына 1989-жылы кат жүзүндө маалымат бербесе, чекист Б. Абдырахманов тарабынан изилденип, тизмелери такталбаса, КР Президенти А. Акаев тарабынан саясий чечим кабыл алынып элге жарыяланбаса, балким, биз бул “күнөөсүз күнөөлүүлөр” жөнүндө алиге чейин билбесек керек эле.

# Мурат Салиховдун гезиттик макалаларынан

Мурат Салихов 1924-1925-жылдары Ташкентте окуп жүргөндө эле жаш экендигине карабастан кыргыз элинин, кыргыз жергесинин келечеги үчүн жаны күйүп, кыргыздын эне тилинин мамлекеттик тил катары өнүгүшүнө жол издеп, тунгуч гезитибиз "Эркин Тоонун" беттерине өз ойлорун жарыялап тургандыгын жогоруда айтпадыкпы.

Ошол жазган макалаларындагы ойлору анын дарамети канчалык экендигинен, кыргыз элинин келечеги, өз алдынчалуулугу үчүн канчалык күйүп-бышкандыгынан кабар берип тургандыгын, бул ойлор азыр да өзүнүн актуалдуулугун жогото электигин эске алып жана жалпы окурмандарга тааныштыруу максатында төмөндө анын 4 макаласынын көчүрмөсүн сунуш кылып отурабыз.

Макалалардын жазылуу өзгөчөлүгү, тили 1924-1925-жылдары "Эркин Тоо" гезитинде кандай жарыяланган болсо, дал ошондой өзгөртүүсүз берилди. Анткени, бул макалалар эне тилибиздин тарыхын, түзүлүп калып-танышын, өсүп-өнүгүү эволюциясын жана лексикалык, грамматикалык-семантикалык өзгөчөлүктөрүн изилдеп-иликтеген тилчи окумуштуулар үчүн гана эмес, тарыхчылар үчүн да, жалпы эле ар тараптан гүлдөп өсүп бараткан улуттук маданиятыбыздын кылымдарды карытып өткөнү, бүгүнкү жетишкендиктери жана келечеги менен кызыккандар үчүн да баа жеткис табылга, материал болуп бериши мүмкүн.

## Ылаажы бар бекен?

*Ферганаын ар бир жери басмачылык тополоңунан кутулуп, калкы тынчып калган кезде, Кокон хам Ходжент уеэддериндеги кыргыздар ушул увакытка чейин*

*"Чапколдук" болушунан чыккан "Турду" басмачынын кордук, зомбулугунан кутулган жок.*

*Алардын ушул жердеги калкка кылган залымчылыгын көргөн, билген адам болсо, "көзүнөн кан агаар эле". "Турду" басмачы ушул убакытка чейин өкмөткө карматпай, 25-30 жигити менен тоо кийигиндей болуп, тоомо-тоо качып жүрөт. Кокон, Кожендтен кызыл аскер. Хам мелитселер чыгып турат. Бирок басмачылардын жүргөн жолун жакшы билишпей, кармоого болбой жатат.Андакы шордуу кыргыз калкы биринчи басмачынын, кордук, зомбулугунан эзилип бүткөн болсо, экинчи өкмөт адамдарынын алдында ар вакыт тилдери кыска. Басмачынын кесиринен Кокондон барган тоо районундагы "особый-отделге" эсепсиз кыргыз камалып чыкты.*

*"Особый отделдин" агенттери дегенде калк азрейилдей коркушат. Азыр Лейлек болушунун аксакалдарынан Кокондо (9) адам камалып жатат. Сентябрь айынын ичинде басмачылар Лейлектен эки адамды өлтүрүп кетти. Бул Лейлек болуш аткаруу комитети эле. Өкмөт "сен басмачыларды жок кылуу жолуна иштебейсиң," – деп болуш аткаруу комитетин ар вакыт алмаштырып дайындап турат. Андакы тоо болуштарында ошол кезге дейре кеңеш шайлоосу болду деп айтууга болбойт. Кыскасы, жогоруда көрсөтүлгөн жабырлыктарга эмне ылаажы бар экенин жаңы курулган кыргыз өкмөт чарбасына киришпесе, андакы кыргыз калкынын аквалы кыйын.*

***Мурат Салихов***
***"Эркин Тоо" №2, 27-ноябрь,***
***1924-жыл.***

## Фергана тоолоруна көз салынсын

*Фергана кыргыздары өкмөттөн алыс тоо арасында болгон себептүү, ушул кезге чейин өкмөт тууралуу башка улуттарга окшоп сөз укпай, кеңеш өкмөтүнүн эмне экенинен түшүнбөй келатат.*

*Көбүнчө 6 жылдык басмачылар доорунда басмачынын аягы астында эзилип, алардын сөзүнө алданып, саясий хам агартуу иштеринин жытын жыттаган жок. Алардын басмачылардан кутулуп, басмачынын душмандыгын билип, кеңеш өкмөтүнүн негизинде бир аз түшүнгөндөрүнө эми гана эки жыл болду.*

*Азыр да калктын арасында өкмөттү жамандап, түшүнбөй жүргөндөрү толуп жатат. Балдарын жаңы мектепке беришпей: "Балдарды өкмөт мектебине берүүгө болбойт," - деп коркушат.*

*Дыйкан батрактар болсун, кошчу уйумунан болсун, койчу чын тиремчиси, таянчысы, сайасы хам уйуму экенин билишпейт. Андакы дыйкан батрактардын саясы билимин арттырып, тарбийалап тап сезимин күчөтүү, сабатсыздыгын жоготуу турсун алардын башын кошуп уйумдаштырылган да жок, хам ушул кезге чейин аларды уйумдаштыруу иши унутулуп эске алынбай келинди.*

*Мына эми жаңы курулган кыргыз өкмөтү мындай иштерди жоготуп койуу үчүн өкмөттү айыл-кыштакка жакындатуу менен бирге тоо арасында эч демени билбей жаткан элге көзүн салуу керек.*

*Көбүнчө бул иш үчүн, тоо арасынан келип окуп жүргөн жаштар жазгы дем алышта элине барганда бекер жүрбөй, калкты өкмөткө тартып түшүндүрүү керек.*

*Андагы өкмөт дал ушул окуп жүргөн жаштардан пайдалануу керек.*

*Мына ушундай жолдор менен гана өкмөттөн алыс тоо арасындагы жаткан калкты түшүндүрүп, өкмөткө тартып көзүн ача алабыз.*

**Мурат**

**"Эркин Тоо" №4, 3-январь, 1925-жыл**

**Мекеме жерлилештириш унутулбасын**

*12инчи партыя сыйазынын чыгарган токтомунан бери карай "жер-жерлерде өкүмөт иштери жергиликтүү тилде болсун" деген ураан чакырылып жатат.*

*Түркстанда көбүнчө жерлилештириш иши көпчүлүк болгон өзбек, казак тилдеринде болуп кетти.*

*Өзүбүздүн иш билген адамдарыбыз болбой, мекемелерибизди йаврупалык жолдоштор менен толтуруп олтурабыз.*

*Бирин-серин өз тилибизде иш билген адамдарыбыз болсо, колун көндүрүп аларга иш берүү керек.*

*Облус мекемелеринде кыргыз тилин бирдей жүргүзүп кетүүгө оңой болбойт деп таштап койбой, мүмкүнчүлүк болгончо кыргыз тилин жүргүзүүнүн чарасын колдоого тийиш.*

*Менимче, окуруктардан баштап, айыл-кыштакка чейин иштин баары кыргызча жүрүүгө талаш болбосо керек.*

*Облустарда мекеме жерлилештириш бөлүмү ачылуу керек.*

*Жазгы дем алышта элине кайткан окуучуларды өкүмөт ишине аралаштырып, аларды пайдалануу керек.*

*Кыргыз облусунда кыргыз тили болсун.*

**Мурат Салих**

**"Эркин Тоо" №8 5-март, 1925-жыл**

**Окуучулардан пайдалана турган вакыт келди**

*Окуучулар окуусунан бошоп жазгы дем алышка кайта турган убакыт келди. Төрт ай ичинде окуучулар бош карап жүрүүгө болбойт. Ар бир окуучунун өзүнө жараша мойнуна кызмат жүктөп, ошол төрт айдын ичинде аларды пайдалануу керек. Анткени бул маселе өткөн жылдарда каралып, жер-жерлерге бир канча окуучу жаштарды кызматка жиберген эле. Бирок мындан көңүлдөгүдөй болуп анчалык натыйжа чыкпады. Эми өткөн ишти койуп, келечектин камын кылууга күрөшүүгө керек. Бул тууралуу мен төмөндөгү өз ойумду айтып олтурамын.*

1. *Калк арасында кызматка бара турган окуучулардын ар бири өзү бети менен кете бербей, тийиштүү округдук, облустук өкмөттөр тарабынан жиберилүү керек.*
2. *Кыргыз улутун маданият жүзүндө эң артта калганын назарга алып, окуучулардын көөнүн калк агартуу кызматына жумшоо керек.*
3. *Эл арасында кызматка бара турган окуучулар эң биринчи калктын турмуш жайы менен таанышып, караңгы калкты чочутпай, үркүтпөй ыңгайына карап кызмат кылуу керек. Калкты өзүнө кайра тартпай, өзүнөн качырып алган жаштар да болгон.*

   *Биздин калк караңгы, илим-билимсиз болгондуктан, анча-мынча сөздү уга койбойт. Түшүндүрүүгө вакты керек.*

   *Анын үчүн айкырып бакырууга болбойт. Кандай гана болсо да аларды үркүтпөй, чочутпай түшүндүрүү керек.*
4. *Окуучулардын көбү кедейдин балдары, өз жанынан каражат кылууга күчүнөн келбейт. Ошондуктан*

*алардын кылган кызматына карай кызмат акы берилип туруу керек.*

5. *Баарыбызга белгилүү кыргыз калкы жазында ар тарапка бытырап тоо араларына көчүп кетет. Кээ бир мындай жерге барган кедей окуучуларынан айылма-айыл кыдырып жүрүп кызмат кылууга ат-улоосу жок. Жөө жүрүп кызмат кылууга болбойт. Андайларды: сен эмне кылып жүрөсүң деп бирөө карап да койбойт.*

   *Ошондуктан жерлердеги болуштук, райондук өкмөт адамдары аларды ат-улоо хам башка кемчиликтер жагынан карап, жардам берип турууга керек.*

6. *Калктын баары мугалим жок деп какшайт. Ошол какшагандары чын болсо, калк арасынан окутуучу болуп барган окуучуларды хам өкүмат адамдары жакшы көрүү менен карап, колдон келген жардамдарын кылуу керек.*

***Мурат Салих***

***"Эркин Тоо" №15, 15-апрель, 1925-жыл***

## “Кыргыз жеринде кыргыз тили болсун!”

Мурат Салиховдун Кыргыз Республикасынын телчигишине, экономикасынын өсүшүнө, маданиятынын өркүндөшүнө чоң салым кошкондугу талашсыз. Аны таразасы так тарыхыбыз далилдеп турат. Тоолуу Ата Журтунун келечеги үчүн бар күчүн арнап, иштеп жүргөн күндөрүндө да өзүнүн эне тилинин да тагдырын унутпай, кичи мекени болгон Баткен чөлкөмүн эсинен чыгарбай жүрүптүр... 1938-жылы Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Советинин төрагасы болуп иштеп жүрүп, Баткен районунда “Кызыл туу” гезитин чыгаруу боюнча демилге көтөрүп, ишке ашыргандыгы бул сөзүбүздүн далили болуп эсептелет.

Бул жөнүндө белгилүү жазуучу Мамасалы Абдукаримов 1990-жылы Баткенге келип, “Кызыл туу” гезитинин редакциясынын чыгармачылык жамааты менен жолугушуусунда эскерип айткандыгын, ошону менен бирге ал Мурат Салиховдун Ташкентте окуп жүргөндө кыргыздын тунгуч гезити “Эркин тоого” макала жазып жүргөнүн айтып, 1-2-макаласын араб арибинен кыргыз арибине которуп берген. Ал макалалар “Кызыл туу” гезитине жарыяланган болчу.

Мектепте Мурат Салиховдун музейин уюштурууга демилгечилердин бири, Кыргыз Республикасынын билим берүүнүн мыктысы Акматов Тентимиш агай ошол мезгилдеги баш калаабыз Фрунзеге (азыркы Бишкекке) 1988-1989-жылдары эки жолу атайын барып, Кыргызстан КП БКнын архивинен “Эркин тоо” гезитине 1924-1925-жылдары жарыяланган анын төрт макаласынын фотокопиясын алып келди, алар мектептин музейинде азыр да сакталууда. Макалаларды араб арибинен азыркы биз

колдонуп жүргөн кириллицага белгилүү түркolog, профессор И.Абдувалиев оодарып берди.

“Эркин тоонун” 1925-жылдын 5-мартындагы санына жарыяланган “Мекеме жерлилештириш унутулбасын” деген макаласындагы жаңыдан эле административдик аймак катары бөлүнүп чыккан кыргыз жергесинде титулдук улут болгон кыргыздардын улуттук тилинин абалы, аны өркүндөтүүнүн жолдору жөнүндө күйүп-бышып айткан ойлору институтта окуп жүргөн кезинде эле анын дарамети канчалык экендигинен кабар берип турат. Бул макалалардын бардыгы “Кызыл туу” гезитинин 1991-жылдын 17-январындагы №8 санына “Мурат Салиховдун гезиттик макалалары” деген ат менен жарыялангандыгын Баткен районунун окурман журту билет. Аталган басылмада журналист-кабарчы болуп иштешкен Аскар Ражабалиев, Айтбай Гыязов, Гүлсүн Кимсанова ж.б. сыяктуу Баткен районунун тургундары алиге эстеринен чыгарбай айтып жүрүшөт.

“Кыргыз туусу” гезитинин 2004-жылдын 27-29-апрелиндеги №29 санынан журналист Бермет Маткеримованын Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген кызматкер Ажымакун Түркмөнов менен дил маегин окуган болчумун. Журналисттин “Эркин тоонун” (азыркы “Кыргыз туусунун”) 80 жылдык маарекесинин алдында өзү 40 жылга жакын иштеген бул басылманын тарыхы, андагы түйшүктүү иштерден эскерип берүү жөнүндө өтүнүчүнө жооп кылып отуруп, ал киши мындай дептир:

“Андан бери канча жаз келип, канча кыш өттү. Мезгил күлүк, мезгил аккан суу тура. Менин бактыма кыргыздын бул гезитинин тарыхын жараткандарды, анын түмөн түйшүгүн башынан кечиргендерди көрүп калдым. Алардын ичинен биринчи көчүрмөчү Кусейин Карасаев, биринчи

таратуучулардан болгон Мамасалы Абдыкаримов, алгачкы арип теруучулордун бири Мурат Салихов менен баарлашып, сүйлөшкөн күндөрүм болчу... Арип теруучу Салихов болсо, жергиликтүү арип теруучулор биздин гезитти чыгаруучуларга тымызын тоскоолдук кылып жүрүшкөндүгүн кейип кеп кылып, кийин Бишкекке көчүп келгенде жыргап калдык дечү." Бул мындан 10 жылдай мезгил мурда болгон сөз.

Өткөн жылдын 7-ноябрында кыргыздын улуттук төл гезити "Эркин тоонун" 90 жылдыгы республикалык деңгээлде зор даярдыктар менен шаан-шөкөттүү белгиленди. Жогоруда Ажымукан Түркмөнов белгилегендей, бул гезиттин алгачкы чыгарылышынан тарта там-туң басып телчигип кетишинде жана азыркыдай коомдук-саясий басылмага айланып, өсүп жетилишинде башкалардын катарында биз сөз кылып жаткан Мурат Салиховдун дагы тиешелүү мээнети, өз деңгээлиндеги салымы бар экендиги талашсыз.

Кыргыз тили жана адабияты мугалими катары "Кыргыз туусу" гезитинин тарыхы, анын 90 жылдыгы боюнча материалдар менен кызыгып таанышып келүүдөмүн. Аларды окуп, "Эркин тоонун" биринчи санынан тарта азыркы чыгармачыл жамаат чыгарып жаткан "Кыргыз туусунун" материалдарын кыргыз элинин, мамлекеттик тилибиз болгон кыргыз тилинин тарыхы менен тыгыз байланышта экендигине ынанбай коё албайсың.

Мурат Салиховдун жетик инсан, ибараттуу жана коомдук ишмер болуп жетилишинде кыргыз элинин тунгуч гезити "Эркин тоо" менен студент кезинен баштап байланышта болгондугунун да зор үлүшү бар экендиги бизди ынандырат. Көрсө, "Эркин тоонун" биринчи редактору Осмонкул Алиев, биринчи жооптуу катчысы Мамасалы Абдыкаримов болсо, алгачкы линопитисттеринин (арип

терүүчүсү) бири болуу шыбагасы Мурат Салиховго туш келиптир. Арип терүүчүлүктү гана аткарып жүрө бербей, гезит да таратып, көңүлүнө тынчтык бербей удургуган ой-лорун "Эркин тоонун" беттерине жарыялап дагы жүрүптүр.

Мектепте "Эмгек даңкы" музейин ачуу максатында, жогоруда белгиленгендей, биздин насаатчыбыз, билим берүүнүн мыктысы, азыр ардактуу дем алууда жүргөн Акматов Тентимиш агайдын демилгеси менен Кыргызстан КП БКнын архивинен алынган "Эркин тоонун" беттеринде 1924-25-жылдары жарыяланган Мурат Салиховдун 4 макаласы төмөнкүлөр:

1. "Ылаажы бар бекен?" (1924-жыл. 27-ноябрь, №2).
2. "Фергана тоолоруна көз салынсын" (1925-жыл, 3-январь,№4).
3. "Мекеме жерлилештириш унутулбасын" (1925-жыл, 5-март №8).
4. "Окуучуларды пайдалана турган вакыт келди" (1925-жыл, 7-апрель, №15).

Бул макалалардын мазмуну, ошол учурдун саясий-экономикалык деңгээлинен алып караганда, автордун көз караштарынын тереңдигинен жана ой жүгүртүү жөндөм-дүүлүгүнүн артыкчылыктарынан кабар берип тургандыгын окуган адам сөзсүз баамдайт. Айрыкча "Мекеме жерлилеш-тириш унутулбасын" деген омоктуу ойлорго жыш, бирок кыска жазылган макаласын окуу менен тунгуч гезитибиз "Эркин тоонун" тагдыры кыргыздын улуттук тилинин, көөнөрбөс маданиятынын тагдыры менен түздөн-түз байланышта болуп өсүп-өнүгүп келгендигине, улуттук тилибиздин өнүгүшүнө 90 жылдан ашык мезгилден бери баа жеткис салым кошуп келе жаткандыгына, Жусуп Абдырахмановдун, Ишеналы Арабаевдин, Касым

Тыныстановдун ж.б. мекенчил инсандардын катарында Мурат Салиховдой улуттук тилдин тагдыры үчүн күйүп жанган көптөгөн инсандардын иш-аракеттеринин натыйжасы бүгүн даана көрүнүп тургандыгына ыраазылык сезимиң жанданбай койбойт экен.

Автордун аталган макаласында айтылган урунттуу, ошону менен бирге ынанымдуу ойлоруна назар салып көрөлүчү:

а) “Ар жерлерде өкмөт иштери жергиликтүү тилде болсун” деген ураан чакырылып жатат”.

б) “Өзүбүздүн иш билген адамдарыбыз болбой, мекемелерибизди йаврупалык жолдоштор менен толтуруп отурабыз” .

в) “Бирин-серин өз тилибизде иш билген адамдарыбыз болсо, колун көндүрүп, аларга иш берүү керек”.

г) “Облус мекемелеринде бирден жүргүзүп кетүүгө оңой болбойт деп таштап койбой, мүмкүн болушунча ишти кыргыз тилинде жүргүзүүнүн чарасын колдоо керек”.

д) “Менимче округдардан баштап, айыл-кыштакка чейин иштин баары кыргызча жүргүзүлсө, талаш болбосо керек”.

е) “Кыргыз облусунда кыргыз тили болсун!”

Не деген эр жүрөктүүлүк, не деген таасирдүү жана таасын ой корутундулары! Жаңыдан түзүлгөн жаш кыргыз мамлекетиндеги улуттук тилдин өсүп-өнүгүүсү, улуттук маданияттын жаркын келечеги үчүн күйүп жануунун теңдеши жок үлгүлөрүнүн бири эмей эмне! Тилдин тагдыры, тилдин ээси болгон элдин тагдыры, анын маданиятынын деңгээли үчүн күйсө ушунчалык күйөр деп тан бересиң.

М.Салиховдун эне тилге өзгөчө мамилеси менен ошол учурдун дагы бир улуттук лидери Ж.Абдырахмановдун

улуттук көйгөйлөргө, өзгөчө тил маселесине көз карашы үндөшүп турат. Ал өзү жазып жүргөн күндөлүгүндө 1931-жылдын 26-январында мындай деп жазган турбайбы: "Көпчүлүк райондордо орустар жашабаганына карабай, райондук аппаратта орустар отурушат. Алар кыргыз тилин мен кытай тилин кандай билсем, ошондой билишет. Мына ушул жетекчилер үчүн райондогу иш кагаздары орус тилинде жүргүзүлөт. Демек, аппарат эл үчүн эмес, ушул чиновниктер үчүн иштеп жаткандай."

Тамчыдан булак, андан толукталып отуруп дарыя толукталгандай, ушундай жалындуу сөздөрдөн толукталып, улуттук аң-сезим калыптанары бардыгыбызды ынандырат. Ушундай жалындуу патриоттордун бардыгынан кыргыз мамлекеттүүлүгү тамырын кенен жайып, гүлдөп өсүп-өнүгүп келе жаткандыр деп канагаттанасың.

Иштерман, көрөгөч агабыз ушинтип бүтүндөй тоолуу кыргыз жергесинин караңгыдан чыгуунун жолун издеп далбас уруп, жан талашып жаткан кыргыз элинин келечеги үчүн жанын үрөп иштеп, түйшүгү түмөн мамлекеттик жетекчиликтен колу бошобой алп урушуп жүргөн мезгилдеринде да республиканын булуң-бурчтарындагы калың калктын катмарынын, анын ичинде өзүнүн кичи мекени болгон Баткен чөлкөмүнүн дагы ал-акыбалын көңүлүнөн чыгарбай, назарын салып жүргөндүгү анын, анын эле эмес, ошол саясий жактан жооптуу шартта үркүтүп-коркутуулардан токтоп калбай, жаңы жетилип келе жаткан мекенчил атуулдарыбыздын кыргыз элинин жаркын келечеги үчүн жасаган эрдикке тете аракеттеринен бизди маалымдар кылат.

2014-жылы дээрлик бир жылга жакын мезгил бою "Эркин тоонун", азыркы "Кыргыз туусу" гезитинин 90

жылдык маарекеси жөнүндө гезит бетинде макалалар, интервьюлар, эскерүүлөр жана башка материалдар кеңири жарыяланды. Гезиттин тарыхын эстеткен сүрөттөр чапталды. Кыргыз элинин өз эне тилинде чыккан тунгуч гезитинин тарыхында алгачкы чыгаруучулардан болуп катышкан адам катары дагы, коомдук жана мамлекеттик ишмер катары дагы салымы бар Мурат Салиховдун аты ошондой улук аян күндөрдө башкалар менен кошо аты аталып калганы дурус эле болду. Ушуга да шүгүрчүлүк келтирип, өзүмдү жоонттум. Аты аталбай жүргөн жылдардын эсеси чыккандай болду. Атын атаса куту сүйүнөт да. Бүгүн эми өткөн ишке салават дегенден башка аргабыз жок.

Өзгөчө белгилей кете турган нерсе – бул. Демек, эне тилибиздин табигый өнүгүшүнө жол салуу үчүн болгон күрөштө Касым Тыныстановдун И.Арабаевдин, Ж.Абдырахмановдун жана башкалардын катарында Мурат Салихов да болгондугу чындык турбайбы. Бийлик башында турган айрым адамдардын тил маселесинин канат жайып өсүп-өнүгүшүнө өз салымын кошпостон, кайрадан тескерисинче кедергилерин тийгизип жаткандыгы кийинки мезгилге чейин сезилип келбедиби. Эгер мамлекеттик тил үчүн күрөштүн башында болушкан бул инсандар тирүү болушканда, 1979-жылы Фрунзе шаарында өткөн “Орус тили - улуттар аралык катнаштын тили” деген Бүткүл союздук конференцияда орус тилине экинчи эне тил катары баа берилгендигин угушканда, кандай акыбалда калышат эле. Бул берилген баа бара-бара саясий компанияга айланып, баш мыйзамыбызга да киргизилип, эне тилибиздин өнүгүшүнө ого бетер терс таасирин тийгизип салгандыгына күбө болуп келе жатпайбызбы.

Дагы жакшы, мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзамдын жакшы иштебей жаткандыгынан коомчулуктун нааразылыктары сезилип мындай коомдук пикирди колдоп, Кыргыз Республикасынын Президенти 1998-жылдын 20-январында "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тилин өнүктүрүү жөнүндө" буйрук чыгарды. КРнын Президентинин алдында мамлекеттик тил боюнча Улуттук комиссия түзүлдү. Бул улуттук комиссия эне тилибизди өнүктүрүүнүн 2000-2010-жылдарга эсептелген программасын иштеп чыгып, ал кемчиликтер менен болсо да ишке ашырылып келди.

Мына эми кийинки кездерде өлкөбүздө тил саясаты туруктуу өнүгүү жолуна түштү. Президентибиз 2013-жылдын 1-июлунда №155 "Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча иш чаралар жөнүндө" жарлыкка кол койду. Муну менен Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди өнүктүрүү концепциясын, 2014-2020-жылдарда мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасын иш жүзүнө ашыруу кеңири колго алынды. Өлкөбүздө тил саясатына туура багытта өнүгүүгө жол ачылгандыгын кубаттап, ЮНИСЕФ сыяктуу уюмдардын бул ишке көмөк көрсөтүп жатышы мекенчил кыргыз атуулдарын кубантары бышык. Мунун өзү Советтик доордо мекенчил атуулдарыбыз баштаган улуттук тилибиздин байлыгы, тазалыгы, тунуктугу, кеңири өсүп-өнүгүп, кыргыз элине кызмат кылышы үчүн күрөштүн токтоп калбай, улантылып келе жатышынын далили.

Окумуштуулардын изилдөөлөрү жана далилдөөлөрү көрсөткөндөй, бүгүнкү күндө дүйнө жүзүндөгү 6 миңдей тилдердин жарымынын алдында келечекте жок болуп кетүү

коркунучу тургандыгын, кыргыз тилине тектеш тува, якут, хакас, долгон, алтай ж.б. тилдердин келечек абалынын оор экендигин эске алганыбызда, кыргыз тилинин өсүп-өнүгүүсү үчүн XX кылымдын 20-жылдарындагы патриоттук демилгелердин суубастан кайра улам кызып отурушу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Орхон-Энесай рун жазма эстеликтеринин бири Билге кагандын эстелигинде жазылган "Мен курганым үчүн түрк эли курулган эле. Мен мынча курганды баштабасам, түрк эли өлөт эле, жок болот эле. Түрк бектери жана эл, муну ойлогула!" – деген осуят сөздү эсте тутуп, аткара жүрүү бардык кыргыз жигит-кыздарына, бардык адистиктеги кызматкерлерге кыргыз улутунун улуттугун сактап турган кыргыз тилинин келечеги үчүн күрөш менен барабар экендигин эске салып тургансыйт. Бул тууралуу бардыгыбыз ойлонушубуз, кыргыз тилинин мамлекеттик тил катары өркүндөшүнө өз салымыбызды кошуубуз, ал аркылуу өсүп келе жаткан жаш муундардын мекенчилдик сезимдерин калыптандыруубуз зарыл.

# "Бүгүн сени Ата Журтуң эскерип..."

Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө ээ болгон жылдар ичинде Сталиндик репрессияга дуушар болгон инсандарыбыздын аттары такталып, иштери акталды. Күнөөлөрү жок экендиги аныкталды. Алардын атылып, көмүлгөн бейиттери табылып, эстелик тургузулуп, "Ата-Бейит" аталды. Кыргыздын А.Орозбеков, Б.Исакеев, Ж. Абдырахманов, Т.Айтматов, К.Тыныстанов, О.Сыдыков, М.Салихов сыяктуу ж.б. көптөгөн эр жүрөк атуулдарынын ысымдарын эл азыр терең урмат менен аташат.



Мурат Салиховдун эстелигинин ачылыш учурунан. (1990-ж.)

Баткен районунун Самаркандек айылындагы Самаркандек орто мектеби 1985-жылдын 15-апрелинен баштап Мурат Салиховдун ысымын алып жүрөт. Ош шаарынын Чыгыш кичи районундагы бир көчө, Баткен облусунун борбору Баткен шаарындагы бир көчө анын ысымы менен аталат. Мурат Салихов атындагы орто

мектепте атайын музей уюштурулган. 1990-жылы 8-майда бул мектептин 1975-жылкы бүтүрүүчүлөрү демилге көтөрүшүп, мугалим, класстан тышкаркы тарбиялык иштерди уюштуруучу Абдишүкүр Маматовдун демилгеси жана сүрөтчү мугалим Абдурасул Ботогозуевдин чеберчилиги менен Мурат Салиховдун эстелигин мектептин кире беришине тургузушту. Анткени, 1938-жылдын 8-майы анын саясий мамлекеттик ишмер катары эң акыркы иш күндөрүнүн бири болгон. Эстеликти ачуунун ушул күнгө белгилениши, анын 1938-жылдын ноябрында атылгандыгы жана Чоң-Таштагы кирпич заводунун чуңкуруна көмүлгөндүгү бизге белгисиз болгондуктан, анын жок болгон күнүндө арбагын эстеп коюу боюнча максатыбыз менен байланышкандыгын сезип тургандырсыз, окурманым.

Мектептин мугалимдеринин жана окуучуларынын, айылдын жалпы элинин ал күнкү толкундоолорун, жүздөрүндөгү сыймыктануу сезимдерин сөз менен так, таамай сүрөттөп жеткире алгыдай эмесмин. Эстеликти курууну атайылап анын туулганына 85 жыл толгонуна багыштап жаткандыгыбыздан тышкары дагы, анын саясий аренадан сүрүлүп, жумуштан күнөөсүз бошоп кеткендигине 52 жыл толуп отургандыгы менен да байланыштырып, анын арбайына куран окутуп,эскерип коюу жөнүндөгү ой-максаттарыбыздын ишке ашып жаткандыгы биздин улуулардын арбагын сыйлоо, урматтоо сезимибизди толуктап турду.

Маркумдун эстелигин коюу үчүн мектептин короосуна кире бериштеги аянтчадан ыңгайлуу жер тандалып алынган. Себеби, ким келсе, алгач бул инсандын арбагына сыйынып, таазим этип, анан мектепке кире тургандыгы эске алынган болчу.

Мектептин айланасы шаңдуу болуп турду. Салтанатка мектептин мугалимдеринен жана окуучуларынан тышкары Самаркандек селолук советинин, Лениндин 100 жылдыгы атындагы совхоздун жетекчилери, айылдын кадыр-барктуу аксакалдары, алдыңкы жумушчулары, Мурат Салиховдун кызы Атыргүл эже, небереси Жандос, калган тууган-уруктары, партиянын райондук комитетинин жана райондук аткаруу комитетинин жооптуу өкүлдөрү чогулушту. Мурат Салиховдун өмүрү, ишмердүүлүгү жөнүндө кыскача кириш сөздөн кийин досу Искендеров Эргеш аксакал, балалык күндөрү, Мурат менен бирге окуган мезгили жөнүндө эскерип, эстеликтин лентасын кести. Маркумдун эстелигине гүлдестелер коюлду. Салтанаттын катышуучуларына мектептин мугалими Турдуев Даабек агай маркумдун эстелигинин ачылышына арналган төмөнкү ырын окуп берди:

*Эл жерим деп, Ата Журтум, Мекен деп,*
*Баш көтөргөн тунгуч уулу сен элең.*
*Максат менен муратыма жетем деп,*
*Калк мүдөөсүн кайышпастан көтөргөн.*

*Гүлдөй курак, өзү элең жалындын,*
*Кара мүртөз капканына кабылдың.*
*Максатыңды толук ишке ашырбай,*
*Жарк деп өчүп, кырчыныңда чабылдың.*

*Жылдар өттү, өсүп-өндү балдарың,*
*Гүлгө айланды каның тамган турпагың.*
*Сен өлсөң да, элиң өсүп артыңдан,*
*Ишке ашырды максатыңдын бүт баарын.*

*Бүгүн сени Ата Журтуң эскерип,*
*Сага арнап койду бийик эстелик.*


*Сендей уулун унутууга акы жок,*
*Улуу доор - кайра куруу кез келип.*

*Заман даарып акыйкаттык тез келип,*
*Мына бүгүн мейман болдуң айылыңа,*
*Сенин басып өткөн жолуң түбөлүк,*
*Үлгүлүү иш – жаштарга, бүт калкыңа.*

Эстеликти ачып жатып жакын досу Искендеров Эргеш аксакалдын "Арбагы силерди колдоп жүрсүн, балдарым!" – деп алкаганы, кызы Атыргүлдүн "Мен атамдын кайсы жерде жатканын билбейм. Кайда барып, сыйынып, куран окутканды билбей жүрөт элем. Эми мага мындай мүмкүнчүлүк табылды. Сиздерге миңден бир ырахмат!" - деген жүрөк толкуткан сөздөрү окуучулардын, мугалимдердин, ошол кездеги мектеп жетекчиси катары менин да күнү бүгүнкүдөй эсимде. Мектепке жыл сайын Мурат Салиховдун агасы Дастан Салиховдун неберелери Каныбек, Кеңеш, Камчыбектер келишип, жолугушууларга катышышып, эң мыкты иштеген мугалимдерге жана эң мыкты окуган окуучуларга акчалай сыйлыктарды берип турушат. Мектептин педагогикалык жамааты окуучуларды "Мамлекеттик жана коомдук ишмер Мурат Салиховдун өмүрүнүн жана ишмердүүлүгүнүн үлгүсүндө мекенчилдикке тарбиялоо" деген педагогикалык проблеманы тандап алып, натыйжалуу иштеп келишүүдө.

# Дастан сот

Баткен районунун түзүлгөндүгүнө, түптөлүшүнө өткөн жылы сексен жыл толду. Бул аймактын социалдык-экономикалык жактан өсүп-өнүгүшүнө аз болсо дагы салым кошкон, кошуна республикада иштесе дагы, өмүрүнүн негизги бөлүгүн Самаркандек айылында жашап өткөргөн, улуу элдин учуна, кыйла элдин кыйырына таанымал инсандардын бири, калың элдин арасында Дастан сот деген ат менен белгилүү Салихов Дастан аксакал болгондугун азыркы айрым жаштарыбыз жетиштүү биле беришпейт. Жогоруда белгилегендей, ал көрүнүктүү коомдук жана мамлекеттик ишмер Мурат Салиховдун бир тууган агасы. Эми сөздү мына ушул инсан жөнүндө уламакчыбыз.



Дастан Салихов – Тажик ССРинин юстиция министри

Дастан сот (Салихов Дастан) жөнүндөгү маалыматтар менен Мурат Салихов атындагы орто мектептин "Эмгек даңкы" музейинен таанышууга болот. Музейде ал инсан жөнүндөгү материалдардын арасынан бизди кызыктырганы "Тажик көмүр" кен башкармасынын кадрлар бөлүмүнүн мөөрү менен тастыкталган эмгек китепчесинин жана Кыргызстан КП Баткен райондук комитетинин биринчи катчысы М.Нургазиевдин

колу коюлуп, мөөр басылган партиялык-учеттук карточкасынын көчүрмөлөрү болду. Бул документтерге таянсак, Салихов Дастан 1898-жылы туулган, 1925-жылдан өмүрүнүн аягына чейин КПССтин мүчөсү болгон. Өзүнүн эмгек жолун 1913-жылы август айында же он беш жашында Түркестан крайынын Фергана облусуна караштуу Канибадам волостундагы САНТО (азыркы КИМ) поселогунда нефть иштетүүчү жеке менчик ишканада кара жумушчу болуп иштөө менен баштаган. Андан кийин үч жыл Алыкулов деген избаскенттик байдын колунда жалданып жумушчу, кайрадан САНТОго келип 7 жыл нефть иштетүүчү болуп иштеп жүрүп, 1924-жылы Өзбек ССРинин Канибадам районуна караштуу Лейлек (азыркы Баткен) волостунун Рават кыштагындагы Рават башталгыч мектебине мугалим болуп дайындалган. Демек, Рават орто мектебинин биринчи мугалими дагы ушул Салихов Дастан болушу мүмкүн деп мурда жазган элем. Бирок, бул жерде аныктап, тактай турган дагы бир маселе чыгып отурат. Тажик Республикасынын азыркы Исфара районуна караштуу Матпари кыштагы айланасындагы бир топ кыргыз айылдары менен кошо 1924-жылы Кара-Кыргыз автономиялык облусу өзүнчө болуп бөлүнгөнгө чейин Өзбекстанга карап турган.

Андан мурда Кокон хандыгы жеңилгенден кийин 1876-жылдан баштап Россия империясына, анан 1922-жылы СССР түзүлгөндө Түркестан АССРинин Фергана облусуна карап калгандыгын тарыхты окуган адам өзү билип тургандыр.

Мына ошол азыркы Тажик Республикасынын Исфара районуна караштуу Матпари кыштагын жана анын айланасындагы Даанакол, Наркозу, Кыргыз-Кыштак (азыркы

Жаңы-Абад) айылдарын бир нече кылымдар бою жалаң кыргыздар мекендешкен. Азыр да бул айылдарда жалаң кыргыздар жашашат. Ошол мезгилди башынан өткөргөн аксакалдардын айтканына караганда, Матпари, Даанаколдогулар Андыген, САНТОдогулар Кара-Тоо жайлоолорун, Наркозу менен Кыргыз-Кыштак айылдарынын тургундары болсо Маргун, Дархун, Даргаз деген жерлерди жайлоолоп, кайра кышында өз турактарына көчүп келип турушкан.

Жергиликтүү изилдөөчүлөрдүн (М.Үсөнов, Г.Абдырахманов, А.Кочкоров) баяндамаларында Баткен аймагындагы биринчи кыргыз мектеби Исфарада болгондугу айтылат дебедикпи жогоруда. Демек, кыргыздар топ жашаган жер Матпари кыштагы болгондуктан, аксакалдардын "Биринчи кыргыз мектеби Матпарида болгон" деген оозеки аныктамасы туура болсо керек. 1981-жылы Дастан Салихов дүйнөдөн кайтканда Баткен райондук "Кызыл туу" гезитине чыккан партиянын райондук комитетинин жана райондук аткаруу комитетинин некрологунда дагы 1924-жылдан Матпари кыштагында жаңыдан уюштурган мектепте мугалим, директор болгондугу белгиленген.

Ал эми бул кишинин партиянын Баткен райондук комитетинин биринчи катчысы М.Нургазиев кол коюп тастыктаган партиялык-учеттук карточкасында мындай жазуу бар: "1924-жылдын июлунан 1925-жылдын сентябрына чейин Өзбек ССРинин Канибадам районунун Лейлек волостундагы Рават кыштагы. Башталгыч мектептин мугалими". Буга караганда, Дастан Салихов коңшулаш Тажикстандын азыр да кыргыздар жыш жашаган Матпари аймагында ачылган алгачкы кыргыз мектебинин алгачкы мугалими, Дүйшөнү болгон деп бекем ишеним менен айта берсек жаңылбасак керек.

Дагы бир тактоо зарылдай болуп турат. Дастан Салихов Рават айылындагы мектептин алгачкы мугалимдеринен болушу мүмкүн дебедимби жогоруда. Мына ушундай ойдо элем. "Рават" орто мектебинин тарыхын изилдеп жүргөн тарых илимдеринин кандидаты, БатМУнун доценти Абдинаби Кадыров, мугалимдер, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктылары Саиткан Базарбаев, Алимбай Отпасаров агайлар менен аңгемелешкенибизде, ал учурда Андыген жайлоосунун аймагындагы эл жашаган кокту-колоттору бардыгы Рават кыштагына карап тургандыгын,бул аймакта ачылган биринчи мектеп Андыгендеги Теке-Булагы деген кыштакчада , эл көп жашаган жерде болгондугун, а мектеп Рават мектеби деп аталып жүргөндүгүн айтышты. Андыген жайлоосунда азыркы учурда эл кыштабайт, 7-8 ай жайлоолоп гана кайтышат. Демек, мындай болгон соң, Дастан Салихов Рават аймагындагы Андыгенде Теке-Булагы деген кыштакчада кыргыз балдарын окуткан алгачкы мугалим болгон десек жаңылбасак керек. Муну дагы тарыхчылар зарылдыгына жараша изилдеп, аныктык, тактык киргизээр деген ойдомун.

Ушинтип, өмүр баянын, ишмердүүлүгүн иликтеп отуруп чыныгы өжөр, жеткен кашкөй, кайратман, көздөгөн максатына жетүү үчүн бар күч-аракетин жумшоодон тажабаган инсандардын бири дал ушул Дастан Салихов экендигине ынандым.

Мурда гезит беттерине жазган макалаларымда бул кишинин кимден сабак алып, кайдан окугандыгы жөнүндө маалымат жоктугунан "Сабатсыздыгын кантип жойду экен? Эгер окубаган болсо, анда кантип шыр эле мектепте мугалим, директор, кийин эл соту болуп иштеп кетти экен?" - деп таң калганымды билдиргемин. Бул табышмактын сыры

кече кийин ачылды. Кызы Мамлакат Салихова атасы өз алдынча, башкалардан окубай эле, орусча сабатын ачып алгандыгын айтып берди.

Анын айтканына караганда, 1915-жылы эки чырактай уулу Дастан менен Муратты (Марданды) томолой жетим калтырып, атасы Салих (Мамасалы) дүйнөдөн кайткандан кийин, жигиттик бараалы келип калган Дастан нефть бургулоочу участканын орус улутундагы кожоюнунун Пётр деген уулун ат арабада мектепке ташып кызмат кылат. Ошол кожоюндун баласын эртең менен мектепке, окуу бүткөндөн кийин кайра үйгө ташып жүрүп, баланын окугандыгына кызыгып, аны менен бирге эжелеп арип үйрөнүп жүрүп, сабатын жоюптур. Өзүнүн жаңыны өздөштүрүүгө, үйрөнүүгө ынтызарлыгы, аракетчилдиги менен, анын үстүнө тубаса зиректиги, дааналыгы кошул-ташыл болуп, өз сабатын өзү жоюп, өзүнүн көзүн өзү ачыптыр. Буга да иштеген иши шылтоо болуп, анын айы менен шарт түзүлүп калганын көрүңүз. Болбосо балдар үйүндө аз гана окуган, сабаты али толук ачыла элек жигит, канчалык болсо дагы, арипти тааный элек балдарга арип таанытып, мугалимдикти аркалап кете албайт эле да. Бул дагы, албетте, али тактоону талап кылат. Азырынча бизге жеткен маалыматтар ушундай.

Биздин каарманыбыз Дастан Салихов 1925-жылдан баштап сот органдарында иштөөгө өткөн. Ушул жылдын сентябрь айында Кыргыз автономиялуу облусунун Лейлек районуна караштуу Самаркандек кыштагында элдик соттун судьясы болуп дайындалган. Анда үч жыл иштегенден кийин идиректүү жигитти Кыргыз АССРинин Алай-Гүлчө районуна дагы эле өзү иштеп өздөштүрүп алган элдик соттун судьясы болуп иштөөгө жөнөтүшөт.

1929-жылы атайын жолдомо менен Ташкенттеги СССРдин Борбордук Аткаруу Комитетине караштуу В.И.Ленин атындагы Орто Азия Коммунисттик университетинде (САКУга) кирип, аны 1932-жылы май айында ийгиликтүү аяктайт. Муну ага берилген №278 күбөлүк ырастап турат.

1933-жылдын март айына чейин өзү билим алган университетте окутуучу болуп иштейт. Андан кийин бир жыл Кыргыз АССРинин Лейлек районундагы Жумушчу – дыйкан инспекциясынын райондук контроль комиссиясында партиялык коллегиянын катчысынын милдетин аткарат. 1934-жылы Тажикстандын Шураб поселогунда поселкалык кеңештин төрагасы, 1935-жылы ошол эле Шураб кенинде партиялык комитеттин катчысы болуп шайланган.

Ишти билген, уюштургуч, саясий көз карашы тың жетекчи катары тааныла баштаган Дастан Салиховду жоопту жетекчилик кызматтарга жөнөтүү зарылдыгы келип чыгат да, 1936-жылы Тажик ССРинин Жерге-Тал райондук аткаруу комитетинин төрагасы, 1937-жылы Тажикстан Компартиясынын Жерге-Тал райондук комитетинин биринчи катчысы болуп шайланат. 1938-жылы Тажик ССРинин Компартиясынын Борбордук Аткаруу комитетинин өнөр жай жана транспорт бөлүмүнүн башчылыгына, андан кийин тез эле Тажик ССРинин юстиция министрлигине дайындалат. Министр болуп иштегендигин мектептин музейинде сакталып турган, Тажик ССРинин Эл Комиссарлар Советинин төрагасы кол койгон “Салихов Дастан Тажик ССРинин юстиция Эл комиссары болуп эсептелет. 1939-жылдын 1-январына чейин жарактуу” деген жазуусу бар №7 күбөлүк далилдеп турат.

Ошол эле жылы анын жетекчилик карьерасында артка карай чукул бурулуш жасалып, министрлик кызматтан бошотулуп, июнь айында Ленинабад (азыркы Согди) областынын социалдык камсыздандыруу бөлүмүнүн башчылыгына жөнөтүлөт.

Неге мындай чукул бурулуш болуп кетти? Анын юстиция министрлигинин биринчи жетекчилигинен чукул арада бошотулушуна эмне себеп болду экен? Биздин оюбузча, ой жүгүртүп аңдаштырган адамга, 1937-жылдан Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Советинин төрагасы, 1938-жылдын 14-февралынан Кыргыз ССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагасы болуп жооптуу мамлекеттик кызматта иштеп турган бир тууган иниси Мурат Салиховдун "Эл душманы" деген жалган жалаа менен камакка алынышы негизги себеп болгондугу өзүнөн-өзү түшүнүктүү болуп тургандыр.

Ошондон кийин анын "бийик чокуга жеткен ташы" улам ылдыйлап кулай берет. 1940-жылы Шураб кенинин башкармасынын орун басарлыгына дайындалып, 1942-жылдын январынан кенчилердин профсоюз комитетинин төрагасы болуп шайланат. Андан тез эле, ноябрь айынан кенде элдик соттун судьялыгына көрсөтүлөт. 1949-жылдан 1964-жылдын октябрь айына чейин "Тажиккөмүр" шахта башкармасында юрист-консултант болуп иштеп жүрүп, ардактуу пенсияга чыгат. Ага көп жылдык жемиштүү эмгеги үчүн республикалык маанидеги персоналдык пенсия чектелет.

Карылыктын бакубат доорун сүрүү менен Самаркандек кыштагында бактылуу үй-бүлөнүн бактыга тунган атасы, элдин кадырлуу аксакалы катары жашап жүрүп, 1981-жылдын октябрь айында 83 жаш курагында жарык дүйнө менен кош айтышкан.

Самаркандек айылынын кадырман аксакалдарынын бири, убагында Алай райаткомунун төрагасы болуп иштеген эмгек ардагери, 100 жаштан ашык жашап, пендечилик кылып оо дүйнөгө кеткени жатса дагы акылгөйлүгүнөн тайбаган маркум Бабаев Пахыр аксакалдын жана агартуу майданынын ардагери, маркум Исмаилов Таштан агайдын айткандарына караганда, Дастан сот токтоо, ар бир сөздү оболу терең ойлонуп, акыл элегинен өткөрүп, анан сүйлөгөн, чынчылдыгы, акыйкатчылыгы менен айырмаланган, ар кандай туура эмес иштерге туш келсе дагы, таразалап анан бир чечимге келген, иште дагы, үй-бүлөлүк турмушунда дагы тактыкты, тазалыкты жана сарамжалдуулукту сүйгөн адам болгон экен.

Тандаган багытынан кайтпагандыгы, принципиалдуулугу, илим-билимге өтө кызыккандыгы, окуп билип, өздөштүргөндөрүн туш келди эмес, ыңгайына карап, өзү тандап алган багытына ылайык же керегине жараша гана пайдаланчу экен. Пенсияга чыгып, карылыктын доорун сүргөн өткөн кылымдын 70-80-жылдарында бул кишини самаркандектик карыялар Молло Дастан деп жүрүшчү. Бирок, орозо айт, курбан айттарда айт намаздарына барчу эмес, беш убак жана айт намаздарын өз үйүндө гана окуган. Диний китептерди түп нускасында араб арибинде окуп өздөштүргөнү менен, эл аралап молдочулук кылбаптыр. "Неге минтип өзүңүздү алып качасыз?" – деп сурагандарга "Нан дагы бир бети менен эле кызарат, мен дагы бир бетим менен эле жүрөйүнчү," – деп жооп берчү экен. Балким, өзү КПССтин мүчөсү болуп, ишенген партиясынын идеологиясына өтө берилгендигинендир же эки жүздүүлүктү жактырбай, өз принциптерине бекем тургандыгынан ушинткендир.

"Сыр аяктын сыры кетсе да, сыны кетпейт" демекчи, канчалык кыйынчылыкка туш келсе дагы, тагдырдын желкесинен ныгырган оор жүгүн нарчасынан сыр бербей бек көтөрүп, "Бөтөн элде, бөтөн элде жүрөм" деп мүңкүрөбөй өз милдетин так аткарып кадыр-баркка жеткен, урмат-сыйга татыган турбайбы. – "Өнөөр данек жер тандабайт," – деген эл макалы Дастан соттун мүнөзүнө, ишмердүүлүгүнө куп гана жарашкансыйт.

Ошондуктан болсо керек, саресептүүлүгү, саясий кыраакылыгы, элге сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн Тажик ССР Жогорку Советинин биринчи чакырылышынын депутаты болгон. Тажик Республикасынын Ардак Грамотасы менен сыйланган.

Тагдыр айдаган арабаларынын дөңгөлөгү ылдыйга эмес, алдыга тартып, иниси Мурат Салихов "социализмдин душманы" деген жарлык менен Сталиндик репрессиянын курманы болбогондо, анын капшабы келип Дастан Салиховго тийбегенде, эл менен жер өрүшү бир тууган уулдарынын ак ниет эмгегинин үзүрүн канчалык деңгээлде көрмөк эле, муну божомолдоп айтуу кыйын. Кандай болгон күндө дагы, эл менен жерге дурус эле пайдалары тиймек, социалдык-экономикалык жактан өсүп-өнүгүүбүзгө, гүлдөп өзгөрүүбүзгө азыраак болсо дагы бараандуураак салым кошулмак. Байтерек чынарлардын көлөкөсү эле канчалаган адамга салкындык тартуулап, руханий дүйнөсүн сергитмек.

Байтерек чынар кулаганы менен анын мөмөсү, уругу, тукуму калып, улуу салтты, өмүр–жашоонун бүтпөгөн сапарын улантып, эл арасында, эл менен, эл кызматында болот эмеспи. Эми бул жөнүндө өзүңүз окуп, назар салыңыз окурман.

Дастан Салиховго бир өмүрлүк өмүр шерик болуп өткөн аялы, Баткен жергесине, айрыкча Орто-Боз өрөөнүнө кеңири таанымал, оозунда калыс сөзү, колунда короо-короо малы жана байлыгы бар, жазында Андыген жайлоосун, кышында Шакча кыштоосун (азыркы Көк-Таш кыштагынын күн чыгыш бөлүгү) мекендеген Абдилла бийдин бир тууган иниси Шайдилла деген байдын Сыдыка аттуу кызы болгон. Аны ата-энеси улуу чоң энесин, башкача айтканда, бабасынын аялын эскеришип "Мама" деп эркелетишкендиктен, бул кошумча аты кийин да өмүр бою аны менен бирге жашаган. Тууган –уруктары аны азыр да "Мама эже" деп эскеришет.



Дастан Салихов – Тажик ССРинин Жогорку Советинин депутаты

Айтылуу Дастан сот менен Сыдыка жети перзенттүү болушкан. Алардын эң чоң уулу Абдирашит 1928-жылы туулуп, 1947-1959-жылдары Краснодар шаарында окуп, аскердик окуу жайын аяктап, көп жылдар бою Советтик Армияда кадрдык офицер катары кызмат өтөгөн. Отставкага чыккандан кийин курулуш уюмдарында прораб, мастер катары иштеп Самаркандек аймагында эл чарбасынын өнүгүшүнө көп салым кошкон. Салихов Абдирашиттин 5 уулу, 3 кызы бар. Алардын эң улуусу Салихов Каныбек Самаркандек айыл өкмөтүнүн өзүн-өзү башкаруусунун башчысы болуп көп жыл иштеди, кесиби боюнча – инженер куруучу. Азыркы учурда да

Самаркандек айыл аймагында жер адиси катары иштеп, айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө өз салымын кошуп келүүдө.

Дастан соттун кийинки уулу Карим 1930-жылы жарык дүйнөгө келген. Молотов атындагы Москва Мамлекеттик энергетика институтунан окуп билим алган. Көп жылдар бою Өзбекстандын энергетика тармагында үзүрлүү иштеп жүрүп жемиштүү эмгеги үчүн "Өзбек СССинин эмгек сиңирген энергетиги" деген ардактуу наамга татыктуу болгон. Дүйнөдөн кайтканына он бир жылдын жүзү болду. Сөөгү Ташкент шаарында жерге берилген.

Кыздары: Роза – 1935-жылы туулуп, жаш кезинде оорудан кайтыш болгон, Саламат – 1942 жылы туулган, азыр Лейлек районунун Кулунду айылында жашайт. Инават – 1948-жылы туулган. Кыргыз Улуттук Университетинде механика-математика адистиги боюнча окуган. Тажикстандын "КИМ" поселогунда мугалим, мектеп жетекчиси, поселкалык кеңештин катчысы, Баткен шаарындагы Ж. Бөкөнбаев атындагы орто мектепте мугалим болуп иштеп жүрүп, азыр пенсияда. Баткен шаарында жашайт.

Кенже кызы Мамлакат – 1950-жылы туулган. Ош Мамлекеттик Педагогика институтунда окуп, орус тили, адабияты мугалими адистигине ээ болгон. Самаркандек (азыркы М.Салихов атындагы) орто мектебинде мугалим, директор, "Лениндин 100 жылдыгы" атындагы совхоздо партиялык комитеттин катчысы, Баткен райаткомунун жооптуу катчысы, Самаркандек айылдык кеңештин катчысы, Самаркандек айылдык кеңешинин төрайымы болуп иштеген. Баткен райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы – акимдин социалдык маселелер боюнча

орун басары болуп иштеп жүрүп, пенсияга чыккан. Баткен шаарында жашайт.

Кенже уулу Раимжан 1953-жылы туулган. Фрунзедеги политехникалык институтунун архитектуралык-курулуш факультетинде окуган. Көп жылдар бою Республикалык долбоорлор институтунда иштеп турду. Азыр Бишкек шаарында жашайт.

Дастан сот жөнүндө Баткен аймагында айтылган аңыз-дуу сөздөр көп. Дастан соттун кызы Салихова Мамлакат эженин бизге жазып берген эскерүүсү көп кызыгууну туудурат. Анда төмөндө кызынын "Атам жана энем жөнүндө эскерүү" деген кол жазмасына көңүлүңүздөрдү бурмакчыбыз.

# Атам жана энем жөнүндө эскерүү

*Менин атам, Салихов Дастан, токмок уругунун жээнбай тобунан болот.*



Мамлакат Салихова – Дастан Салиховдун кызы

*Бир тууган Карим агабыздын түзгөн санжырасында жазылгандай, жээнбай тобунун 14 муунунун арасында бир топ элге кызматы менен көрүнгөндөр дагы өткөн болсо, ошолордун ичинен 7 казы (соттор деген түшүнүктө) болгон экен.*

*Менин атам дагы САКУну бүтүрүп юридикалык билимге ээ болуп, юрист деген адистик алган жана көп жыл сот болуп иштегендиги ата-бабаларынын династиясын улагандыгы тукум куучу сапаттардын таасиринен болсо керек.*

*Ошондой эле тажик тилин дурус билгендигине байланыштуу Тажикстандагы кыргыздар жашаган партиянын Жерге-Тал райондук Эл депутаттарынын аткаруу комитетинин төрагалыгына жөнөтүлүп, андан кийин партиянын Жерге-Тал райондук комитетинин 1 катчысы, Тажик Республикасынын юстиция министри, Тажик Республикасынын КП БКсынын бөлүм башчысы болуп үзүрлүү иштеген.*

*Атама персоналдык пенсия Кыргыз Республикасы тарабынан берилген, себеби аны жогорку партиялык органдардын сунушу боюнча Тажикстанга кадр жагынан жардам катары Кыргызстан КП БК жөнөткөн.*


*Атам жооптуу кызматтарда иштеген жылдары жөнүндө эскерип, "Ошол мезгилде бир жерден экинчи жерге бир тапшырма менен жөнөтүлсө же жумушка которулса, эки чемодан кийим-кечектери менен самолет же жеңил машина менен эле жеткирип койчу."- деп айтаар эле, - Барган жерибизде казенный шкаф, койка, идиш-аяктар даяр болчу. Кийин ал жерден башка жерге жөнөтүлсө, ошол бойдон ошо жерде казенный буюмдар калат" Азыркы учур менен салыштырып көрүп аябай таң калам. Бир жетекчи көчсө 7,8 машина жүгү менен көчөт, аны ондогон жүздөгөн машиналар узатып, барчу жеринде ошончо кишн урматтап тосуп алат.*

*Мен кичинекей мезгилде атама: "Ата, эмне үчүн ушунчалык чоң иштерде жүрсөңүз дагы, биздин үйдө раистердин үйүндөгүдөй килемдер, дивандар жана башка жакшынакай буюмдар жок?" – деп суроо бергеним эсимде Оболу мага таң кала карап туруп: "Андай буюмдарды жыйноо үчүн көп акча керек. Көп акчалуу болуу үчүн өкмөттөн акча уурдоо керек. Ошол дүйнөсү көп раистер азыр иштейби? Иштебейт. Иштен ошол үчүн айдалып кеткен же камалып чыккан.*

*А мен болсо дагы эле, карысам дагы иштеп, силерди багып жүрөм. Баардыгы сыйлайт. Адам баласы бирдей таза жүрсө, элге да, кудайга да жагат," - деп мага шашпай түшүндүргөнү дагы эле эсимден кетпей, мага сабак болуп келет.*

*Атам мээнеткеч, тынчыбаган киши эле. Бош убактылары үйдө түрдүү жумуштарды жасоону жакшы көрчү, тегеле бекер отурчу эмес. Мисалы, кечки саат бештерге жакын Тажикстандын Шураб шаарынан жумуштан автобус менен келет. Биз атама колун-бетин*

*жуугандa суу даярдап, "автомат"( автоматка окшош болчу ) аттуу албестеден суу куюп беребиз. Андан кийин атабыз сооругө отуруп, рахаттанып эс алып, көк чай ичип, анан бир-бир жарым сааттан кийин бакка чыкчу. Атамдын багында башкаларда жок жемиштер бар: өрүк, алманын*



Дастан Салихов байбичеси Сыдыка менен уулу Карим Салиховдун үйүндө. Ташкент, 1973-жыл.

*баардык сорттору, гиластин кызыл, сары сорттору, алмурут, анар, жүзүмдүн түрлөрү, бадам, анжир ж. б. Аларга өзү пайвант салып, кыйыштырып, суук тийип, үшүк урбасын деп кышында атайын ороп койчу. Ворух кыштагынын багбандары түрдүү жемиштердин көчөттөрүн алып келип берүүчү.*

*Раматылык атам ушундай адамгерчиликтүү, мээнеткеч чынчылдыкты сүйгөн, бирөөнүн жакшылыгы үчүн күйүп-бышкан, кыйналгандарга жардамын аябаган киши эле. Ворух, Чорку, Сурх кыштактарынан шахтерлор ,*

*жөнөкөй калк ар түрдүү (юридикалык, турмуш шарты ж.б. ) маселелер менен "Салихоп акамиз" деп кайрылышчу. Алардын маселелерин керектүү инстанцияларга кайрылып чечип бергендигинен, атамды айылдардын жана тажик кышлактарынын көпчүлүк тургундары абдан сыйлап, урматташар эле.*

*Атамды элдин канчалык урматтаганын мен Шураб шаарына барып-келип окуп жүргөнүмдө жакшы билчүмүн, Мен кечирээк мектептен чыксам Тажикстандан чыккан автобустун шоферлору "духтари Салихоп" деп, үйүбүздүн тушуна алып келип, токтотуп, түшүрүп коюшчу. Азыркы мезгилде дагы Исфара шаарынан атам менен бирге иштегендер, же башкалардан уккан жаштары, майрамдарга барып калсам, өзгөчө мамиле кылып сыйлашат.*

*Атам эмгек отпускасында, сөзсүз тоого чыгып, мергенчилик кылчу. Биз дайыма атам атып келген кийиктин, улардын ж. б. жаныбарлардын этин жеп турчубуз.*

*Кыргызстандын аймагы Туркестанга кошулуп турган мезгилде азыркы Тажик Республикасынын Исфара районуна караштуу Матпари айылынын жогору жагында Исфарага жакын жерде биринчи мектеп ачылган экен. Ошол мектепте алгач бир мугалим, бир директор болгон жана окуу араб алфавитин колдонуу менен жүргөн. Атам: "Ошол мектепте иштегенмин, мектепке Баткенден Имаров Айтбай деген бала келип окуган," - деп айтчу. Менин оюм боюнча, атам Салихов Дастан биздин аймакта биринчи мугалимдерден болушу ыктымал. Муну тарыхчылар изилдеп, фактылардын өз ордуна коюшарына ишенсек болот.*

*Атам араб алфавитин толук өздөштүрүп, башкаларды окуткан. Ошондуктан эл "Дастан сот", же болбосо "Молло Дастан" деп кайрылчу. Кийин биз чоңойгондо,*

*менин эсимде калганы, атам үйдө куран окутканда, атайын араб тилин билген котормосу менен түшүндүргөн илимдүү молдолорду чакырчу. Негизинен Чорку кыштагынан абдан маданияттуу, улуту тажик бир киши келер эле. Азыр аты-жөнү эсимде жок. Ал молдонун аты-жөнүн билүүгө анча кызыкпасам керек.*

*Атама туруктуу, мүнөзү ток, принципсиз адамдар жакпаса керек. "Адам бир жактуу болуп, идеясына, сөзүнө бекем туруу керек, ар жактуу болуп флюгердей өзгөрүп турган адам ыймансыз болот. Карап турсаң, кээ бир жетекчилер жеп-ичип, камалып же болбосо жаман иштерге барып жүрүп эле, молдо болуп чыга калат. Бул деген кудайды алдаганы, адамды алдаган кудайга да жакпайт. Адам баласы бир жактуу болуп жашаш керек,"- деп айтчу. Анча-мынча чала молдолор артынан "Дастан мечитке барбайт" деп сүйлөгөндө да ошентип жооп берчү. "Мечитке баргандардын көпчүлүгүнүн илими , түшүнүгү төмөн, ошон үчүн ыйык жерде ушакка берилишет да. Мечит ушак-айыңдын эмес, билимдин, таалим-тарбиянын, ыймандын жайы," – деп калаар эле. Жаш курагында жетим өсүп, аркалаар адамы жок эле ар жерде кызмат кылып чоңойгонун, орус (кириллица) тамгаларын бир инженер орустун баласын мектепке ташып жүрүп, ошондон үйрөнгөнүн, араб тамгаларын ата-энеси тирүү экенинде эле алардын аракети менен жергиликтүү молдолордон үйрөнгөнүн айтчу. Өзү негизинен аз сүйлөп, көп ойлонуп, сөзүнө катуу турган. Каарыганда да алжып ашыкча сүйлөгөн эмес. 83 жашында уул-кыздарынын кашында карылыгынан каза болду, жаназасына көп адамдар катышып, жерге берилди.*

*Уул-кыздарынын бардыгын окутту. Тандаган кесибибизди сүйүп иштөөнү, жоопкерчиликтүү болуп иштөөбүздү талап кылчу. Сот болуп иштөө кыйын экенин , басмачылардын колуна түшүп, алар устунга байлап кыйнаганын чет-четинен кээ-кээде айтып калчу. Мен юрфакка барамын, юрист боломун десем ошолорду айтып, мени айнытып, мугалимдикке жөнөткөн.*

*Менин энем Сыдыка абдан боорукер аял эле. Жаш кыз экенинде үйдөн нан ала чыгып, бирге ойногон бардык балдарга таратып берчү экен. Таятам колунда бар адам болгондуктан, кызынын ошенткенине үйдө шарты болсо керек. Чоңойгондо атама турмушка чыгып, жакшы жашашкан. Баардык тууган-уруктарына жардам бергендигин, айрыкча аталары согушта каза болгон же ооруп каза тапкандардын балдарын үйлөп-жайлап, үйлүү кылгандыгын эскерип көп айтышчу. Мен бул жакшылыктарын чоңойгондо ошол туугандардан угуп жүрөмүн. Мисалы, Бактыбай деген тагабыздын байбичеси Баар тааженебиздин минтип айтканы бар : "Сенин энең эн бир күйүмдүү, кайраттуу жан болчу. Биздин башыбызды кошуп, эртеси күнү Шураб шаарында кайнатамдын эски үйүнө алып барды. Үйдүн текчесинде бар болгону бир эски таар бүктөлүп турган, башка эчтеме жок. Энең кетти . Мен эмне жасашымды билбей, үйдү шыпырып тазалап, жаман таарды салып отурдум. Бир мезгилде энең келди. Мама эжем жарым кап ун, май жана башка тамак-аш алып келди дагы: "Эми жашай бергиле, Бактыбайды шахтага ишке орноштурдук," - деди. Ушинтип биз турмушубузду улап кеткенбиз. Мама эжеме чексиз ыраазыбыз.*

*" Биздин үйүбүздө дайыма эки, үч ата-энеси жок же атасы жок балдар жашачу, кээ бирде үйү жок адамдар да*

*жашап турган. Аларга атабыз жер алып берип, үй салууга жардамдашып жайгаштырып жүрөр эле.*

*Менин атамдын авторитети канчалык бийик болсо, энемдин авторитети андан кем эмес болчу, эл абдан сыйлайт эле. Буга алардын төп келишкен тазалыгы, тыкандыгы себепкер болсо керек. Бир байкаганым, короодо гүлдөрдүн көп түрүн өстүрүшчү. Ата-энебиздин аракетинин, эмгегинин натыйжасында корообуз абдан кооз, бейиштин төрүндөй сезилээр эле. Биз дагы ошол гүлдөрдөй абдан тынч, мээримдүү, билимдүү, башкача бир ынтымактуу үй-бүлөдө бактылуу чоңойгонубузду айтып, кээде-кээде, ата-энем жөнүндө сөз болгондо неберелериме мактанып коймоюм бар. Көрсө, биздин энебиз өзүнүн адамгерчилиги менен атабыздын аброюн жогору болушуна мүмкүнчүлүк түзгөн экен. Атам менен энемдин тааныш орус жолдоштору дагы эс алууга биздикине көп келип кетчү. Бир жолу 2000-жылдардын башында Баткен облусунун биринчи губернатору М. Айбалаевдин аялы Салима жеңебиз: "Силердин апаңар кандай аял болгон экен? Мамат дайыма чоңдун аялы Сыдыка эжедей болуу керек деп айта берет," – деп менден сураган эле. Атабыз менен энебиз абдан камкордуу, мээримдүү, жалпы элдин, анын ичинде биздин келечегибизди ойлогон жана кам көргөн адамдар болуп өтүшүптүр. Мен ошолордун кызы болгонума сыймыктанам жана миңден бир жолу ыраазымын, алардын жаркын элесине өмүр бою сыйынып келемин.*

Баамдадыңызбы, адам баласынын асыл сапаттары, кадыр-баркы жөнөкөйлүктөн түптөлөт турбайбы. Биз дагы, Дастан Салиховду ошол мезгилде көрүп билип жүргөн жаш уландар, ал кишинин ошондой жооптуу мамлекеттик иштерде иштеп жүрүп, жок жерден саясий жактан айыптал-


гандыгына жана бар мүмкүнчүлүктөрүн жумшап иштөөдөн четтетилгендигине карабастан, бой көтөрүп керсейбей, адамгерчилик бийик сапатын төмөн түшүрбөй жашап жүргөн бул аксакалды катардагы эле айыл аксакалдарынын бири деп жүргөн экенбиз. Ал киши жөнөкөйлүгү менен, боорукерлиги менен башкаларга бул жарык дүйнөдө жашоонун үлгүсүн көрсөтүп койгон экен да. Ата Журтун ата-энесиндей сүйгөндүгүн жар салып кыйкырбай эле күнүмдүк турмушу менен далилдеп жүргөн экен да.

Адам баласы үчүн эң ыйык, өмүрүндө жападан жалгыз деп эсептелген нерселердин бири – Ата Мекен. Ал биз жарык дүйнөгө кадам койгон тирүүлүктүн босогосунан, киндик каныбыз тамган жерден башталат. А биздин киндик каныбыз тамган, бизди багып, эрезеге жеткирген, бүткүл өмүрүбүздү татыктуу өткөрүүгө шарт түзүп берген жердин улуулугу суусу мол көлдөрү менен дарыяларында, ажайып кооз тоолору менен адыр-кырларында, мөмө-жемиштүү алмазар, өрүкзарларында эле эмес, сүйкүмдүүлүгү, саресептүүлүгү, эс-акылы, билими, баам-парасаты, билегинин күчү менен айланасын иретке келтирип, байыткан руханий дүйнөсү бай адамдарыбызда.

Алардын катарында – биз сөз кылган, өмүрү жана ишмердүүлүгү, адамгерчилик сапаты, кызматкер катары дарамети али изилдөөнү талап кылган Дастан жана Мурат Салиховдор да бар. Бул багыттагы иштер али алдыда, илимпоздордун, саясий серепчилердин жана көркөм сөз чеберлеринин иш-аракеттерин күтүп турган чагы. Анткени, өткөндү таанып-билип үйрөнүү, аны руханий жан дүйнөсүнө сиңирүү менен келечек муундарга адия кылуу ар бир атуулдун милдети.

# “Ак эмгек элдин эсинен кетпейт”

Мурат Салихов коомдук жана мамлекеттик иштерге баш оту менен киришип жүрүп, айрыкча өмүрүнүн акыркы жылдарында кичи мекени болгон Баткенге да өтө сейрек каттап калган өңдөнөт. Досу Искендеров Эргеш аксакалдын райондук “Кызыл туу” берген интервьюсунда анын 1932-1933-жылдары Баткенге командировкага келип, өзүнүн балалыгы өткөн Андигендеги туугандарына учурашканы барганы төмөндөгүдөй баяндалат:



Баткен шаарында мамлекеттик ишмерлер И.Раззаковго, А.Орозбековго жана М. Салиховго тургузулган эстеликтер

“Басмачы, корбашылар күч алып элдин үшүн алып турган кез. Андиген анда Сталин атындагы колхоз болчу. Ушул жердеги элдин арасына Мурат Салихов келиптир деген сөз таркап кетти. Жанында эки аскер формасындагы корукчусу менен ат арабада – извоздо ак кителчен Мурат-

тын келгенин бир көргөнбүз. Ал убакта Исфара шаарында аскер комиссариаты бар эле. Ошондой коркунучтуу кырдаалдарда не балакет болуп кетеринен коркпостон баягы солдаттарды кайра жөнөтүп: "Кайра кайтып келсеңер. Лейлекке өтүп кетебиз. Бул жер менин жерим, менин элим. Силерге эч ким тийишпейт," –деп майтарылбаган эрдиги, тайманбаган өжөрдүгү менен тегеректеп турганда кайрат-кубат болду. Ошентип 2 күн эс алып, тууган урук менен коштошуп, Лейлекке өтүп кеткен." ("Кызыл туу" гезити. 1987-жылдын 29-сентябры. М.Юлдашев "Өрт кечкен өмүр".)

Бул келиши анын өз мекенине, балким, эң акыркы жолу келишидир. Себеби, андан кийин Баткенге келгени, эл менен учурашканы жөнүндө башка маалыматтын жоктугу бизде ушундай ойду пайда кылып отурат.

Дастан жана Мурат Салиховдор совет бийлигинин алгачкы жылдарында Түштүк Кыргызстандын Баткен, Лейлек, Сүлүктү аймагында территориялык-административдик бөлүштүрүүгө активдүү катышкандардын катарында болушкан. Бул жөнүндө кадырман окурмандар "Республика" гезитинин 2004-жылдын 30-июлундагы санынан окуп калган чыгар. Ушул гезиттеги "Топонимика, санжыра жана мезгил" – деген макаласында А.Пахирдинов деген автор ага-ини Салиховдордун бул аймакты саясий-административдик жактан кайра түзүү демилгечилеринин катарында экендигин айтып келип, төмөнкүдөй түшүндүрмө берген: "Чтобы разобраться в сложном процессе распределения народонаселения в данном регионе, необходим небольшой экскурс в историческое прошлое. Одним из племен кыргызов, награжденных за усердный труд в организации почтовой службы в империи Великих Моголов, стали чапкылдики

(саяки). Они стали обладательями родового надела земли между племенами Кесек-Найман-Авaат, что находится в районе нынешней Аркы Мадыген, Кара-Тоо, Катаган, Доргомыр. По словам Салиховых, непонятно, почему села Жигдали и Катаган, где обоснавались чапкылдыки (саяки), в момент передачи территорий в списке не оказались, хотя, первоначально были внесены".

Демек, мындан көрүнүп тургандай, 1925-1927-жылдары Өзбекстандан ошол учурдагы Лейлек, Баткен райондорундагы кыргыздар жашаган жерлерди Кыргызстанга бөлүп алуу үчүн ага-ини Салиховдорго окшогон энтузиасттардын туура сунуштары четке кагылып, улуу орус агабыздын "боордоштук" менен жасаган мамилесинин аркасында маселе үчүнчү тараптын, Тажикстандын пайдасына чечилип калгандай.

Бул жазгандарыбыз – биздин азыноолак билгендерибиз гана, билбегенибиз канча. Чынына келгенде, опурталдуу отузунчу жылдарда күнөөсүз күм-жам болгон атуулдарыбыз, алардын бири Мурат Салихов жөнүндө али көп нерсе айтыла да, жазыла да элек. Алар биздин азыркы турмушубузду түптөөгө өз салымдарын кошушкандыгын азыркы муундарга бүгүн биз айтпасак, эртең ким айтат? Ошол мезгилдеги саясаттын, экономиканын, илимдин, маданияттын жетишкендиктерин жана тарыхтын калпыс жерлеринин шарданында Мурат Салиховдун өмүрүнүн, ишмердүүлүгүнүн белгисиз жактарын изилдеп элге жеткирүү, өрнөктүү өмүрүнүн үлгүсүндө жаштарды мекенчилдикке, туруктуулукка тарбиялоо жүрүм-турумдагы ыймандуулукка багыттоо – ар бирибиздин атуулдук ыйык парзыбыз. Анын ысымын түбөлүккө калтыруу да бүгүн биз жасай турган зарыл иштерибиздин бири, келечек муундун

алдындагы милдетибиз. Аттигинин, кана эми Баткен облусунун аймагындагы бир жогорку окуу жайы Мурат Салиховдун ысымын алып, анын айкели ошол окуу жайынын башкы имаратынын бет маңдайында тургузулса, билим берүүнү өнүктүрүүдөгү жасаган эмгегинин акыбети кайтмак беле деген ой мени эле эмес, көптөгөн инсандарды тынчсыздандырып келе жаткандыгын билебиз. Бул ойдун ишке ашаар-ашпастыгы – келечектин иши.

Эл, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары, мамлекеттик администрация колдоп, кыргыз асманынан эрте өчкөн жылдыздардын бири Мурат Салиховдун быйыл боло турган 110 жылдык маарекесин уюшкандыкта өткөрүп, атын, эл үчүн жашаган иштерин эстеп, калың элге жеткирсек, анын арбагынын алдында жердештик-туугандык дагы, инсандык дагы ыйык вазипабызды аткарсак деген ой-максат ишке ашырылып жаткандыгынын өзү бизди кубандырбай койбойт.

Баткен облусу жаңыдан түзүлүп, социалдык-экономикалык өсүп-өнүгүүнүн жолуна түшүп, эми калыптана баштаганы калың калайыкка кеңири белгилүү. 2004-жылдын октябрь айында Баткен облусунун түзүлгөндүгүнүн 5 жылдыгы салтанаттуу белгиленди. Юбилейдин арапасында Баткен шаарында коомдук ишмерлер Абдыкадыр Орозбековдун, Мурат Салиховдун жана Исхак Раззаковдордун эстеликтерин ачуу аземинде сүйлөгөн сөзүндө Мурат Салиховдун бир тууган агасы, коомдук ишмер Дастан Салиховдун кызы Мамлакат эже минтип ыразылыгын билдирген эле:

“Биз бүгүн Баткен облусунда гана эмес, бүткүл кыргыз жергеси үчүн зор жаңылыктын күбөсү болуп отурабыз. Кыргызстандын совет доорундагы саясий, социалдык-

экономикалык жана маданий жактан өсүп-өнүгүшүнө зор салымдарын кошушуп, салым кошуп гана эмес, ал өнүгүүнүн башында турушуп, көрө албастыктын курманы болушкан үч инсандын – үч мамлекеттик жана коомдук



Баткен шаарында улуу инсандардын эстеликтеринин ачылышында Дастан Салиховдун кызы Мамлакат Салихованын сүйлөп жаткан учуру. 2004-жыл, 16-октябрь.

ишмерлердин айкелдерин облусубуздун борборунда тургузулушу – бул маданий дагы, саясий дагы зор жаңылык. Мунун өзү – Ата Мекенибиз үчүн жанын аябай ак ниет менен кызмат кылган аталарыбыздын, агаларыбыздын рухтарынын алдында таазим кылуунун жаркын үлгүсү.

Элде "Арбак ыраазы - эл ыраазы" деген философиялуу сөз бар. 1938-жылы Тажикстанда юстиция министри болуп иштеп жүрүп, саясий куугунтуктоого кабылган раматылык атам, Мурат Салиховдун бир тууган агасы Дастан Салихов бизге, уул-кыздарына: "Элге чын дилден кызмат кылгыла.

Ак ниет менен кылган эмгектин акыбети бир күн болбосо бир күн кайтат. Ак эмгек элдин эсинен кетпейт," – деп айтчу. Мына, атамдын айтканы келип, үч улуу инсандын эл үчүн жасаган кызматы эл тарабынан бааланып отурат. Биз ушуга ыраазыбыз!"

Кыргыз элине мындай эли-жерине эмгеги сиңген, бирок прогрессивдүү максат-мүдөөлөрүнүн көпчүлүгүн иш жүзүнө ашыра албай кетишкен Мурат Салиховдой уул-кыздарынын өткөн өмүрүн, бүтүндөй мамлекеттик жана коомдук ишмердүүлүгүн эли эсинен чыгарбай эскерип жүрүшүнүн мыйзам ченемдүү жөнү бар. Анткени, ошол уул-кыздар талантттуу уюштуруучулардан болушкан, биздин бүгүнкү турмуш чындыгыбыздын негизи болгон бакубат рухий жана экономикалык пайдубалды тургузушкан. Кыргыз тарыхында алардын аты түбөлүк калып, улам кийинки муундар тарабынан эскерилип турушу – алардын арбагынын алдында таазим эткенибиз болот.

# Автордун соңку сөзү

Даректүү баянды окуп чыктыңыз, урматтуу окурманым. Окугандарыңыз советтик доордо кыргыз жергесинде мамлекеттүлүктүн жана парламентаризмдин пайдубалын түптөгөн, жаңы шартта кыргыз маданиятынын өнүгүшүнүн саясий пайдубалын курган Ж.Абдырахманов, А.Сыдыков, Э.Арабаев, Б.Исакеев, Т.Айтматов, К.Тыныстанов ж.б. сыяктуу өтөлгөлүү, бирок аянычтуу өмүр кечирген муундун өкүлү Мурат Салихов жөнүндө биздин азын-оолак билгендерибиз гана.

Билим берүү тармагында иштегендигибизден жана терең илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүгө бир жагынан тажрыйбабыздын жеткилең эместигинен, экинчи жагынан илимий борборлордон кыйла алыс турганыбыздан Мурат Салихов жөнүндө ар тараптан терең изилдеп, ошол доордун дүбүртү менен салыштыра фундаменталдуу эмгек жазуу келечектин иши, жаштардын шыбагасы деген ойдобуз. Анткени, кийинки жылдары мамлекеттик жана коомдук ишмерлер Ж.Абдырахманов, Э.Арабаев, К.Тыныстанов, И.Раззаков, А.Масалиев ж.б. өмүрлөрү жана саясий мамлекеттик, коомдук ишмердүүлүктөрү жөнүндө кеңири илимий изилдөөлөр жүргүзүлүп, илимий темаларда диссертациялар корголуп жатпайбы.

Кандай болгон күндө дагы тоңуп жаткан муз ордунан жылды десек болот. Мамлекеттик жана коомдук ишмер, Сталиндик репрессиянын курмандыгына айланган Мурат Салиховдун өмүр жолун, ишмердүүлүгүн изилдөөгө алгачкы чыйыр салынды. Бу күлүк мезгилдин арымын, бууракандап аккан дайраны бууп коё албагандай эле, адам баласынын кызыгуу, таанып-билүү, өздөштүрүү аракетин

дагы токтотуп коё албайсың. Күндү күн улап, жылды жыл улап отуруп кылымга айланып, өткөнгө сиңет. Кылымдардын кыйырында эскерилип, кийинки муундарга айтылып, жазылып калган не бир эр азаматтардын айкын элестери келечекте эскерилип, айтарга алым сабак узун кепке, үйрөнгөнгө баа жеткис үлгүгө, таасын тажрыйбага айланат. Бул даректүү баяндын башкы каармандарынын өткөндөн калган өрнөк, кийинкилерге үлгү болуучу өтөлгөлүү өмүр таржымалдарын дагы, балким, ушундай тагдыр күтүп тургандыгы ажеп эместир.

Китептин жазылышында өздөрүнүн эскерүүлөрү, маалыматтары менен комок көрсөтүшкөндөргө: Мурат Салиховдун келини Бүүзайнап Кожоевага, Дастан Салиховдун кызы Мамлакат Салиховага, неберелери Каныбек жана Кеңеш Салиховдорго, тарых изилдөөчү, санжырачылар С.Саттаровго жана А.Пакырдиновдорго автор катары терең ыраазычылыгымды билдирем.

Ар кандай даректүү баян тарыхый так маалыматтарсыз, архивдик изилдөөнүн далилдерисиз супсак, ишеничсиз болуп калары анык иш. Бул максатта Кыргыз Республикасынын мамлекеттик архивине, Ош облустук архивине ж.б. кайрылууга туура келди. Айрыкча, тарых илимдеринин кандидаты, Баткен мамлекеттик университетинин доценти А.Кадыровдун ой-сунуштары, илимий багыттагы кеңештери ишибиздин алга жылышында орчундуу роль ойноду.

Бул тарыхый инсандын 110 жылдык маарекесине байланыштуу быйылкы жылы жана кийинки жылдарда аткарылуучу иш чаралардын планын республикалык, облустук жана райондук деңгээлде белгилеп алып, аларды ырааттуулук менен ишке ашыра баруу зарыл деген ойдобуз.

Биздин оюбузча алардын катарына төмөнкү иш чараларды кошууга болот:

1. Жогорку окуу жайларынын биринин (балким, Баткен мамлекеттик университетинин) базасында анын өмүрүнө, мамлекеттик жана коомдук ишмердүүлүгүнө арналган илимий-практикалык конференция өткөрүү;
2. Баткен облустук китепканасына, Баткен шаарындагы Гуманитардык-экономикалык колледжине жана Ош, Кызыл-Кыя, Өзгөн, Чолпон-Ата шаарларында көчөлөргө, маданий-агартуу мекемелерине М.Салиховдун ысымын ыйгаруу жакшы иш болмок, себеби ал киши бул шаарларда жоопту партиялык-советтик кызматтарда үзүрлүү эмгектенген;
3. Бишкек шаарындагы чоң көчөлөрдүн бирине М.Салиховдун ысымын ыйгаруу;
4. Баткен шаарында М.Салиховдун өмүрү, ишмердүүлүгү жөнүндө музей куруп, аны облустук тарыхый-жерге таануу музейине айландыруу;
5. Кыргыз мамлекеттик тарыхый музейдин жана Ата-Бейит мемориалдык музейинин М.Салиховго арналган бөлүмдөрүн жаңы экспонаттар менен толуктап баруу;
6. Бишкек шаарындагы мамлекеттик жана коомдук ишмерлердин аллеясына М.Салиховдун бюстун орнотуу;
7. М.Салиховдун келини Бүүзайнап Кожоевага жана небереси Саида Салиховага жыл сайын мамлекет тарабынан материалдык жардам көрсөтүп туруу;
8. М.Салиховдун өмүрү жана ишмердүүлүгү али изилденип бүтө элек, дың бойдон жатат десек болот. Кызы Атыргүл Салихованын “Буюккан жылдыз” жана ушул макаланын автору, жазуучу Т.Жумаевдин “Эл

адамы" китептери гана аз нускада чыгарылган. Ошондуктан, анын өмүрү жана мамлекеттик ишмердүүлүгүн илимий жактан да изилдеп, фундаменталдуу эмгектерди жарыялап, элге кеңири маалымдоо;

9. Жазуучу, драматургдар М.Үсөндүн "Жетөөнүн бири", оштук драматург С.Жетимишовдун "Мурат" драмаларын Баткен музыкалык-драма театрында жана Ош мамлекеттик драма театрында сахналаштыруу.

Албетте, бул биздин жеке сунушубуз. Жогорку мамлекеттик органдар жана кеңири коомчулук да өз ойлорун айтышып, өз сунуш пикирлерин билдирет деген ойдобуз. Себеби, ансыз дагы Кыргызстан барган сайын тойлордун мекенине айланып бара жатат. Анын үстүнө али жеткиликтүү изилденип, элге толук маалымдала элек инсандын маарекесин өткөрүү да көп жоопкерчиликти талап кылат. Кандай болгондо дагы көп түкүрсө көл болот, биргеликте көтөргөн жүк жеңил болот деген элдин накыл сөзү мында жардамга келет деген ойдобуз.

## ТИРКЕМЕЛЕР

# Мурат Салиховдун өмүрүнүн, саясий, мамлекеттик жана коомдук ишмердүүлүгүнүн урунттуу учурлары

**1905-жыл** – Кыргыз Республикасынын Баткен районунун Рават кыштагында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

**1917-1919-жылдары** – Фергана областынын Кокон уездине караштуу Исфара айылында Шерматов Жунусбайдын колунда жалчы болуп мал баккан.

**1919-жыл** – Бүткүл союздук Ленин комсомолунун катарына өткөн.

**1919-1921-жылдары** – Фергана облусунун Кокон шаарындагы балдар үйүндө тарбияланган.

**1921-1923-жылдары** – Фергана облусунун Кокон шаарында педагогикалык техникумда окуган.

**1923-1925-жылдары** – Ташкент шаарында Кыргыз эл агартуу институтунун студенти.

**1925-1927-жылдары** – Кыргыз АССРинин Ош шаарында Ош округдук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы.

**1927-жылдын январы** – Кыргыз АССРинин Ош округдук партиялык комитети тарабынан ВКП (б) нын мүчөлүгүнө кабыл алынган.

**1927-1929-жылдары** – Кыргыз АССРинин Ош шаарында ВКП(б) Ош округдук комитетинин агитация жана пропаганда бөлүмүнүн башчысы.

**1929-1930-жылдары** – Кыргыз АССРинин Өзгөн райондук аткаруу комитетинин төрагасы.

**1930-жылдын июну -1930-жылдын сентябры** – Кыргыз АССРинин Ош округдук аткаруу комитетинин төрагасы.

**1930-1931-жылдары** – Кыргыз АССРинин ВКП(б) Кызыл-Кыя райондук комитетинин катчысы.

**1931-жылдын февралы-1931-жылдын августу** – Кыргыз АССРинин Билим берүү Эл комиссарынын орун басары

**1931-жылдын августу-1933-жылдын декабры** – Ташкенттеги Марксизм-ленинизм институтунун студенти.

**1933-1935-жылдары** – Кыргыз АССРинин Ысык-Көл районундагы Чолпон-Ата шаарында №54 жылкы совхозунун саясий бөлүмүнүн начальниги.

**1935 -1937-жылдары**– Кыргызстан КП (б) Борбордук комитетинин айыл чарба бөлүмүнүн башчысы.

**1937- жылы** – Кыргызстан КП(б) I сүездинде Кыргызстан КП(б) Борбордук Комитетинин жана Кыргызстан КП(б) Борбордук Комитетинин бюросунун мүчөлүгүнө шайланган.

**1937-жылдын 27-сентябры-1938-жылдын 27-февралы** – Кыргыз Республикасынын Эл Комиссарлар Советинин төрагасы.

**1938-жылдын 28-февралы-1938-жылдын 8-августу** – Кыргыз ССРинин Борбордук Аткаруу комитетинин төрагасы.

**1938-жылдын 6-8-ноябры** – СССР Жогорку Сотунун Аскердик коллегиясынын 1938-жылдын 12-сентябрындагы чечимине ылайык атууга өкүм кылынган.

**1956-жылдын 10-октябры** – Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук комитетинин бюросунун чечимине ылайык партиялык жактан акталган.

**1956-жылдын17-ноябры** – СССР Жогорку Сотунун Аскердик коллегиясынын чечимине ылайык күнөөсү жоктугуна байланыштуу акталган.

**1937-жылы** – СССР Жогорку Советинин I чакырылышында Ош шайлоо округунан СССР Жогорку Советинин депутаты болуп шайланган.

**1937-жылы** – СССР Жогорку Советинин I чакырылышында СССР Жогорку Советинин төрагасынын орун басары болуп шайланган.

**1985-жылдын 15-апрели** – Баткен районунун Самаркандек кыштагындагы Самаркандек орто мектебине анын ысымы ыйгарылган.

**1985-жылы** – Ош жана Баткен шаарларындагы бирден көчөлөргө М.Салиховдун ысымы ыйгарылган.

**1990-жылдын 8-майы** – Баткен районунун Самаркандек кыштагында ага арналып эстелик тургузулган.

**2004-жылы** – М.Салиховдун өмүрүнө, саясий, мамлекеттик жана коомдук ишмердүүлүгүнө арналып кызы Атыргүл Салихованын "Буюккан жылдыз" аттуу китеби Алма-Ата шаарынан жарыкка чыккан.


**2005-жылы** – М.Салиховдун өмүрүнө, саясий, мамлекеттик жана коомдук ишмердүүлүгүнө арналып Т.Жумаевдин "Эл адамы" аттуу китеби Ош шаарынан жарыкка чыккан.

**2005-жылы** – Баткен облусунун Баткен шаарында мамлекеттик жана коомдук ишмерлер А.Орозбековдун, И.Раззаковдун жана М.Салиховдун эстеликтери тургузулган.



# Кыргызстанды башкаргандардын тизмеси

*(1922-2000-жылдары)*



| Фамилиясы, аты, атасынын аты | Жашаган жылдары | Башкарган жылдары |
|---|---|---|
| **Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун революциялык комитетинин төрагасы** | | |
| Айдарбеков Иманалы | 1884-1938-жылдын 5-ноябры | 1924 жылдын 12-ноябры - 1925-жылдын 27-марты |
| **Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун аткаруу комитетинин төрагасы** | | |
| Орозбеков Абдукадыр | 1889-1938-жылдары | 1925-жылдын 27-марты - 1925-жылдын 25-майы |
| **Кыргыз автономиялуу облусунун аткаруу комитетинин төрагасы** | | |
| Орозбеков Абдукадыр | 1889-1938-жылдары | 1925-жылдын 25-майы - 1927-жылдын 12-марты |
| **Кыргыз АССРинин Борбордук аткаруу комитетинин төрагасы** | | |
| Орозбеков Абдукадыр | 1889-1938-жылдары | 1927-жылдын 12-марты - 1936-жылдын 5-декабры |
| **Кыргыз ССРинин Борбордук аткаруу комитетинин төрагасы** | | |
| Орозбеков Абдукадыр | 1889-1938-жылдары | 1936-жылдын 5-декабры - 1937-жылдын 16-сентябры |
| Ус Михаил Иванович | 1896-1961-жылдары | 1937-жылдын 16-сентябры - 1937-жылга чейин |
| Тугамбаева Марьям | 1907-19...-жылдары | 1937-жылдан – 1937-жылдын 4-октябрына чейин |
| Шамурзин Султанкул (милдетин аткаруучу) | 1906-1938-жылдары | 1937-жылдын 4-октябры - 1937-жылдын 29-ноябры |
| Соколов Иван Федорович | ..................... | 1937-жылдын 20-ноябры - 1938-жылдын 28-февралы |
| Салихов Мурат | 1905-1938-жылдары | 1938-жылдын 28-февралы - 1938-жылдын 18-июлу |

| | | |
|---|---|---|
| **Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин төрагасы** | | |
| Буряк Л.П. | .................. | 1938-жылдын 18-июлу - 1938-жылдын 19-июлу |
| **Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы** | | |
| Толубаев Асанали | .................. | 1938-жылдын 19-июлу - 1943-жылдын 22-марты |
| Токобаев Молдогазы | 1905-1974-жылдын 21-майы | 1943-жылдын 22-марты 1945-жылдын 14-ноябры |
| Кулатов Турабай Кулатович | 1908-жылдын 10-январы- 1984-жыл | 1945-жылдын 14-ноябры - 1978-жылдын 25-августу |
| Ибраимов Султан Ибраимович | 1927-жылдын 22-сентябры – 1980-жылдын 4-декбры | 1978-жылдын 25-августу - 1978-жылдын 22-декабры |
| Бусс Андрей Андреевич (милдетин аткаруучу) | 1911-1980-жылдары | 1978-жылдын 22-декабры - 1979-жылдын 10-январы |
| Дуйшеев Арстанбек Дуйшеевич | 1932-жылдын 16-сентябры – 2003-жылдын 30-июну | 1979-жылдын 10-январы - 1981-жылдын 14-январы |
| Кошоев Темирбек Худайбергенович | 1931-жылдын 1-августу - ...... | 1981-жылдын 14-январы - 1987-жылдын 8-августу |
| Акматов Таштанбек Акматович | 1938-жылы - ....... | 1987-жылдын 8-августу - 1990-жылдын 10-апрели |
| **Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин төрагасы** | | |
| Масалиев Абсамат Масалиевич | 1933-жылдын 10-апрели – 2004-жылдын 21-июлу | 1990-жылдын 10-апрели - 1990-жылдын 27-октябры |
| **Кыргыз Республикасынын президенттери** | | |
| Акаев Аскар Акаевич | 1944-жылдын 10-ноябры- .......... | 1990-жылдын 27-октябры - 1991-жылдын 31-августу |
| Акаев Аскар Акаевич | 1944-жылдын 10-ноябры- .......... | 1991-жылдын 31-августу - 2005-жылдын 11-марты |
| Бакиев Курбанбек Салиевич (милдетин аткаруучу) | 1949-жылдын 1-августу - .......... | 2005-жылдын 25-марты - 2005-жылдын 14-августу |

| Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Советинин председателдери | | |
|---|---|---|
| Абдрахманов Юсуп Абдрахманович | 1901-жылдын 28-декабры – 1938-жылдын 5-ноябры | 1927-жылдын марты - 1933-жылдын сентябры |
| Исакеев Баялы Дикамбаевич | 1897-жылы – 1938-жылдын 12-сентябры | 1933-жылдын 27-сентябры - 1937-жылдын 8-сентябры |
| Салихов Мурат (милдетин аткаруучу) | 1905-жылы – 1938-жылдын 6-ноябры | 1937-жылдын 27-сентябры - 1938-жылдын февралы |
| Абузяров Исмаил Хасянович (милдетин аткаруучу) | ........................ | 1938-жылдын февралы - 1938-жылдын апрели |
| Ребров иван Павлович (милдетин аткаруучу) | 1890-1938-жылдары | 1938-жылдын апрели - 1938-жылдын 19-июлу |
| Кулатов Турабай Кулатович | 1908-жылдын 10-январы- 1984-жылы | 1938-жылдын 20-июлу - 1945-жылдын 14-ноябры |
| Раззаков Исхак Раззакович | 2910-жылдын 25-октябры – 1979-жылдын марты | 1945-жылдын 14-ноябры - 1946-жылдын 15-марты |
| **Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин председателдери** | | |
| Раззаков Исхак Раззакович | 2910-жылдын 25-октябры – 1979-жылдын марты | 1946-жылдын 15-марты - 1950-жылдын 10-июлу |
| Суеркулов Абды | 1912-жылдын 12(25)-декабры - 1958-жылдын 6-марты | 1950-жылдын 10-июлу - 1958-жылдын 6-марты |
| Дикамбаев Казы Дикамбаевич | 1913-жылдын 12(25)-декабры - ........ | 1958-жылдын 6-марты - 1961-жылдын 10-майы |
| Мамбетов Болот Мамбетович | 1907-жылдын 24-апрели (марты) – 1990-жылы | 1961-жылдын 10-майы - 1968-жылдын 23-январы |
| Суюмбаев Ахматбек Суттубаевич | 1920-жылы 17-декабры – 1993-жылы | 1968-жылдын 23-январы - 1978-жылдын 22-декабры |
| Ибраимов Султан Ибраимович | 1927-жылдын 22-декабры- 1980-жылдын 4-декабры | 1978-жылдын 22-декабры - 1980-жылдан 4-декабры |

| | | |
|---|---|---|
| Ходос Петр Михайлович (милдетин аткаруучу) | 1928-1989-жылдары | 1980-жылдын 4-декабры - 1981-жылдын 14-январы |
| Дуйшеев Арстанбек Дуйшеевич | 19932-жылдын 16-сентябры – 2003-жылдын 30-июну | 1981-жылдын 14-январы - 1986-жылдын 20-майы |
| Джумагулов Апас Джумагулович | 1934-жылдын 19-сентябры - ......... | 1986-жылдын 20-майы - 1991-жылдын 21-январы |
| **Кыргыз Республикасынын Прьемер-министрлери** | | |
| Исанов Насиридин | 1943-жылдын 11-июлу – 1991-жылдын 29-ноябры | 1991-жылдын 22-январы - 1991-жылдын 29-ноябры |
| Иордан Андрей Андреевич (милдетин аткаруучу) | 1934-жылдын 22-декабры- 2006-жылдын 20-январы | 1991-жылдын 29-ноябры - 1992-жылдын 10-февралы |
| Чынгышев Турсунбек Чынгышевич | 1942- .......... | 1992-жылдын 10-февралы - 1993-жылдын 13-декабры |
| Матураимов Алманбет (милдетин аткаруучу) | 1952-жылы - ............. | 1993-жылы 13-декабры 1993-жылдын 14-декабры |
| Джумагулов Апас Джумагулович | 1934-жылдын 19-сентябры - ......... | 1993-жылдын 14-декабры - 1998-жылдын 24-марты |
| Жумалиев Кубанычбек Мурзабекович | 1956-жылдын 26-апрели - ............ | 1998-жылдын 24-марты - 1998-жылдын 23-декабры |
| Силаев Борис Иванович | 1946-жылдын 28-февралы - .......... | 1998-жылдын 23-декабры - 1998-жылдын 25-декабры |
| Ибраимов Жумабек Ибраимович | 1944-жылдын 1-январы- 1999-жылдын 4-апрели | 1998-жылдын 25-декабры - 1999-жылдын 4-апрели |
| Силаев Борис Иванович | 1946-жылдын 28-февралы - .......... | 1999-жылдын 4-апрели - 1999-жылдын 12-апрели |
| Муралиев Амангелди Мурсадыкович | 1947-жылдын 7-августу - .......... | 1999-жылдын 12-апрели - 2000-жылды 21-декабры |
| Бакиев Курбанбек Салиевич | 1949-жылдын 1-августу - .......... | 2000-жылдын 21-декабры - 2002-жылдын 22-майы |

| ВКП(б) Кыргыз облустук комитетинин жооптуу секретарлары | | |
|---|---|---|
| Абдрахманов Юсуп Абдрахманович (номиналдуу түрдө) | 1901-жылдын 28-декабры – 1938-жылдын 5-ноябры | 1924-жылдын 11-ноябры - 1925-жылдын 8-августу |
| Каменский Михаил Давыдович (факт түрүндө) | ........................ | 1924-жылдын 11-ноябры - 1925-жылдын 8-августу |
| Садаев Жайнак Садаевич (милдетин аткаруучу) | 1893-жылдын 6-июну – 1937-жылы | 1925-жылдын августунан - ....... |
| Бабаханов Дуйшеналы (милдетин аткаруучу) | 1898-жылы – 1938-жылы | 1925-жылдын августу - 1925-жылдын сентябры |
| Невлер (милдетин аткаруучу ) | .................... | 1925-жылдын сентябрынан - ....... |
| Узюков Николай Анисмович | 1896-жылдын декабры - 19..... | 1925-жылдын 15-сентябры - 1927-жылдын 6-июну |
| Шубриков Владимир Петрович | 1895-жылы – 1937-жылдын 30-октябры | 1927-жылдан – 1929-жылга чейин |
| Кульков Михаил Максимович | 1891-жылы – 1938-жылы | 1929-жылдан – 1930-жылга чейин |
| Шахрай Александр Осипович | 1898-жылы – 19 ...... | 1930-жылдан – 1934-жылга чейин |
| Белоцкий Морис Львович | 1895-жылы – 1944-жылы | 1934-жылдан – 1937-жылдын 22-мартына чейин |
| Аммосов Максим Кирович | 1897-жылдын 10 (22) -декабры – 1938-жылдын 28-июлу | 1937-жылдын 23-марты - 1937-жылдын 16-июну |
| **Кыргызстан компартиясынын Борбордук комитетинин биринчи секратарлары** | | |
| Аммосов Максим Кирович | 1897-жылдын 10 (22)-декабры – 1938-жылдын 28-июлу | 1937-жылдын 16-июну - 1937-жылдын 7-ноябры |
| Кененбаев Керим (милдетин аткаруучу) | .................... | 1937-жылдын 7-ноябры - 1938-жылдын 20-февралы |
| Вагов Алексей Власович | 1905-жылы -1971-жылы | 1938-жылдын 20-февралы - 1945-жылдын июлу |

| | | |
|---|---|---|
| Боголюбов Николай Семенович | 1905-жылдан 1975-жылга чейин | 1945-жылдын июлу - 1950-жылдын 7-июлу |
| Раззаков Исхак Раззакович | 2910-жылдын 25-октябры – 1979-жылдын марты | 1950-жылдын 7-июлу - 1961-жылдын 9-майы |
| Усубалиев Турдакун Усубалиевич | 1919-жылдын 11-ноябры | 1961-жылдын 9-майы - 1985-жылдын 2-февралы |
| Масалиев Абсамат Масалиевич | 1933-жылдын 10-апрели – 2004-жылдын 21-июлу | 1985-жылдын 2-февралы - 1991-жылдын 6-апрели |
| Аманбаев Джумгалбек Бексултанович | 1946-жылдын 2-февралы – 2005-жылдын 11-февралы | 1991-жылдын 6-апрели - 1991-жылдын октябры |

Дареги: www.geo – world.ru.





# Репрессияланып атылып, Чоң-Ташта көмүлүп, аты-жөнү аныкталган атуулдардын тизмеси

1. Абдраимов Абдыкадыр
2. Абдрахманов Абдрай
3. Абдрахманов Ю.
4. Абдуллаев Гариф
5. Айдарбеков Иманалы
6. Айтматов Төрөкул
7. Азизов Ахмет
8. Аипов Якуб
9. Акимов Азим
10. Алиев Ибраим
11. Алиев Осмонкул
12. Алимов Азиз Ахметжанович
13. Андерс Сергей Михайлович
14. Ахмет-Ахунов Баки-Ахун
15. Ахметов Мамаджан
16. Байбосунов Иса
17. Байбосунов Сартбай
18. Бакиев Махмут-Ахун
19. Белоусов Иван Захарович
20. Белошицкий Борис Васильевич
21. Бенгард Федор Егорович
22. Бергман Петр Юлиусович
23. Боровой Иван Григорьевич
24. Булатов Абдрахман
25. Булатов Юсуп Искакович
26. Валл Вильгельм Давыдович
27. Ван-Дзи-Ван-Чан-Лин
28. Ван-Лин-Ван-Иван
29. Гольцев Петр Николаевич
30. Горбачевский Владислав Юлианович
31. Дейс Фридрих Готфридович
32. Джавгашбаев Умуралы
33. Жамансариев Асанбай

34. Жээнбаев Хасан
35. Жумаев Омор
36. Достаев Токтосун
37. Зайдель Нотта Янкель Беркович
38. Зиновьев Яков Павлович
39. Зульфибаев Далимирза
40. Зунун Давлет
41. Зунунов Хасан-Ахун
42. Иманбаев Мукаш
43. Имин-Ахунов Исмет
44. Исакеев Баялы
45. Исмаилов Ибраим-Акун
46. Исмаилов Сакмамбет
47. Исмаилов Токто-Ахун
48. Камбаров Курман
49. Кан-Тай-Дю
50. Каримов Юсуп
51. Качибеков Абдулла
52. Кашеваров Сергей Афанасьевич
53. Кененбаев Карим
54. Кыргызбаев Бахирдин
55. Котляров Данил Иванович
56. Креницкий Людвиг Каземирович
57. Кузьмин Иосиф Иванович
58. Кульназаров Нуркул
59. Лепин Артур Янович
60. Ли-Ха-Сами
61. Лиценмаер Владимир августович
62. Лузанов Михаил Николаевич
63. Лу-Чан-Той
64. Лю-Же-Чин
65. Люфинг Егор Емальянович
66. Люфт Константин Александрович
67. Люфт Константин Александрович
68. Львов Павел Константинович
69. Магаз Арзы
70. Магай Андрей Иннокетьевич
71. Маметов Ахмет
72. Мамаяров Кадыр
73. Мельденбергер Иосиф Ивнович
74. Миллер Теодор Теодорович
75. Мулдогазиев Акимхан
76. Мурабединов Идаит-Ахун
77. Мусабаев Ашур-Ахун
78. Мамедов Ашим
79. Насыров Бактияр
80. Насыров Майля Кули
81. Нурахунов Курман Ахун
82. Нуридинов Гапирджан
83. Нурматов Керим
84. Өмүркулов Жоробек
85. Ошуров Аит Ахун
86. Полинкаш Андрей Амбросович
87. Прохоров Григорий Антонович
88. Рихтер Михаил Эдуардович
89. Сагимбаев Касым

90. Сакенов Ниязалы
91. Салихов Мурат
92. Сарбанов Ченгиш
93. Серкибаев Нурдин
94. Скалицкий Иосиф Францевич
95. Сулайманов Чөкүш
96. Султанбеков Ешбай
97. Суфиев Имин
98. Талипов Юсуп
99. Таранченко Григорий Филлипович
100. Тарковский Беакий Адзилович
101. Ташакунов Юсуп-Ахун
102. Токтосунов Муса
103. Тохтаев Бакры
104. Тохта-Ахунов Ахмат-Ахун
105. Тохтаев Сыдык
106. Турдахунов Токта-Ахун
107. Турдиев Имин-Ахун
108. Турды-Ахунов Ахмат-Ахун
109. Тыныстанов Касым
110. Усманов Усаин
111. Хаджимамабев Сабит
112. Ходжанов Мамет
113. Худайбердыев Ибраим
114. Хунлава Харти
115. Чалов Самак
116. Ченгазиев Алыбай
117. Чепизубов Петр Павлович
118. Чоңбашев Садык
119. Чормоков Ахматбек
120. Чуруков Алахун
121. Шабданбеков Умуралы
122. Шамурзин Султанкул
123. Шарипов Садык
124. Шафиков Шакир
125. Шевелев Александр Иванович
126. Шоруков Ходжохан
127. Эссенаманов Эркимбек
128. Эссенаманов Тогай
129. Юлдашев Каримджан
130. Юн-Сан-Син
131. Юрчев Борис Емельянович
132. Юсуп-Ахунов Сыдык-Ахун
133. Юсупов Абдулла
134. Юсупов Шарип Ахун
135. Янишевский Александр
136. Янцен Генрих Генрихович
137. Яцковский Бронислав Степанович

## Мурат Салиховдун “Эркин-Тоо” гезитине 1924-1925-жылдарда жарыяланган макалаларынын фото көчүрмөлөрү



ایل خابارلاری

ایلاج بار بەکەن؟

مۇرات سالیخ.

Мурат Салиховдун “Эркин тоонун” 1924-жылдын 27-ноябрындагы № 2 санына жарыяланган “Ылаажы бар бекен?” деген макаласы.



# فارغانا توولارينا كوز سالنسن

Мурат Салиховдун "Эркин-Тоонун" 1925-жылдын 3-январындагы №4 санына жарыяланган "Фергана тоолоруна көз салынсын" деген макаласы.



Мурат Салиховдун "Эркин-Тоонун" 1925-жылдын 5-мартындагы №8 санына жарыяланган "Мекеме жерлилештириш унутулбасын" деген макаласы.


اوقووچولاردان پايدالانا تورغان واقت كەلدى.

Мурат Салиховдун “Эркин-Тоонун” 1925-жылдын 15-апрелиндеги №15 санына жарыяланган “Окуучулардан пайдалана турган вакыт келди” деген макаласы.

# Сүрөттөр баяндайт



Председатель Совета Народных Комиссаров Киргизской ССР
тов. САЛИХОВ Мурат.

## Биографическая справка

Тов. Салихов М. родился в 1905 году в [illegible] района, Киргизской ССР. Происходит из [illegible]. В раннем детстве лишился родителей и уже восьмилетним работает как [illegible] у кулака Шарматова [illegible] района, Таджикской ССР. В 1919 году был [illegible] и воспитывался в детском доме в г. Бухаре. Здесь же в 1922 году вступил в комсомол и учился в начальной школе. Затем продолжал образование: в 1923 году окончил [illegible] техникум и был командирован в Ташкентский институт [illegible] и окончил это учебное заведение в 1925 году.

После этого, начиная с 1925 года, работал 2 года заведующим Ошским окружным отделом народного образования. В партию вступил в 1927 году. С 1927 по 1929 год заведовал агитпропом Ошского окружкома партии. Затем работал председателем [illegible] райисполкома, с 193[illegible] по 1931 год секретарем [illegible] райкома партии [illegible] Киргизии.

В 1931 году тов. Салихов был командирован в Ташкентский институт [illegible] и по окончании [illegible] в 193[illegible] году был направлен на работу в политотделы. С декабря 1933 года и по март 1935 года работал начальником политотдела [illegible] № 54. С 1935 по 1937 год работал секретарем [illegible] района партии, затем — заведующим сельхозотделом ЦК КП(б) Киргизии.

Тов. Салихов с 1931 по 1937 год состоял членом [illegible] Обкома партии. После первого съезда КП(б) Киргизии т. Салихов состоит членом ЦК компартии Киргизии и членом бюро ЦК.

Второй пленум ЦК КП(б) Киргизии избрал тов. Салихова третьим секретарем ЦК компартии Киргизии.

## Об утверждении тов. САЛИХОВА Мурата председателем Совета Народных Комиссаров Киргизской ССР

*Постановление Президиума Центрального Исполнительного Комитета Киргизской ССР*

Президиум Центрального Исполнительного Комитета Киргизской ССР постановляет:

Утвердить тов. САЛИХОВА Мурата председателем Совета Народных Комиссаров Киргизской ССР.

Зам. председателя Центрального Исполнительного Комитета Киргизской ССР М. УС.

За секретаря Центрального Исполнительного Комитета Киргизской ССР — член Президиума ЦИК Киргизской ССР К. КАМБАРОВ

[illegible] сентября 1937 г.

"Советская Киргизия" гезитинин 1937-жылдын сентябрь айындагы санынан алынган материал. (Мектептеги музейдин материалдарынан



Ортодо: СССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы М.И.Калинин.
СССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасынын орун басарлары:
(Биринчи катарда солдон оңго карай) И.С.Хохлов, Г.И.Петровский, Н.Я.Наталевич,
Касумов Мир Башир Фатдах оглы, Ф.Е.Махарадзе, М.П.Папян,
(эинчи катарда) Бабаев Хивали, Ахунбаев Юлдаш, Шагадаев Мунавар, Умурзаков Нурбала,
Салихов Мурат жана Президиумдун катчысы А.Ф.Горкин.

## ...нности председателя ЦИК Киргизской ССР тов. М.

с решением Совета за... кет обратиться в народ... торий также в течение ...бязан рассмотреть жа... ...не суда — окончательно ...(ст. 20).

...й вопрос — организа... тельных участков. Обра... утверждение избиратель... ...в возложено в городах ...е советы, в районах — ...е советы депутатов тру... (ст. 26). Избирательные ...наются за 45 дней до ... (ст. 27). В каждом селе, ...е, кыштаке, где имеет... ...не менее 500 человек, ...2000, создается от... ...ирательный участок. В ...ость населенный пункт ...не менее 100 человек, ...до избирательного уча... ...от 10 километров, мо... ...дный отдельный избира... ...сток (ст. 28).

...«В отдаленных райо... ...блают мелкие поселе... ...стей организация из... ...участков с количеством ...50 человек избирателей...

...от списков избирателей. В... торые городские, сельские... ...новые советы подходили ...ено списков избирателей ...но, допускали неправильн... ...имен избирателей. Бы... ...выезда избирателей из о... ...в другое без получения ...ний на право голосовани... ...торых местах нарушалис... ...парадования списков изби... Атбашинском, Советском ...районах списки избирате... составлялись несколько р... ...списки обязательно нало... не допускать в выступле... ...бирательную кампанию.

Второй вопрос — образо... ...гов и избирательных уча... Согласно Конституции Кирг... ...и проекта Положения, у... ...рательные округа обра... каждые 5.000 жителей. ...вания округов надо не в... меньше делегировать ра... сельсоветов. Колебания ...увеличения или уменьшени... ...ства населения в избира... ...руге допускаются в искл... ...случаях в пределах 5—1... ...тов.

Избирательные участки ...лько с советов Положени... быть расположены не да... 10 километрах от населе... ...та. При образовании изб... участков по возможности ...миться сохранить те уча... ...рые были образованы при ...Верховный Совет СССР. ...при этом территориальн... каждого округа в каждом...



Кыргыз ССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагасынын милдетин аткаруучу Мурат Салихов Борбордук АткарууКомитетинин IV чакырылышынын VII сесиясында сүйлөп жаткан учуру.

КИРГИЗСКАЯ С.С.Р.

СПИСОК
ЛИЦ, ПОДЛЕЖАЩИХ СУДУ ВОЕННОЙ КОЛЛЕГИИ
ВЕРХОВНОГО СУДА СОЮЗА ССР

от 12 сентября 1938 года

*Сталин, Молотов, Жданов*

*АП РФ, оп.24, дело 419, лист 13*

КИРГИЗСКАЯ ССР

1-я категория

1. АБДРАИМОВ Абдукадыр
2. АБДРАХМАНОВ Абдрай
3. АБДРАХМАНОВ Касым
4. АБДУЛЛАЕВ Гариф
5. АЛИМОВ Азис Ахметжанович
6. АШИМОВ Давут
7. БУЛАТОВ Абдрахман
8. БУЛАТОВ Юсуп Исхакович
9. ДЖАМАНСАРИЕВ Асанбай
10. ДЖУМАЕВ Омар
11. ДОСТАЕВ Токтосун
12. ИЛЬМУРАДОВ Усман
13. ИМАНБАЕВ Мукаш
14. ИМАНАЛИЕВ Калы
15. ИСАКЕЕВ Баялы Дикамбаевич
16. ИСМАИЛОВ Сакмамбет
17. КЕНЕБАЕВ Керим
18. МУКАШЕВ Булат
19. НОГАЙБАЕВ Дюше
20. ОМУРКУЛОВ Д.
21. САГИМБАЕВ КАСЫМ

*АП РФ, оп.24, дело 419, лист 15*

22. САЛИХОВ МУРАТ
23. СУЛЕЙМАНОВ Чокуш
24. СУЛТАНБЕКОВ Ешбай
25. ТУРКЕЕВ Токтосун
26. ТЮЛЕГЕНОВ Баши
27. УСУПБЕКОВ Турдыбек
28. ЧАЛОВ Самак
29. ШАБДАМБЕКОВ Умаралы
30. ШАМУРЗИН Султанкул
31. ШАФИКОВ Шакир Галимович

НАЧАЛЬНИК 1-го СПЕЦИАЛЬНОГО ОТДЕЛА НКВД СССР
СТАРШИЙ МАЙОР ГОСУДАРСТВЕННОЙ БЕЗОПАСНОСТИ
(ШАПИРО)

*АП РФ, оп.24, дело 419, лист 16*

Саясий Бюронун мүчөлөрү бекиткен кыргызстандык репрессияга кабылгандар. (Архивдик материалдан).



М.Салиховдун кызы Атыргүл (ортодо) күйөөсү Жакан Шапиев (солдо) жана курсташы Төлөн Шайназаров менен.



М.Салиховдун кызы Атыргүл (солдо) Ч.Айтматовдун карындашы Люция Айтматова (ортодо) менен.



М.Салиховдун кызы Атыргүл үй-бүлөсү менен.




М.Салиховдун кызы Атыргүл неберелери жана чеберелери менен.




Салихов Абдрашит



Салихова Саламат



Салихова Инабат



Салихов Раимжан

М. Салиховдун агасы Д. Салиховдун уул-кыздары.



Мурат Салиховдун туугандары Баткен шаарында М.Салиховдун ж.б. эстелиги ачылгандан кийин.




“Ата-Бейит” мемориалдык комплексиндеги музейде Мурат Салиховго арналган стенд.




Самаркандек айылындагы М.Салиховдун эстелигизин тургузуунун демөөрчүлөрү. (1990-жыл).



Мектепке М.Салиховдун ысымын ыйгаруу салтанатынын катышуучулары. (1985-жыл, 15-апрель)




Мектептеги музейде.



Мурат Салиховдун досу Жапар Тагаев, Карим Салихов, уулу Кубат Тагаев менен. 1954-жыл, Москва.



Дастан Салиховдун өздүк документтери. Мектеп музейинин материалдарынан.



Мурат Салиховдун кызы Атыргүл атасынын Баткендеги эстелигинин жанында. 2005-жыл.



М.Салихов атындагы орто мектептин келечеги жөнүндө сүйлөшүү. 2005-жыл.
Солдон оңго: Капар Токтошев – мектеп директору, Каныбек Салихов – айыл өкмөтүнүн башчысы, Тургунбай Жумаев – китептин автору.

# Пайдаланылган адабияттардын тизмеси:


1. Кыргыз Совет Энциклопедиясы «V том Фрунзе, 1980-жыл».
2. «Президенты республики и ее премьер-министры» «Вечерний Фрунзе» гезити, 1989-жыл, 23-декабрь.
3. «Мурат Салиховдун гезиттик макалалары» «Кызыл Туу» гезити, 1991-жыл, 17-январь
4. Маткеримова Б. «Ардагер журналист А.Түркмөнов менен маектешуу» «Кыргыз Туусу» гезити, 2008-жыл, 27-апрель.
5. Жумаев Т,.Орозбаев М «Байыркы бабалар жеринде» Бишкек, 2004-жыл
6. Жумаев Т. «Эл адамы» (Даректуу баян) Ош, 2005-жыл.
7. Салихова А. «Буюккан жылдыз » (Даректуу баян) Алма-Ата, 2004-жыл
8. Кадыров А. "Баткен тарыхы" Ош, 2014-жыл.
9. Кадыров А. "Мурат Салиховго коюлган дооматтардын чын-төгүнү канчалык". "Баткен таңы" гезити, №46-47, декабрь, 2011-жыл.
10. Жумаев Т., Кадыров А., Калилов П. "Кут конгон жергем – Баткеним" Ош, 2014-жыл.
11. Жумаев Т. "Арбак ыраазы – эл ыраазы". "Майдан" гезити, №04, №05, №06, февраль, 2015-жыл.
12. Жумаев Т. "Мурат Салихов ким болгон?" "Баткен таңы" гезити №46-47, декабрь, 2008-жыл.
13. Байдилдеев Ж. "Кыргызстандагы саясий куугунтуктоолор (1937-1938)" Бишкек, 2013-жыл.
14. Молдокасымов К. "Улут лидери Жусуп" Бишкек, 2011-жыл.
15. Пахырдинов А. "Бир тууган Салиховдор Кыргыз мамлекетин түптөшкөн" "Кыргыз туусу" гезити , №95, декабрь, 2010-жыл.
16. Сталинские расстрельные списки. www.stalin.memo.ru
17. Архивдик материалдар

# М А З М У Н У

Тарых бүктөмүндөгү инсан ____ 4

## ЭЛ АДАМЫН ТАРЫХ АНЫКТАЙТ

Ата Мекен кайдан башталат? ____ 6
Тарыхый инсанды тарыхый доор жаратат ____ 11
Мурат Салихов ким болгон? ____ 18
Жесири ажардын жана балдарынын тагдыры ____ 53
“Тозоктуу күндөр эсте калбаса жакшы эле” ____ 57
Мурат Салиховдун келини Кожоева Бүүзайнаптин эскерүүсү ____ 68
Кыргыз парламентинин делегаттыгынан төрагалыгына чейин ____ 77
“Күнөөсүз күнөөлүүлөрдүн” курмандыгы
Кантип ишке ашырылган? ____ 86
Мурат Салиховдун гезиттик макалаларынан ____ 95
“Кыргыз жеринде кыргыз тили болсун!” ____ 101
“Бүгүн сени Ата Журтуң эскерип” ____ 110

## ӨНӨӨР ДАНЕК ЖЕР ТАНДАБАЙТ

Дастан сот ____ 114
Атам жана энем жөнүндө эскерүү ____ 126
“Ак эмгек элдин эсинен кетпейт” ____ 134

Автордун соңку сөзү ____ 140

## ТИРКЕМЕЛЕР

Мурат салиховдун өмүрүнүн, саясий, мамлекеттик жана
коомдук ишмердүүлүгүнүн урунттуу учурлары ____ 144
Кыргызстанды башкаргандардын тизмеси ____ 147
Репрессияланып атылып, чоң-ташта көмүлүп, аты-жөнү
аныкталган атуулдардын тизмеси ____ 153
Мурат Салиховдун “Эркин Тоо” гезитине 1924-1925-жылдарда
жарыяланган макалаларынын фото көчүрмөлөрү ____ 156
Сүрөттөр баяндайт ____ 160
Пайдаланылган адабияттардын тизмеси: ____ 174

**Жумаев Т.**

**Көркөм-публицистикалык басылма**

# МУРАТ САЛИХОВ

***Даректүү баяндар***

| | |
|---|---|
| Редактору: | Абдинаби Кадыров |
| Техникалык редактору: | Муктар Маматалиев |
| Корректору: | Жаннати Жумаева |
| Компьютерде терген: | Бермет Абдыразакова |
| Сүрөтчүсү: | Адылбек Батыров |
| Иреттеп жасалгалаган: | Өктөм Жакыпов |

Басууга 16.03.2015-жылы кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84 1\16.
Көлөмү 10,75 басма табак.
Нускасы 500. Буюртма № 617

«Ошбасмакана» АК
Ош шаары, Курманжан датка көчөсү-209